# ЧЫНДЫКТЫ ОЙЛОНДУҢУЗБУ?

**ХАРУН ЯХЬЯ-
АДНАН ОКТАР**

# МАЗМУНУ


Киришүү: жаңы бир дүйнө

Негизги суроолор

Куран жөнүндө ойлонуу

Курандагы дин жана ата-бабалардын дини

Чыныгы динчилдер жана жасалма динчилдер

Куранда сүрөттөлгөн ыймандуу адам

Өзүбүздү өзүбүз суракка алуу

Диндин насааттарын укпаган адам моделинин зыяндары

Динден алыс коомдон Курандын насааттарына өтүү

Дүйнө жана акырет жашоосу

Бейиш: ыймандуулардын чыныгы мекени

Ыймансыздарды күткөн тозок

Жаңы бир чен-өлчөм

Көз алдыбыздагы кереметтер
- Чиркей
- Бал аары
- Төө
- Куранда сөздөрдүн кайталанышы
- Куранда 19 саны

Дарвинизмдин кыйрашы

# ОКУРМАНГА

• Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби, бул теория ар түрдүү динге каршы философиялардын пайдубалын түзүүдө. Жаратылууну жана натыйжада Аллахтын бар экендигин четке каккан дарвинизм 150 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөндөрдүн пайда болушуна себеп болду. Ошондуктан, бул теориянын калп экендигин толук далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

• Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттарынын негизинде түшүндүрүлүп, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана Курандын негизинде жашоого үндөлөт. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси калбай тургандай так түшүндүрүлөт.

• Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй тил менен жазылган бул китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динди жокко чыгарууга болгон күчүн жумшаган адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленип, аларды четке кага албай келишүүдө.

• Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешип окушса да болот. Бул китептерден пайдаланууну каалагандардын чогуу маектешип, тажрыйба жана пикирлери менен бөлүшүшү да пайдалуу болот.

• Ошондой эле, бир гана Аллахтын ыраазылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышына жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

• Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде кездешчү жазуучунун жекече ойлорун, күмөндүү булактарга таянган сөздөрүн же ыйык нерселерге карата адепке туура келбеген, үмүтсүз, күмөн жаратуучу сөздөрдү жолуктурбайсыз.

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья деген атты колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлгөн. Башталгыч, орто мектепти жана лицейди Анкарада бүтүргөн. Андан соң Стамбулдагы Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университетинин Философия бөлүмүндө билим алган. 1980-жылдардан бери ыймандык, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектерди даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон тымызын байланыштарын ачып көрсөткөн абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 40000 сүрөттү камтыган жалпысынан 55000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 73 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Курани Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (сав)дын болсо акыркы пайгамбар экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (сав) сүннөтүн өзүнө жол башчы кылууда. Ушундайча атеисттик философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууну максат кылууда. Абдан акылман жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (сав) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – бул Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, жана ошол аркылуу адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана акыйкатты (Аллахты) тануучу системалардын негизсиз фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилдерге которулган бул эмгектер Түркиянын сыртында да көптөгөн китеп окурмандары тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул

эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл менен жазылган, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын көрүшүүдө. Бул эмгектер ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана илимий далилдерге таянуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык-өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Учурда бардык атеисттик, материалисттик агымдар Харун Яхьянын эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилди.

Эч күмөнсүз, мындай өзгөчөлүктөр Курандын терең мазмундуулугунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетин көздөйт. Мындан тышкары, бул эмгектерди жарыкка чыгарып, жайылтуунун максаты акча табуу эмес.

Бул чындыктарды эске алуу менен, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашына шарт түзгөн, алардын туура жолду табышына көмөкчү болгон бул эмгектерди окууга үндөө абдан маанилүү бир кызмат болмокчу.

Бул баалуу эмгектерди тааныттуунун ордуна, адамдардын башын айланткан, кайчылаш пикирлерди, күмөндөрдү пайда кылган, ыйманды куткарууда күчтүү жана так натыйжа бербеген көнүмүш, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакытты текке кетирет. Адамдардын ыйманын куткарууну эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүүнү көздөгөн эмгектердин жакшы натыйжага жетиши кыйын. Бул боюнча күмөн санагандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектериндеги негизги максаттын атеизм менен күрөшүү жана Куран адеп-ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасиринен, ийгиликтеринен жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулумдук жана баш аламандыктарга, мусулмандар тартып жаткан азаптарга материалисттик көз-караштардын дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн себеп болуп жатканын билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн материализмди илимий жол менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын көрсөтүү жана Куран адеп-ахлагын адамдарга жеткирүү зарыл. Бүгүнкүдөй зулумдуктар, согуштар күчөгөн заманда бул кызмат колдон келишинче ылдам болушу абзел. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхьянын эмгектери, Аллахтын буйругу менен, 21-кылымда дүйнөдөгү бүт адамдардын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик менен тынчтыкка, чынчылдык менен адилеттүүлүккө, сулуулук менен бактылуулукка жетишине бир себепчи болмокчу.

# ЧЫНДЫКТЫ ОЙЛОНДУҢУЗБУ?

**«Сабак алып ойлоно алган бир коом»**
**жана «таза акыл ээлери» үчүн**

## ЖАҢЫ БИР ДҮЙНӨ

**Бул Раббиңдин туптуура жолу. Насаат алып, ой жүгүрткөндү билген бир коом үчүн аяттарды ушинтип бир-бирден түшүндүрдүк. (Энъам Сүрөсү, 126)**

**Алар сөздү угуп, эң мыктысын жасашат. Мына ошолор Аллах туура жолго салган (хидаят берген) кишилер жана акылы таза адамдар. (Зүмер Сүрөсү, 18)**

Бул китепти окуган адам өмүрүндөгү эң негизги нерсени кайрадан карап чыгышы зарыл. Бирок аны кайрадан карап жатканда, ушул кезге чейин абсолюттук чындыктай көрүп келген эрежелерди, кээ бир түшүнүктөрдү бир четке ташташы керек болот. Себеби бир адам, кандай гана болбосун, бир нерсени туура эмес ишеним менен караса, андан туура бүтүм чыгара албайт. Жаман көргүсү келген нерсени жаман көрөт. Жаман деп алдын ала чечип койгон нерсени жаман катары кабылдайт.

Мындай алдын ала бүтүмдөргө көбүнчө адамдын өзүнүн себепкер болоору да чындык. Адам төрөлгөндөн баштап, ага айланасындагы адамдар тарабынан сансыз ишеним, эрежелер таңууланып баштайт. Үй-бүлөсү, жакын чөйрөсү, достору анын баалуулуктарын аныктайт. Өзгөчө учурдагы коомдордо адамдарга белгилүү түшүнүктөрдү таңуулоодо массалык маалымат каражаттарынын зор таасири бар. Гезит жана телеканалдар окурман-көрармандарга көп жакшы нерсени жамандай, жаман нерселерди болсо жакшыдай көрсөтүп жатышат.

Айлана-чөйрөсүнүн таңуулаган түшүнүктөрүн толугу менен кабыл алган адам болсо өзүнүн жеке мүнөзүнүн көп тарабынан ажырайт. Өзүнүн акылын эмес, айланадагылардын пикирлерин угат. Ошентип адам ага туура деп көрсөтүлгөн баалуулуктарды гана туура деп кабыл алат. Ар бир доордо ар бир коом ар кандай «туураларга» ишенип келген, демек айланадагыларды ойлонбостон ээрчий берүү эч качан туура болбойт. Кээ бир коомдордо «киши жегичтик» кадыресе көрүнүш катары кабыл алынат, же фашисттик бир коомдо (фашисттик Германия сыяктуу) жарым-жинди бир лидердин бүт буйруктарын аткаруу туура деп кабыл алынат. Дагы көп мисалдарды берүүгө болот, бирок кыскасы, биздин айтайын дегенибиз, акылман адам коомдун туура эмес түшүнүктөрүнөн көз-карандысыз ойлоно алышы керек.

Коом сансыз түшүнүктөрдү ойлоп чыгарган темалардын башында дин турат.

Өзгөчө кээ бир маалымат каражаттарынын пропагандасынын натыйжасында кээ бир адамдар динди аябай оор нерседей кабыл алып калышкан. Эч чындыкка жатпаган пропагандалардын натыйжасында дин көп адамдар анча маани бербеген, ал жөнүндө көп ойлонбогон жана мүмкүн болушунча алыс болууга аракет кылган бир түшүнүк болуп калган. Мындай ойдогу адамдарды көбүнчө жакшылап ойлонуп ошондой бүтүмгө келген деп айтууга болбойт. Ал адамдардан бирөө сураса «мен динчилмин» деп айтышы да мүмкүн, бирок чындыгында дин алар үчүн өмүрүндө эң аз маани берген нерсе болуп саналат.

Негизи ал адам өмүрүндө бир жолу болсо да отуруп, жакшылап дин жана өзүнүн дин жөнүндөгү ой-пикир, мамилелери жөнүндө ойлонгон эмес болушу керек. Диндин насааттары эмне үчүн бар деген сыяктуу бир суроого жооп издеген эмес. Анын туура эмес түшүнүгү боюнча, дин көбүнчө улгайган адамдарды кызыктырат, кээ бир туура адеп-ахлактык баалуулуктарга үндөйт, бирок ошону менен бирге көптөгөн «жаныңды сыга турган» тыюу жана чектөөлөрдү алып келет. Диндеги буйруктардын кээ бирлерин туура деп ойлосо, кээ бирлерин эски жана «илгерки» деп ойлойт (Аллахты жана Исламды аруулайбыз.) Бирок, ошентсе да динди толугу менен четке какпайт. Бирок, жогоруда айтылгандай, диндин насаатарынан мүмкүн болушунча өзүн алыс кармайт. Динчил деп ойлогон кишилер менен эч жолугушуп, сүйлөшпөйт, ал тургай, бир жерде болууну да каалабайт. Анын түшүнүгү боюнча, алар коркунучтуу, караңгы адамдар. Чындыгында болсо, ал адам өтө жаңылган болот. Ислам дини сулуулукту, сапатты, асылдыкты, сылыктыкты, сүйүүнү, ак пейилдикти, мээримди, ойлонууну, изденүүнү, акылдуу болууну талап кылган, чын ниеттен ушундай мүнөздү кармангандарды руханий жактан өтө жогорулата турган бир дин.

Дин жөнүндөгү мындай туура эмес көз-караш, биз айтып кеткендей, кээ бир топтордун түшүнүктөрүн түздөн-түз кабыл алуудан, кыскасы өз алдынча ойлонбоодон келип чыгат. Исламдын негизги булагы болгон Курандын аяттарында ойлонууга өзгөчө көңүл бурулган:

**Айткын: «Эгер билсеңер (айткыла:) Жер жүзү жана андагы нерселер кимдики?» «Аллахтыкы» деп айтышат. Айткын: «Дагы эле насаат (сабак) алып, ойлонбойсуңарбы?» (Мүминун Сүрөсү, 84-85)**

**Ант болсун, Биз Куранды зикир (сабак алып, ойлонуу) үчүн жеңил кылдык. Бирок насаат алып, ойлонгон барбы? (Камер Сүрөсү, 13-17)**

**... Мына Раббиңер Аллах ушул, демек Ага ибадат кылгыла. Дагы эле насаат алып ойлонбойсуңарбы? (Йунус Сүрөсү, 3)**

**Жаратуучу эч жаратпаган сыяктуубу? Эми насаат алып, ойлонбойсуңарбы? (Нахл Сүрөсү, 17)**

Дин жөнүндө башка адамдардын түшүнүктөрүнөн көз-карандысыз, өз алдынча ойлонбогон адам эки чоң ката кетирет. Биринчиси, динден алыс болууга аракет кылган адам диндин бар болуу себебин, б.а. Аллахты ойлонбойт, тааныбайт, т.а. Улуу Аллахтын чексиз кудуретин түшүнө албайт. Экинчиси болсо, дин адамды оор жана кысымчыл, фанаттык бир чөйрөгө түртөт жана адамга табиятына тескери талаптарды жүктөйт деп ойлойт. Диндин атынан сүйлөгөн кээ бир адамдардын дин деп ушул сыяктуу көрүнүштү сүрөттөшү дагы адамдарда «дин менен жашасам каалаганымды кыла албай калам» деген кооптонууга себеп болууда. Чындыгында болсо, чындык ал адам ойлогондон такыр башка. Ислам дини адамды ар кандай кысымчылыктан, коркуудан, тынчсыздануудан, сар-санаадан куткарат. Адамдын дайыма көңүлдүү, бир калыптуу, бактылуу жана бейпил бир маанайда болушуна шарт түзөт. Чын көңүлдөн Куран менен сүннөткө ылайык жашаган бир адам, жогорудагыдай туура эмес түшүнүктөгү бир адам эч качан жете албай турган жана балким кыялдана да албай турган, бир сулуулуктун жана берекенин ичинде жашайт.

Адам биринчи катадан кутулганда, б.а. аны жараткан жана ага эң жакын Зат болгон Аллахты тааныганда, «динден алыс болуу керек» деген туура эмес ишенимден да кутулат. Биринчи катанын жоюлушунан келип чыккан акылмандык жана ийкемдүүлүк экинчи катанын да жоюлушуна шарт түзөт. Динди жамынган башка көрүнүштөр менен чыныгы диндин ортосундагы чоң айырманы көрөт.

Жыйынтыктасак, дин жөнүндө сансыз туура эмес түшүнүктөр бар. Бирок дин жөнүндө ойлонгондо адам башка адамдардын дин жөнүндө эмне дегенин эмес, өзүнүн жүрөгүн угушу зарыл. «Адамдардын көпчүлүгүн» ээрчүүнүн адамды туура жолго алып барбашы Куранда апачык айтылган:

**Жер бетиндегилердин көпчүлүгүн ээрчисең, сени Аллахтын жолунан адаштырып-азгырышат. Алар күмөндөрүнө гана таянышат жана алар жалаң гана «күмөн жана божомол менен» жалган сүйлөшөт. (Энъам Сүрөсү, 116)**

«Коом» же б.а. «көпчүлүк (толпа) психологиясынан» кутулуп, өзүнүн акылы жана жүрөгү менен ойлонуп баштаган адам Курандын аяттарында айтылган чындыкты өз көзү менен көрөт. Эми ал «көпчүлүк адамдардан» айырмаланып жаңы бир дүйнөгө кадам таштайт. Бул кадамы аны эски дүйнөнүн бүт караңгылыгынан, азаптарынан жана кысымдарынан алыстатып, дин аркылуу берилчү чексиз сулуулукка, терең акылмандуулукка алып барат... Бул жерде бир нерсени эске сала кетүү керек: дин деп биз Раббибиз жөнөткөн акыркы акыйкат дин болгон Исламды айтып жатабыз. Себеби Куранда билдирилгендей, **«... Аллах Кабатындагы дин, күмөнсүз, Ислам...»** (Али Имран Сүрөсү, 19)

# НЕГИЗГИ СУРООЛОР...

**Же алар эч нерсесиз жаратылдыбы? Же жаратуучу өздөрүбү? Же асмандар менен жерди алар жараттыбы? Жок, алар так бир илим менен ишенип жатышкан жок. Же Раббиңдин казыналары алардын жанындабы? Же улуу күч-кудурет (бүт нерсенин көзөмөлү жана башкаруусу) алардын колундабы? (Тур Сүрөсү, 35-37)**

Мурдакы бөлүмдө айтып өткөндөй, динге туура эмес түшүнүк менен караган бир адамдын биринчи катасы – бул Аллахтын бар экенин ойлонбостон динге баа берүү. Адам Исламды таразалай турган болсо, алгач Аллахтын чексиз кудуретин түшүнүүгө аракет кылышы зарыл. Эгер Аллахка ишенбесе, Куранды да, Мусулмандарды да өзүнүн туура эмес, негизсиз маалыматтарга таянган дүйнө көз-карашы менен таразалайт. Жана андай көз-караш менен акыйкатка жете албайт.

Тарыхта дин багытында изилдөөлөрдү жүргүзгөн кээ бир социологдор диндин кантип пайда болгону же коомдогу таасири жөнүндө миңдеген том китептерди жазышкан. Бирок ошончо изилдөөлөргө карабастан, ал кишилер чындап дин менен жашаган бир адамдын дин жөнүндө түшүнгөнүнүн миңден бирин да түшүнө албастан, диндин акыйкатына, маңызына жете алышкан эмес. Себеби ал кишилер диндин негизи болгон Аллахтын жалгыздыгын жана бүт нерсени ороп-курчап тураарын түшүнө алышкан эмес. Куранда мындай кишилер **«... Алар илимин түшүнбөгөн жана али чечмелөөсү келе элек нерсени төгүндөштү...»** (Йунус Сүрөсү, 39) деп сүрөттөлгөн.

Исламдын эмне экенин адам Аллахтын бар экенин түшүнгөндө жана Куранда сүрөттөлгөн жашоо менен жашаганда оңой гана түшүнө алат.

Аллахтын бар экендиги жана Андан башка кудайдын жок экендиги негизи апачык көрүнүп турат. Бирок ойлонуудан эринген «жахил (караңгы) коом» (Куранда Исламдан тышкаркы социалдык түзүлүштөр ушундай сыпатталган) бул чындыкты түшүнө албай турганчалык сокурлашып калган. «Жахил (караңгы, сабатсыз адам)» деп аталышынын себеби да мына ушунда.

Мусулмандарга болсо Курандын көптөгөн аяттары аркылуу Аллахтын бар экенин ойлонуу жана жаратуу далилдерине байкоо жүргүзүү милдети жүктөлгөн. Бул аяттардын бирөө мындай:

**Айткын: «Ойлонуп көрдүңөрбү; эгер Аллах силердин угуу жана көрүү сезимиңерди алып койсо жана жүрөгүңөрдү мөөрлөсө, аларды силерге кайра кайтарып бере турган Аллахтан башка кайсы кудай бар?» Карагын, Биз аяттарды кандай «түрдүү жолдор менен түшүндүрүүдөбүз», алар болсо (кайра эле) артына бурулуп-бут тосушууда? (Энъам Сүрөсү, 46)**

Кичинекей бир мисал адамдын оюн ачканга жана, караңгы коомдун бир адамы

болгондуктан, андагы караңгылыкты жойгонго көмөкчү болушу мүмкүн.

Ушул күнгө чейинки эсиңиздеги бүт нерсе –денеңиз жөнүндөгү маалымат да кошо-өчүп калды деп элестетели. Ушундай абалда дүйнөгө окшогон бир жерге барып калсаңыз, бул көрүнүшкө абдан таң калмаксыз. Элестетип көрөлү: эсиңизде эч нерсе жок абалыңызда кокусунан жер бетинин бир жеринде болуп калдыңыз.

Эң алгач өз денеңизди байкайт болушуңуз керек. Анын «мен» деген нерсеңизден башка бир нерсе экенин сезгендиктен, ага каалаганыңызды кылдыруу сизге өтө кызык сезилсе керек эле. Балким бир саамга колуңузду түшүрүп көтөрүп, эмне ишке жараарын түшүнүүгө аракет кылмаксыз.

Айланаңызда сиз каяктан пайда болгонун билбеген денеңизге өтө ыңгайлуу бир айлана-чөйрөнү көрмөксүз. Үстүнөн баса ала турган бекем бир жер, тунук бир көрүнүш, бири-биринен сонун жыттар, ар түрдүү жаныбарлар, денеге ыңгайлуу бир жылуулук, кыйналбастан дем алууга боло турган бир атмосфера жана дагы миңдеген кылдат тең салмактуулуктар... Денеңизге керектүү тамак-аштар, суусаганда иче турган таптаза суу жана дагы көптөгөн нерселер...

Ушундай шартта эч нерсени ойлонбостон күн кечирип баштайт белеңиз же өзүңүзгө кээ бир суроолорду узатат белеңиз? Алгач ким экениңизди, эмне үчүн ал жерде болуп калганыңызды, көз алдыңыздагы тартиптүү айлана-чөйрөнүн пайда болуу себебин изилдебейт белеңиз? Оюңузга эң алгач төмөнкүдөй суроолор келбейт беле?

- Мен киммин?
- Мени ким жаратты, бул кемчиликсиз денемди ким жаратты?
- Айланамдагы бул нерселердин баарын ким жараткан?
- Менден эмне каалайт, мага эмнени көрсөтүп жатат?

Бир аз акылы бар адам мындай шартта ушул сыяктуу суроолорго жооп табуудан маанилүүрөөк эч нерсе жок деп ойломок. Бүт мындай суроолорго кол силкип, күндүздөрүн максатсыз айлананы кыдырып, түндөрүн болсо уктап өткөрүү жолун тандаган бир адамга болсо «акылсыз» деген сыпат гана жарашмак.

Ал жерде бир заматта пайда болгон денени жана ал дене турган айлана-чөйрөнү сөзсүз улуу акылман, бир кудурет жараткан. Адамдын мындан кийинки сүрө турган ар бир секундалык өмүрү дагы Анын каалоосу менен гана болушу мүмкүн. Демек адамдын өмүрүндө чексиз кудуреттүү бул Затты таанууга аракет кылуудан да маанилүүрөөк эмне болушу мүмкүн?

Мисалды андан ары улайлы. Талаада жүрүп отуруп бир шаарга бардыңыз дейли. Шаарда көпчүлүгү өтө корс, ач көз жана кара ниет түр түр адамдар бар болсун. Жана эмнегедир ал жердин жана өздөрүнүн ээси ким экенин эч ойлонушпайт дейли. Баары өзүнө бир жумуш, бир максат же бир идеология таап алышканын, бирок шаарга жакшы бир тартип орното албай жатканын элестетиңиз.

Ушундай чөйрөдө адеп-ахлагы жагынан шаардагы башка адамдарга окшобогон, акылдуу, адептүү, бир калыптуу сүйлөгөн, башкалардан өзгөчө экени ошол замат байкалып, ишенимдүү, чынчыл экени сезилип турган бирөөлөргө жолуктуңуз дейли.

Алар менен маектешип отурганда, бир кезде маек учурунда сизге төмөнкүдөй бир маалымат беришсин:

«Биз башкалардан башкача ойлонгон жана жашаган адамдарбыз. Себеби биз бул жердин, биздин жана сен да кошо бүт башка адамдардын бир Кожоюну бар экенин, Анын күчүнүн чексиз экенин жана бул жерди адамдарды сыноо жана тарбиялоо үчүн убактылуу бир мекен кылып жаратканын билебиз. Андан бизге келген бир китеп бар, ал китепте жазылгандарга карап жашайбыз.»

Ал жерде балким ал адамдардын чындыкты айтып жатканына толук ишене алмак эмессиз. Бирок аларды угуудан, алар айтып жаткан китеп жөнүндө маалымат алуудан маанилүүрөөк эч нерсе жок экенин оңой эле түшүнмөксүз, туурабы?... Андай болсо, сиздин ушул мисалдагыдай жоопкерчиликтүү болушуңузга эмне тоскоол болуп жатат? Бул мисалдагы киши сыяктуу бул дүйнөгө бир заматта эмес, көпкө созулган бир чоңойуу процессинен соң келишиңизби? Андай болсо жогоруда айтылган шаардагы көпчүлүк адамдарга окшошуп калгансыз. Сиз азыркы ушундай акыбалыңыз менен сизди бир гана «бүгүн кечинде эмне жейм, эртең кайсы кийимимди кийсем?» же болбосо «бул мен жөнүндө эмне деп ойлойт, тигиге эмне дейм?» деген сыяктуу суроолорго жооп табууга түрткөн жана бул суроолордон алда канча маанилүү нерселерден сизди алыстаткан «жахил (караңгы)» коомдордун бар экенин билесизби?

Мындай коомдун ичинде болуудан жана алардын түшүнүктөрүнө баш ийүүдөн келип чыккан караңгылыкты элестетип көрүңүз...

Өзүңүздөн мындай деп сурап көрүңүз (бул суроо андай коомдо же унутулган же болбосо жетишсиз «жооптор» менен бир тарапка түртүп коюлган): мен кантип пайда болдум?

Бул суроого жооп берүү үчүн алгач бүт туура эмес түшүнүктөрүңүздөн бери чыгып, жашоонун башталышын, б.а. төрөлүү кубулушун кыскача карап өткөнүбүз туура болот.

## Төрөлүүнүн кыскача баяны

Жаңы бир адамдын жаралышына себепчи боло турган спермалар эркектин денесинин сырткы бөлүгүндөгү бир аймакта жасалат. Себеби ал дене температурасынын 2 даражадай төмөнүндө гана өндүрүлө алат. Бул температураны туруктуу кармоодо урук безинин үстүнө жайгаштырылган атайын тери да кызмат кылат. Анын функциясы суукта жыйрылып, ысыкта болсо тердөө аркылуу керектүү температураны туруктуу кармоо болуп саналат. Урук бездеринде мүнөтүнө орточо 1000 даанадан өндүрүлгөн спермалар эркектин урук бездеринен аялдын энелик клеткаларын көздөй бара турган сапарга атайын ыңгайлаштырылып даярдалып, баш, моюн жана куйруктан турат. Жатындын ичинде куйругу менен бир балык сыяктуу жол жүрөт.

Наристенин генетикалык кодунун бир бөлүгүн камтыган баш жагы атайын бир коргоочу соот менен оролгон. Бул сооттун пайдасын эне жатынынын кире беришинен байкоого болот: ал жер, жатын микробдордон корголушу үчүн, өтө кислоталуу.

Эркектен жатынга бир гана миллиондогон сперма ташталбайт. Сперма көптөгөн суюктуктардын аралашмасынан турат. Ал суюктуктарда спермаларга керектүү энергияны камсыз кылуучу кант да бар. Мындан тышкары, база өзгөчөлүгү менен жатындын кире беришиндеги кислоталарды нейтралдаштыруу жана сперма кыймылдай турган жылмакайлыкты камсыздоо сыяктуу кызматтарды да аткарат. Спермалар энелик клеткага жеткенге чейин эненин денесинде татаал сапар тартышат. Өздөрүн канчалык коргошпосун, 200-300 миллион спермадан энелик клеткага миңден көп ашпаган сандагы сперма гана жете алат.

Бул маалыматтарга таянып, акылыбызга келген биринчи суроонун жообун ойлонолу: сперма эненин денесин тааныбай туруп, кантип «өзүн өзү» ал чөйрөгө ыңгайлаштырган?

Сперма «өзүн өзү» кандайдыр бир чөйрөгө ыңгайлаштыра албайт, демек бул суроонун бир гана жообу бар: ал ошол чөйрөгө ыңгайлуу кылып жаратылган.

Төрөлүүнүн кыскача баянын уланталы:

Энелик клетканын көлөмү бир даана туздун жарымындай. Энелик клетка менен сперма жатын трубкасында жолугушат. Энелик клетка сперма аны таба алышы үчүн өзгөчө бир суюктукту бөлүп чыгарат. Спермалар болсо ошол суюктукту ээрчип отуруп максатына жетет.

Энелик клетканы уруктандыра турган сперма энелик клеткага жакындаганда, энелик клетка чыгарган бир суюктук сперманын коргоочу соотун ээритет. Жана сперманын учундагы ээритүүчү фермент баштыкчалары сыртка чыгат. Сперма энелик клеткага жеткенде, ал ферменттер энелик клетканын кабыгын тешип, сперманын анын ичине киришине шарт түзөт. Ошентип энелик клетканын айланасын курчаган спермалар анын ичине кирүү үчүн чоң жарышты башташат. Энелик клетканы көбүнчө бир сперма уруктандырат жана андан соң башка сперма анын ичине кире албай калат. Себеби, энелик клетканын айланасындагы электрдик талаа биринчи сперма кирген соң түртүүчү касиетке айланат.

Аягында спермадагы эркектин ДНКсы менен аялдын ДНКсы кошулат. Эми эненин курсагында жат жаңы бир клетка (зигота), жаңы бир адам пайда болгон болот.

Энелик клетка жөнүндөгү бул маалыматтарды ойлонгондо, оюбузга ошол замат мындай суроо келет: энелик клетка сперма менен жолугаарын «билген» сыяктуу кыймыл-аракет кылууда; бул кандайча болушу мүмкүн? Бул суроонун да бир гана жообу бар: энелик клетка спермага ыңгайлаштырылган, демек экөөсүн тең бир-бирине ылайыктуу кылганына караганда, экөөсүн тең башкарган бир Жаратуучу тарабынан жаратылган...

Төрөлүү керемети муну менен эле бүтпөйт, мындан соң адамдын өрчүү баскычтары башталат:

Энелик клетка жатынга анын ички бетиндеги одур-бодурлардын жардамы аркылуу жайгашат. Бул одур-бодурлар энелик клетканын чыныгы бутактарын түзүп, топуракка кирген тамырлар сыяктуу, органга терең сүңгүйт. Ошентип зигота анын өрчүшү үчүн

эненин денесинде бөлүп чыгарылган гормондордон пайдалана алат. Жатынга толук жабышкан зигота өрчүп баштайт. Энелик клетка жатынга жайгашып, азыктанып баштаган болот.

Андан соң 2-4-8-16 болуп эселенип көбөйгөн клеткалар бир-бирден наристенин органдарын түзүп башташат. Клеткалардын көбөйүшү бөлүнүү аркылуу жүрөт жана жаңы пайда болгон клеткалар мурдакыларга опокшош болот. Бирок, кантип жана эмне себептен экени белгисиз, бир кезде клеткалар кемчиликсиз уюшкандык менен, бири-биринен өзгөчөлөнүп, органдарды пайда кыла башташат. Башында желатинге окшогон түйүлдүктө чоң өзгөрүү болуп, жумшак түзүлүштүн ичинде денени тик абалда кармай турган катуу сөөктөр пайда боло баштайт. Болгондо да, ар бир сөөк өз ордунда!

Башкача айтканда, башында бирдей болгон клеткалар өзгөчөлөнүп, кээ бири жарыкка сезимтал көз клеткаларын, кээ бирлери ысыкты, суукту же ооруну сезе турган нерв клеткаларын же үн толкундарын сезе турган кулак клеткаларын түзүшөт.

Аягында наристе эненин курсагындагы өрчүү процессин аяктап, бул дүйнөгө келет. Төрөлгөн кездеги көлөмү эненин курсагындагы алгачкы абалынан 100 миллион эсе чоң, салмагы болсо 6 миллиард эсе оор болот.

Эң негизгиси, бул жердеги «кыскача баян» башка кандайдыр бир жандыктын эмес, биздин өмүрүбүздүн башталышынын баяны. Демек бир адам үчүн ушунчалык татаал, кереметтүү бир кубулуштун кимдин эмгеги экенин табуудан да маанилүүрөөк эмне болушу мүмкүн?

Бул суроонун жообун кийинчерээк берели жана азыр төрөлүүнүн кыскача баянын карап чыккан соң, жооп берүү керек болгон башка бир суроого кайрылалы:

Клеткалар көбөйүп жатканда, кандайча болуп топторго бөлүнүп, дененин ар кайсы органдарын түзүп башташат?

Бул жерде төмөнкү чындыкты көрөбүз: баланын төрөлүшү менен байланыштуу суроолордун Жаратуучунун бар экенин кабыл алуудан башка жообу жок. Бүт бул комплекстүү процесстерди «өзүнөн өзү» болот деп ойлоо эч акылга сыйбайт. Аң-сезимсиз клеткалар кантип «чечим чыгарып», адамдын органдарын пайда кыла алсын? Мындагы кереметтерди көргөн атеист илимпоздор да мунун өзүнөн өзү болбой тургандыгын моюнга алышууда, бирок Жаратуучуну кабыл албоо үчүн буга эч кандай мааниси жок бир атты ыйгарып, «табият керемети» деп аташууда. Бирок табияттан мынчалык кемчиликсиз бир системаны иштеп чыга турган бир аң-сезимди издөөдөн эч майнап чыкпайт. Табият өзү да жансыз жана аң-сезимсиз атомдордун жыйындысы, жана кандайдыр бир чечим чыгарып, аны ишке ашыра турган күчү жок.

Бул кубулушту ата-эне башкарат деп ойлоо да, албетте, туура эмес болот. Ал тургай, алар өздөрүнүн денелеринде кандай процесстер жүрүп жатканын да билишпейт. Ошого карабастан, ата-эне төрөлгөн адамдын өмүрүнүн себепчиси катары кабыл алынат. Ошондуктан адамдарда ата-энеге карата карыздарлык сезими болот жана аларды сүйүп, урматтайбыз.

Демек, адам ой жүгүртүшү керек: анын төрөлүшүнүн, жана негизи бүт жашоо

функцияларынын, чыныгы Жаратуучусу Аллах мындай карыздарлык, сүйүү жана сый-урмат сезиминин алда канча көбүнө ылайык эмеспи? Жараткан Аллахтын бар экендиги анык, Ансыз эч нерсе пайда болбойт.

Куранда адамдын жаратылуу керемети төмөнкүчө баяндалган:

**Ант болсун, Биз адамды сүзүп (тандалып) алынган бир ылайдан жараттык. Кийин аны бир суу тамчысы абалында бекем корголгон бир жерге жайгаштырдык. Кийин ал суу тамчысын бир алак (эмбрион) кылып жараттык; анан ал алакты бир тиштем эт кылып жараттык; андан соң ал бир тиштем этти сөөк кылып жараттык; ошентип сөөктөргө эт кийгиздик; андан соң башка бир келбетте аны жасадык. Жаратуучулардын эң сонуну болгон Аллах кандай Улук. (Мүминун Сүрөсү, 12-14)**

Курандын башка аяттарында жаратылуу керемети төмөнкүчө айтылат:

**Адам «өз башымча жана жоопкерчиликсизмин» деп ойлойбу? Өзү куюлган маниден (спермадан) бир тамчы суу эмес беле? Анан бир алак (эмбрион) болду, анан (Аллах аны) жаратты жана бир «көрктүү келбет берди.» Ошентип андан эркек жана аял кылып жуп жасады. (Демек Аллах) Өлүктөрдү тирилтүүгө кудуреттүү эмеспи? (Кыямат Сүрөсү, 36-40)**

**... Анын маалыматы болбостон, эч бир аялдын боюнда болбойт жана төрөбөйт дагы. Өмүр сүргөнгө өмүр берилиши жана анын өмүрүнөн кыскартылышы да сөзсүз бир китепте (жазылуу). Чындыгында бул Аллах үчүн оңой. (Фатыр Сүрөсү, 11)**

Демек, бүт адамдардын, жогорудагы мисалда айтылгандай, «бир заматта пайда болуп», аны жана айлана-чөйрөсүн кимдин жаратканына кызыккан адамдан эч кандай айырмасы жок.

Ошондуктан эң негизгиси, эгер айланасында, мисалдагы адам менен шаарда таанышып, аны жана айланасындагы бүт нерселерди жараткан Жаратуучубузду сүрөттөп бере алышаарын, колдорунда Андан келген бир китеп бар экендигин айткан кишилер сыяктуу, бирөөлөр бар болсо, аларды угушу зарыл. Же болбосо, булардын баарын көрмөксөн болуп, «бүгүн кечинде эмне кийем, баланчага эмне деп айтам» деген сыяктуу күн сайын кайталанган жана өлүм келген күнү бүт маанисин жогото турган суроолор менен өмүрүн өткөрүү жолун тандашы мүмкүн.

Эми сиз ойлонуп көрүңүз: бул эки жолдун кайсынысы акылмандуулукка, логикага жана абийирдүүлүккө жакшыраак туура келет?...

Адамды Аллах жараткан; бул акыйкатты эч ким тана албайт. Адамдын пайда болушун эч ким башка бир жол менен түшүндүрө албайт. Адам Жаратуучу тарабынан жаратылган, демек, жогорудагы аятта айтылгандай, «өз башынча жана

жоопкерчиликсиз» боло албайт. Албетте, белгилүү бир максат менен жаратылган. Анда ал максатты кимден сурай алат?

Бул суроонун бир гана жообу бар: Аллах жиберген Китептен...

# КУРАН ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОНУУ

**Биз сенден мурда бир гана эркектерден вахий кылып (пайгамбарлар) жибердик. Эгер билбесеңер, зикир (китеп, насаат) ээлеринен сурагыла. (Аларды) Апачык далилдер жана китептер менен (жөнөттүк). Сага да зикирди (Куранды) түшүрдүк, адамдарга алар үчүн түшүрүлгөндү түшүндүрсүн жана алар да жакшылап (терең-терең) ойлонушсун деп. (Нахл Сүрөсү, 43-44)**

Куран жөнүндө эмне билесиз? Бул суроого көп адамдар мындай деп жооп берет болушу керек: «Куран динибиздин ыйык китеби». Бул жооп туура, бирок бул адамдардын бир бөлүгү суроонун чыныгы жообу, т.а. Курандын мазмуну жөнүндө көп нерсе биле беришпейт. Куран жөнүндө кээ бир коомдордо эл арасында туура эмес салттар жана туура эмес ишенимдер да бар. Куран көбүнчө кооздолгон бир каптын ичине салынып, үйлөрдүн дубалдарына асылып коюлат. Белгилүү бир жаштан өткөн адамдар окуйт деп кабыл алынат. Эч окубаганы үчүн, Курандын аяттарынын мазмуну жөнүндө эч нерсе билишпейт.

Кээ бир коомдордо Курандын ичинде эмне жазылганын билген, Куран жөнүндө ойлонгон адамдардын саны өтө аз.

Куран негизи кандай максатта жиберилген? Мунун жообун да кайра эле Курандын аяттарынан ала алабыз. Аяттарда мындай деп айтылат:

**Мына ушул (Куран) эскертилип коркутулушсун, чындыгында Анын жалгыз бир Кудай экенин билишсин жана таза акыл ээлери жакшылап сабак алып ойлонушсун деп (түшүрүлгөн) бир эскертүү. (Ибрахим Сүрөсү, 52)**

**Ант болсун, Биз Куранды зикр (насаат алып, ойлонуу) үчүн жеңилдештирдик. Бирок насаат алып, ойлонгон барбы? (Камер Сүрөсү, 32)**

**Ант болсун, алардын кыссаларында (окуя баяндарында) таза акыл ээлери үчүн сабактар бар. (Бул Куран) ойдон чыгарыла турган бир сөз эмес, өзүнөн мурдакылардын тастыктоочусу, бүт нерсенин «ар кандай абалда түшүндүрмөсү» жана ыйман келтире турган бир коом үчүн бир хидаят (туура жол) жана мээрим. (Йусуф Сүрөсү, 111)**

**Бул – өзүндө эч кандай күмөн болбогон, (Аллахтан) тартынгандарга жол көрсөтүүчү бир китеп. (Бакара Сүрөсү, 2)**

Жогорудагы аяттарда жана дагы ушул сыяктуу көптөгөн аяттарда Курандын «адамдарды ойлонууга үндөө, аларга Жараткан Аллахты таанытуу, аларга жол көрсөтүү»

максаты менен жиберилгендиги айтылган. Куран – акылы жана абийири таза ар бир адамга кайрылган, аларды туура жолго үндөгөн бир китеп.

Демек, эң биринчиден, Куран жөнүндөгү туура эмес көз-карашты оңдоо зарыл. Куран, кээ бир адамдар ойлогондой, бир гана Пайгамбарыбызга (сав) кайрылган бир китеп эмес. «Мусулманмын» деген ар бир адам Куранды окуп, түшүнүшү керек.

Кээ бир адамдар белгилүү күндөрдө же белгилүү учурларда Куран окушат жана Курандын аяттарын билишет. Бирок ал кишилер Куранды «окуп» эле коюшат жана «ушуну менен менин милдетим бүттү» деп ойлошот. Албетте, «Куран окуу» дагы бир ибадат жана аны аткаруу керек. Бирок окугандарды турмушка ашыруу жана күнүмдүк жашоого киргизүү да абдан маанилүү бир ибадат.

Куранды «азыркы заманга ылайыкташтыруу» керек деген кээ бир сабатсыз кишилер болсо – Курандын бүт доорлорду жана бүт элдерди камтуу касиетин билбеген кишилер. Куранды таза бир акыл менен окуган киши Куранда айтылган кишилердин жана элдердин өзгөчөлүктөрүнүн, азыркы заман да кошо, тарыхтын бүт доорлорун түшүндүрүп жатканын көрөт.

Динден алыс жашаган коомдордун бүт катачылыктары, туура эмес иштери жана чектен чыгуулары Куранда баяндалып, ал коомдордун динге карата мамилелери сүрөттөлгөн жана алардын кулк-мүнөздөрү жөнүндө маалымат берилген. Бул маалыматтар азыркы заманга да туура келет жана бул Курандын бүт доорлорду камтыган, кереметтүү касиетин дагы бир жолу далилдейт.

Куранды турмушка ашыруу үчүн окуп, колунан келишинче ишке ашырып баштаган бир адам (эми ал адам «ыймандуу» болуунун жолуна түшкөн болот) күн өткөн сайын Курандын кантип жашоонун бүт тарабын курчап турaарын таң калуу менен байкайт жана бул анын Куранга болгон ишенимин ан сайын арттырат. Куранда ыймандуу адамдын башына келе турган окуялар жана аларга карата кандай мамиле кылуу керектиги терең сүрөттөлгөн. Куранды «окуп коюуну» эле жетиштүү көрүп, аны турмушта колдонуудан баш тарткан адам болсо өзү ойлогондон алда канча жаман абалга туш болот.

Аллах бир аятта мындай деп билдирет:

**Моюндарына Тоорот жүктөлүп, анан аны (ичиндеги терең маанилерди, даанышмандык жана өкүмдөрүн талап кылынгандай) аркалабаган адамдардын абалы чоң китеп көтөргөн эшектин абалына окшошот. Аллахтын аяттарын төгүндөгөн коомдун абалы кандай жаман. Аллах залим бир коомду хидаятка (туура жолго) жеткирбейт. (Жума Сүрөсү, 5)**

# КУРАНДАГЫ ДИН ЖАНА АТА-БАБАЛАРДЫН ДИНИ

**Алар «жаман бир уятсыздык» кылышканда: «Биз аталарыбызды ушул жолдо көрдүк. Аллах муну бизге буйрук кылды» дешет. Айткын: «Күмөнсүз, Аллах «жаман уятсыздыктарга» буйрубайт. Аллах жөнүндө билбеген бир нерсеңерди айтып жатасыңарбы?» (Аьраф Сүрөсү, 28)**

**Аларга: «Аллах түшүргөндү ээрчигиле» деп качан болбосун айтылганда, алар: «Жок, биз аталарыбыз кылган нерсени (салтты) ээрчийбиз» дешет. Аталарынын акылы эчтекеге жетпес жана туура жолду таба албаган болушсачы? (Бакара Сүрөсү, 170)**

Куран жана Пайгамбарыбыздын (сав) сүннөтү унутулган бир жерде адамдар чындап дин менен жашап жатат деп айтууга болбойт. Бул жерде Курандагы дин менен кээ бир коомдордогу дин түшүнүгүнүн айырмасын жакшылап бөлүп көрсөтүү керек. Бир жагдайга өзгөчө көңүл буруу керек: эгер дин дегенде адамдар Куранды жана сүннөттөрдү турмушка ашырууну эмес, ата-бабалардан калган кээ бир туура эмес көз-караш жана ишенимдерди улантууну түшүнүшсө, анда ал дин чыныгы Ислам эмес.

Бүгүнкү күндө кээ бир коомдордо «динчил» деп кабыл алынган көп адамдардын Курандан жана Пайгамбарыбыздын (сав) сүннөтүнөн кабарсыз болушу учурдагы абалдын кандай экенин даана сүрөттөйт. Мындай адамдардын түшүнүгү боюнча, дин ата-бабалардан калган бир мурастай улантылат. Мунун, Аллахтын каалоосу болбосо, Аллах Кабатында кандайдыр бир баркы болот деп күтүү туура эмес болот.

Буддисттерден баштап тотемдерге сыйынган Африка урууларына чейин көптөгөн элдер диний ишенимин ата-бабалардан калган бир мурастай улантып келишүүдө жана алардын бирөөсү да чыныгы дин эмес. Себеби бул диндерде максат – акыйкат диндердеги сыяктуу Аллахтын ыраазылыгына жетүү эмес; көбүнчө кээ бир адамдар салтты улантуудан келип чыккан ностальгиялык бир ырахат алууну көздөсө, кээ бирлери кандайдыр бир кызыкчылыктарга жетүүнү көздөшөт.

Куранда сүрөттөлгөн динде болсо эң негизгиси – бул, Аллахтын ыраазылыгы. Мусулман өзүнө ушуну негиз тутушу керек. Бир аятта бул төмөнкүчө айтылган:

**Үйүнүн пайдубалын (негизин) Аллах коркуусунун жана ыраазылыгынын үстүнө курган адам жакшыбы, же болбосо үйүнүн пайдубалын кулай турган бир жардын бооруна куруп аны менен бирге өзү да тозок отунун ичине кулаган адамбы? Аллах зулумдук кылган бир коомго хидаят бербейт. (Тообо Сүрөсү, 109)**

Аяттан да көрүнүп тургандай, Аллахтын ыраазылыгына таянбаган бир ыйман, Аллахтын ыраазылыгына таянбаган бир дин түшүнүгү туура болбойт жана анын жыйынтыгы коркунучтуу.

# ЧЫНЫГЫ ДИНЧИЛДЕР ЖАНА ЖАСАЛМА ДИНЧИЛДЕР

**Айткын: «Эгер билсеңер (айткыла:) Жер жүзү жана андагы нерселер кимдики?» «Аллахтыкы» деп айтышат. Айткын: «Дагы эле насаат (сабак) алып, ойлонбойсуңарбы?» Айткын: «Жети асмандын Рабби жана улук Арштын Рабби ким?» «Аллах» дешет. Айткын: «Дагы эле (күнөөлөрдөн) сактанбайсыңарбы?» Айткын: «Эгер билсеңер (айткыла:) Бардык нерселердин кожоюндугу (мүлк жана башкаруусу) кимдин колунда? Ал коргоп, кубат берет, бирок Өзү корголбойт (коргоого муктаж эмес).» «Аллахтын колунда» дешет. Айткын: «Андай болсо, кантип мындайча сыйкырланып калуудасыңар?» Жок, Биз аларга чындыкты алып келдик, алар болсо чындыгында жалганчылар. (Мүминун Сүрөсү, 84-90)**

Китептин башындагы мисалга кайрадан кайрылалы. Шаарда башка адамдардан бүт тарабынан айырмаланган бир адамдар тобу болсун деп айткан элек. Ал адамдарды шаардын башка тургундарынын көпчүлүгү жаман көрүп, аларга начар мамиле кылат дейли. Ал адамдардын болсо ал шаардын жана бүт нерсенин кожоюну тарабынан жиберилген бир китепти өздөрүнө жол башчы тутаарын айткан элек.

Бул инсандар – Аллах койгон ысым менен айтканда, мусулмандар:

**Аллахтын жолунда чындап (бүт мүмкүнчүлүгүңөр менен) жихад кылгыла (аракет кылгыла). Ал силерди тандап алды. Ал силер үчүн дининерге (ашыкча) оорчулук жүктөгөн жок, атаңар Ибрахимдин дини(ндеги сыяктуу). Ал (Аллах) мындан мурда да, мында (Куранда) да силерди «мусулмандар» деп атады, элчи силерге күбө болушу үчүн, силер да (башка) адамдарга күбө болушуңар үчүн. Эми намазды толук (туура) окугула, зекетти бергиле жана өзүңөрдүн (чыныгы) Кожоюнуңар Аллахка бекем (ыклас менен) байлангыла. Ал кандай жакшы кожоюн (Мевла) жана кандай жакшы жардамчы. (Хаж Сүрөсү, 78)**

**Аллахка үндөгөн, чын ыкластуу (чын ниеттүү) иштерди жасаган жана: «Чындыгында мен мусулмандарданмын» дегенден кимдин сөзү жакшыраак? (Фуссилет Сүрөсү, 33)**

Бул жерде көңүл буруу керек болгон бир жагдай бар: башка адамдардын ыймандууларды жакшы көрбөшү... Мисалда айтылган шаардын бир «караңгы (жахил) шаар» экендигин айткан элек. Бир коомдун «караңгы» болушу «ал коом – динсиз» деген мааниге келбейт. Тескерисинче, Куранда айтылган «караңгы» (жахил) коомдор өздөрүн «динчилбиз» деп ойлошот. Бирок алардын тутунган дини акыйкат дин эмес. Ата-

бабаларынан калган, көптөгөн негизсиз ишенимдерге таянган, бирок коом тарабынан туура деп кабыл алынган туура эмес бир дин түшүнүгүн карманышат. Куранда «караңгы» коомдун бул мүнөзү төмөнкүчө айтылган:

**Аларга «Аллахтын түшүргөндөрүнө моюн сунгула» деп айтылганда, «жок, биз ата-бабаларыбыздын жолунан жүрөбүз» дешет. Эгер шайтан аларды алоолоп күйгөн оттун азабына чакырса дагы (ошол жолго түшүшөбү)? (Локман Сүрөсү, 21)**

«Караңгы» коомдун эң негизги мүнөзү болсо, бул туура эмес ишенимин Аллахтын атынан жакташат. Бул бир калпычылык, себеби «караңгы» коомдун мүчөлөрү Аллахка моюн сунушпайт. Бирок бул коомдун кээ бир мүчөлөрү, өзгөчө алдыңкылары, б.а. бай-бийлери өздөрүн динчилдей көрсөтүшөт. Ал тургай, Аллахтын бир пайгамбарын өлтүрүү сыяктуу Аллах Кабатындагы эң чоң кылмышты жасап жатып дагы, Аллахтын атынан ант ичишет:

**Шаарда тогуздук (тогуз адамдык) бир уюшкан топ бар эле, жер жүзүндө бузукулук чыгарышып, тартип-бейпилдикти бузушчу. Өз араларында Аллахтын атынан ант ичишип, мындай дешти: «түнкүсүн сөзсүз ага жана үй-бүлөсүнө бир чабуул уюштуралы, анан велисине (жакындарына): үй-бүлөсүнүн жок болушуна биз күбө болгон жокпуз жана биз чындап чындыкты айтып жатабыз дейли.» (Немл Сүрөсү, 48-49)**

«Караңгы» коомдун арасында Куранды билип, «Куранды ээрчийбиз» деп сөз бергенине карабастан, «дүйнөнүн убактылуу пайдаларын» тандап, өз кызыкчылыгын көздөгөн бир топ да болот. Ошончо эки жүздүүлүк кылганына карабастан, өздөрүн «өрнөк мусулман» катары көрсөтүшөт:

**Алардан кийин, алардын ордуна китепке мураскор болгон бир катар «жаман адамдар» келди. (Алар) Мобул барксыз (дүйнө)нүн убактылуу пайдасын алып, «жакында кечирилебиз» дешет. Ага окшогон бир пайда келсе, аны да алышат. Алардан Аллах жөнүндө акыйкатты гана сүйлөйсүңөр деп Китеп убадасы алынган эмес беле? Бирок (алар) ичиндегилерди окушкан. (Аллахтан) Корккондор үчүн акырет мекени жакшыраак. Дагы эле акылыңар жетпейби? (Аьраф Сүрөсү, 169)**

Демек, бир адамдын же бир топтун ыймандуу экенин түшүнүү үчүн ага жакшылап байкоо жүргүзүү керек болот. Себеби бир адамдын оозунан, жогорудагы аятта апачык көрүнүп тургандай, Исламдык сөздөрдүн төгүлүшү, ал адамдын диний сөздөр менен сүйлөшү анын чындап мусулман, ыймандуу адам экендигин көрсөтпөшү мүмкүн. Бул аятта айтылгандай адамдар чанда эле кездешет деп ойлошуңуз ыктымал. Бирок Курандын аяттары мунун мындай эместигин көрсөтүүдө. Көптөгөн аяттарда өзүн

ыймандуумун деп, бирок чындыгында ыймансыз болгон, ал тургай, өтө начар мүнөздөгү адамдар сүрөттөлгөн:

**Адамдардын арасында ушундайлар бар: «Биз Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирдик» дешет; чындыгында болсо ишенишпейт. (Өз оюнда) Аллахты жана ыйман келтиргендерди алдашат. Бирок алар өздөрүн гана алдап жатышат жана муну билишпейт. Жүрөктөрүндө оору бар. Аллах да ооруларын көбөйттү. Калп айтып жаткандыгы үчүн аларга оор бир азап бар. (Бакара Сүрөсү, 8-10)**

Башка аяттарда бул «жасалма динчилдердин» аларга узатылган суроолорго төмөнкүдөй жооп берээри кабар берилген:

**Айткын: «Асмандардан жана жерден силерге ырыскы берген ким? Кулактардын жана көздөрдүн ээси ким? Тирүүнү өлүүдөн чыгарган жана өлүктү тирүүдөн чыгарган ким? Жана иштерди ороп-курчаган ким?» Алар: «Аллах» дешет. Андай болсо, айткын: «Силер дагы эле коркуп, тартынбайсыңарбы? Мына ушул – силердин чыныгы Раббиңер Аллах. Демек, чындыктан соң адашуудан башка эмне бар? Кантип дагы эле бурулуп кетүүдөсүңөр?» (Йунус Сүрөсү, 31-32)**

**Ант болсун, алардан: «Силерди ким жаратты?» деп сурасаң, албетте: «Аллах» дешет. Анан, кантип бурулуп кете беришет? (Зухруф Сүрөсү, 87)**

Жогорудагы аяттар чыныгы ыймандууга коюлган талаптардын «караңгы» коомдогу калп «динчилдик» талаптарынан айырмаланаарын көрсөтөт. Аллах Куранда чыныгы ыймандуулардын кандай өзгөчөлүктөрү болоорун терең сүрөттөгөн. Эми бул өзгөчөлүктөрдү карайлы.

# КУРАНДА СҮРӨТТӨЛГӨН
# ЫЙМАНДУУ АДАМ

**Ыймандуулар бир гана ушундай адамдар, Аллах эскерилгенде жүрөктөрү титирейт, Анын аяттары окулганда ыймандарын көбөйтөт жана бир гана Раббилерине тобокел кылышат (таянышат). (Энфал Сүрөсү, 2)**

**... Ал силерди тандап алды. Ал силер үчүн диниңерге (ашыкча) оорчулук жүктөгөн жок, атаңар Ибрахимдин дини(ндеги сыяктуу). Ал (Аллах) мындан мурда да, мында (Куранда) да силерди «мусулмандар» деп атады... (Хаж Сүрөсү, 78)**

**Аллахка үндөгөн, чын ыкластуу (чын ниеттүү) иштерди жасаган жана: «Чындыгында мен мусулмандарданмын» дегенден кимдин сөзү жакшыраак? (Фуссилет Сүрөсү, 33)**

Мусулмандыктын биринчи шарты – бул, жалгыз Кудай Аллахка ибадат кылуу. Ислам негизи ушул шарттын ар кандай жолдор менен турмушка ашырылышынан түзүлөт. Бул принципке таянбаган нерселердин баары Исламга туура келбейт, «караңгы коомго» тиешелүү. Бирок бир сүйлөм менен айтылган бул акыйкат адамдар ойлогондон алда канча терең маанилерди камтыйт. Себеби «караңгы коомдо» жашап, бирок өзүн ыймандуумун деп эсептегендердин бирөөсү дагы өзүн «Аллахтан башкага кулчулук кылып жатам» деп ойлобойт. Албетте, эч кимиси намаз окуп жатканда, маңдайына бир айкел коюп алып, ошого сыйынбайт. Мындай кылбаганы үчүн, «Аллахка ибадат кылып жатабыз» дешет.

Бирок чыныгы абал такыр башка. Бул парадоксалдуу абалдын себеби, адамдар «ибадат (кулчулук) кылуу» дегенде «бир заттын алдында сажда кылууну» гана түшүнүшөт. «Ибадат кылуу» деген сөздүн маанисин «караңгы коомдун» туура эмес сүрөттөөсүнө карап эмес, Курандын аяттарына карап түшүнүү керек:

**Мен жиндерди жана адамдарды бир гана Мага ибадат кылышсын деп жараттым. (Зарият Сүрөсү, 56)**

Бул аятта Аллахтын жиндер менен адамдарды «бир гана Өзүнө ибадат кылышы үчүн» жараткандыгы кабар берилген. Албетте, ушул аныктамага туура келген, б.а. Аллахтын жаратуу максатына ылайык «Ага ибадат кылган» жана аятта айтылгандай, Ага ибадат кылуудан башка эч нерсе кылбаган адам ыймандуу адам болот.

Аллахка ибадат кылуунун кандай мааниге келээри, Аллахка кантип кулчулук кылынаары төмөнкү аятта чечмеленген:

**Айткын: «Эч күмөнсүз, менин намазым, ибадаттарым, жашоом жана өлүмүм ааламдардын Рабби Аллах үчүн». (Энъам Сүрөсү, 162)**

Аятта кабар берилгендей, Аллахка ибадат кылуу адамдын бир гана 5 убак намазын же башка ибадаттарын эмес, бүт өмүрүн, ал тургай, өлүмүн да камтыйт. Ыймандуу адам – бул, бүт өмүрүн Аллахка ибадат кылуу менен өткөргөн адам. Бул аракети үчүн Аллахтын ыраазылыгына, мээримине жана түбөлүк бейишине жетет.

Өмүрүн Аллахтын ыраазылыгынан башка максаттарга арноо болсо, Куранда Аллах билдиргендей, «ширк», б.а. Аллахка шерик кошуу болуп саналат. Пайгамбарлар тарых бою адамдарды Аллахка шерик кошууну токтотууга үндөшкөн. Куранда айтылгандай, бүт «караңгы» коомдор – Улуу Аллахка шерик кошкон коомдор. Ошондуктан бүгүнкү күндө дүйнөнүн көпчүлүгү ширкке таянган бир динди карманып келүүдө. Бул дүйнөдө ыймандуу коомдор гана жалгыз Аллахка ибадат кылып, акыйкат динде болушат. Ыймандуулар, аятта билдирилгендей, бир гана мындай деп айтышат:

**Айткын: «Эй адамдар, эгер менин диним жөнүндө күмөн санап жатсаңар, мен силердин Аллахтан башка ибадат кылганыңарга ибадат кылбаймын, мен силердин жаныңарды ала турган Аллахка гана ибадат кылам. Мага ыймандуулардан бол деп буйрук берилди.» (Йунус Сүрөсү, 104)**

Адам Аллахка кантип ибадат кылат? Бир гана ушул куттуу ишке арналган өмүрүн кантип өткөрөт? Караңгы коомдордогу адамдар ойлогондой, бүт күндөрүн «кыйналуу» менен өткөрөбү? Кыймылсыз, түнт мүнөздөгү адамга айланабы?

Тескерисинче, чын ниеттүү бир мусулман Аллахка чын көңүлдөн моюн сунганы үчүн, коопсуз, бейпил жана комфорттуу өмүр сүрүп, бактылуу болот. Колундагы жана айланасындагы нерселердин баарынын Аллахтын берешендиги экенин билип, бул сый-жакшылыктарга кубанып, толкунданат. Кыскасы, ыймандуу адам шайыр, ачык көңүл, санаасыз, чечкиндүү, сапаттуу адам болот. Бир гана Аллах үчүн жашап, Аллах үчүн иштейт жана Аллахты ыраазы кылуу үчүн ага берилген бүт мүмкүнчүлүктөрдү колдонот.

Чыныгы Исламды билбегендердин ойлогонунун тескерисинче, динден, Аллах сүйүүсүнөн жана Аллах коркуусунан алыс жашаган адам чындап кыйналып жашайт. Бир гана Аллахка кулчулук кылган киши болсо болушунча эркин, бейпил, кубанычтуу жана бактылуу өмүр сүрөт. Аны байлаган «жасалма кудайлардын» моюнтуругунан кутулат. «Адамдар мен жөнүндө эмне деп ойлойт?», «баланча мени жакшы көрбөсө, эмне кылам?», «жумуштан айдалсам эмне болот?» деген сыяктуу миллиондогон кооптонуулары жоголот. Алсыз, залим, акылсыз жана эч нерсеге күчү жетпеген миллиондогон жасалма «кудайларга» кулчулук кылуунун басымынан кутулуп, бүт нерсеге кудуреттүү, чексиз акыл жана сулуулук ээси, бүт нерсени башкарган, чексиз боорукер жана адилеттүү Аллахка моюн сунат. Эми ал, Куранда айтылгандай, «абдан

бекем бир тутканы» кармаган болот. Аятта мындай деп айтылат:

**Динде мажбурлоо (жана басым жасоо) жок. Эч күмөнсүз, туура жол (рүшд) адашуучулуктан апачык ажыратылган. Эми ким таагуттан (туура эмес ишенимден) баш тартып, Аллахка ыйман келтирсе, эч качан ажырап кетпей турган, абдан бекем бир тутканы кармаган болот. Аллах – угуучу, билүүчү. (Бакара Сүрөсү, 256)**

Куранда жалгыз Аллахка ибадат кылууга үндөгөн пайгамбарлардын адамдарды эркиндештирип, «чынжырлардан куткаруучу» өзгөчөлүгү төмөнкүчө кабар берилген:

**Ал адамдар сабатсыз (үмми) кабар алып келүүчү (неби) элчиге (расул) баш ийишет (ээрчишет). Ал ушундай элчи: (иудейлер менен христиандар) аны өздөрүндөгү Тоорот, Инжилдерде (келээри) жазылуу экенин көрүшөт. Ал аларды жакшылыктарга чакырып, жамандыктардан кайтарат. Аларга таза, пакиза нерселерди адал, ыпылас нерселерди арам кылып, үстүнөн машакаттарын, оор ибадаттарын алып таштайт. Эми, ага (элчиге) ыйман келтирип, аны урматтап, ага түшүрүлгөн нурду ээрчиген адамдар, ошолор гана (тозоктон) кутулуучулар. (Аьраф Сүрөсү, 157)**

Башка бир аятта болсо Аллах ыймандуулардын кулк-мүнөзүн төмөнкүчө билдирген:

**Эч күмөнсүз, мусулман эркектер жана мусулман аялдар, ыймандуу эркектер жана ыймандуу аялдар, чын көңүлдөн (Аллахка) баш ийген эркектер жана чын көңүлдөн (Аллахка) баш ийген аялдар, чынчыл эркектер жана чынчыл аялдар, сабыр кылган эркектер жана сабыр кылган аялдар, урмат менен (Аллахтан) корккон эркектер жана урмат менен (Аллахтан) корккон аялдар, садака берген эркектер жана садака берген аялдар, орозо кармаган эркектер жана орозо кармаган аялдар, намыстарын коргогон эркектер жана (намыстарын) коргогон аялдар, Аллахты көп зикир кылган (эстеген) эркектер жана (Аллахты көп) зикир кылган аялдар; (мына) ушулар үчүн Аллах бир кечирим жана улуу бир сыйлык даярдаган. (Ахзаб Сүрөсү, 35)**

Ыймандуу адам Аллах менен чын жүрөгүнөн, жакын байланышта болот. Аллах анын жалгыз досу, жалгыз жардамчысы. Куранда Аз. Ибрахимдин (ас) Аллах менен болгон жакын байланышы мусулмандарга өрнөк болушу үчүн төмөнкүчө кабар берилген:

**(Ибрахим мындай) Деди: «Эми эмнеге сыйынып жатканыңарды көрдүңөрбү?**

**Силер жана мурдакы ата-бабаларыңар? Мына ушулар чындыгында менин душмандарым; бир гана ааламдардын Раббинен тышкары. Мени жараткан жана мага хидаят (туура жол) берген – Ал; мени тамактандырган жана ичирген – Ал; ооруганда мага шыпаа берген – Ал; мени өлтүрө турган, кийин тирилте турган да – Ал, дин (жаза) күнү каталарымды кечирээрин үмүт кылганым да – Ал. Раббим, мага өкүм (жана даанышмандык) бер жана мени чын ыкластуулардын арасына кош. Кийин келе тургандардын арасында мага бир чынчылдык тилин бер. Мени сый-жакшылыктарга толтурулган бейиштин мураскорлорунан кыл, атамды да кечир, себеби ал жаңылып, жолдон адашкандардан. Жана мени (адамдар) тирилтиле турган күнү уят кылба; мал-мүлктүн да, балдардын да пайдасы тийбей турган күнү.» (Шуара Сүрөсү, 75-88)**

Куранда жалгыз Аллахка ибадат кылган ыймандуунун бейпилдиги менен Аллахка сансыз шериктерди кошуп, сансыз кудайларга кулчулук кылган адамдын мисалы болсо төмөнкүчө сүрөттөлгөн:

**Аллах бир мисал берди: өз ара ынтымаксыз жана пикир келишпес, аны талашкан көп ээлери бар бир адам менен жалгыз бир адамга баш ийген бир адам. Бул экөөсүнүн абалы бирдей болмок беле? Мактоолор Аллахка тиешелүү. Жок, алардын көпчүлүгү билишпейт. (Зүмер Сүрөсү, 29)**

Ыймандуунун эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул, анын текебердиктен, бой көтөрүүдөн, башкача айтканда, өзүн кандайдыр бир мааниде «кудайлаштыруудан» алыс болушу. Аллахка чын көңүлдөн моюн сунган бир мусулман ар дайым өзүнүн кемчилигин издеп, өзүн тынымсыз өстүрөт. Куранда кабар берилген ыймандуунун өзгөчөлүктөрүнүн күн сайын көбүрөөгүнө жетүүгө аракет кылат. Кичипейилдиги бүт кыймыл-аракеттеринен көрүнүп турат. Аллах кичипейил, жөнөкөй пенделерин бир аятында төмөнкүчө мисал келтирген:

**Алар Рахман (Аллах)тын пенделери, жер бетинде кичипейил-салабаттуу жүрүшөт жана наадандар (оройлук менен) сүйлөсө да «салам» дешет. (Фуркан Сүрөсү, 63)**

Аллахтан жүз бургандардын эң чоң жаңылыштыгы болсо, алар өздөрүн абдан акылдуу сезип, текеберленип, өздөрүн «кудайлаштырып» алышат (Аллахты аруулайбыз). Куранда абийири (жүрөгү) акыйкаттарды көрүп, кабыл алганына карабастан, текебердигинен улам бой көтөрүп, чындыктан качкан адамдар жөнүндө мындай деп айтылган:

**Абийирлери кабыл алганына карабастан, зулумдук жана текебердиктин**

**себебинен аларды четке кагышты. Эми сен бузукулардын кандай натыйжага туш кылынганын бир кара. (Немл Сүрөсү, 14)**

Текебер адамдар динди таныл, туура жолдон адашса, ыймандуулар болсо өмүрүн Аллах билдирген жоопкерчиликтерди орундатуу аракети менен өткөрүшөт. Ыймандуулар тынымсыз өздөрүнүн напсилери менен күрөшүшөт. Куранда напсинин жамандыкка үндөөчү өзгөчөлүгү төмөнкүчө кабар берилген:

**Мен напсимди актабайм. Себеби чындыгында напси, Раббим аны коргобосо, болгон күчү менен жамандыкка чакырат. Эч күмөнсүз, менин Раббим кечиримдүү, коргоочу. (Йусуф Сүрөсү, 53)**

Ыймандуулар дайыма напсисинен этият болуп, ар дайым, ар кандай шартта абийиринин үнүн угат. Дайыма Аллахтын ыраазылыгына туура келген жолду тандайт. Аны коркуу, тажоо, үмүтсүздүк, камырабастык сыяктуу тоскоолдуктарды колдонуу аркылуу жолунан тосууга аракет кылган напсисин чечкиндүүлүк, эр жүрөктүк жана сабырдуулук менен жеңет. Жолунан эч качан кайтпайт, себеби бул жол – анын жалгыз досу, жалгыз жардамчысы жана жалгыз таянычы болгон Аллахтын жолу. Албетте, ыймандуунун күрөшү өзүнүн напсиси менен эле чектелбейт. Куранда Раббибиз ыймандууларга билдирген дагы бир жоопкерчилик бар: жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтаруу.

Ыймандуу адам – Курандын аяттарында айтылгандай, Аллахтын жер жүзүндөгү өкүлү (халифасы). Адамдарды Аллахтын жолунан тоскондорго, аларга кысымчылык жана зулумдук кылгандарга каршы күчтүү илимий-пикирдик күрөш жүргүзөт, себеби бул ага Куранда кабар берилген бир жоопкерчилик.

Куран адеп-ахлагы менен жашаган адамдар багыт берген бир коомдо гана чыныгы адилеттүүлүк жана чыныгы акыйкат орношу мүмкүн. Ыймандуу адам – бул, Аллахтын ыраазылыгы үчүн жашаган, адамдардын арасында адилеттүүлүктү сактаган, аларды туура жолго баштаган инсан. Ыймандуулар канчалык чоң жоопкерчилик жүктөлбөсүн, эч качан Аллах үйрөткөн адеп-ахлактан алысташпайт. Алардын бул өзгөчөлүгү Куранда төмөнкүчө кабар берилген:

**Аларды жер жүзүндө бекем орноштуруп, бийлик берсек, намаздарын толук окушат, зекет беришет, жакшылыктарга буюруп, жамандыктардан кайтарышат. Иштердин акыбети Аллахтын колунда. (Хаж Сүрөсү, 41)**

Аллахтан коркпогон адамдар болсо кандай гана кызмат берилбесин, жеке кызыкчылыктарын көздөп, кызматтык даража, атак-даңк жана мал-мүлккө жетүү үчүн жарышып башташат. Ошондуктан мындай адамдар башкарган бир коомдо эч качан чыныгы бейпилдик жана бакубаттык болбойт.

Ыймандуулар болсо кандай гана шартта болбосун, адамдарды жамандыктардан тосууга, аларды жакшы иштерге үндөөгө, аларга өрнөк болууга жана жакшылыкка чакырууга болгон аракетин жумшашат. Эч качан камырабастык, жалкоолук кылышпайт. Куранда ыймандуулардын чечкиндүү мүнөзү төмөнкүчө сүрөттөлгөн:

**Канчалаган пайгамбар менен бирге көптөгөн раббанилер (билимдүүлөр) согушка кирип, Аллах жолунда аларга келген (кыйынчылык жана мээнет)тен улам алсыздык да көрсөтүшкөн жок, моюн да сунушкан жок. Аллах сабыр кылгандарды жакшы көрөт. Алар: «Раббибиз, күнөөлөрүбүздү жана ишибиздеги чектен чыгууларыбызды кечир, бизди жолдон адаштырба жана бизге каапырлар коомуна каршы жардам бер» деген сөздү гана айтышты. Ошентип Аллах бул дүйнөнүн жана акыреттин кооз сообун аларга берди. Аллах жакшылык кылгандарды жакшы көрөт. (Али Имран Сүрөсү, 146-149)**

Чын ыкластуу ыймандууну жасалма динчилдерден айырмалаган эң негизги өзгөчөлүктөрдүн бири, чыныгы мусулман динди айтып бергенде адамдардан эч кандай кызыкчылык күтпөйт. Акча, байлык, кызматтык даража же адамдарга жакшы көрүнүүнү эмес, бир гана Аллахтын ыраазылыгына жетүүнү көздөйт. Ал сыйлыгын (белегин) бир гана Аллах Кабатынан күтөт. Куранда бул жөнүндө пайгамбарлардын мүнөздөрүнөн мисал келтирген көптөгөн аяттар бар. Алардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**(Нух:) Эгер жүз бурсаңар, мен силерден бир акы сураган жокмун. Менин сыйлыгымды бир гана Аллах берет. Жана мен мусулмандардан болууга буюрулдум. (Йунус Сүрөсү, 72)**

**Аллах хидаят бергендер (туура жолгон салгандар) мына ушулар; демек сен да алардын ушул хидаятын ээрчи. Айткын: «Мен бул үчүн силердин бир акы сураган жокмун. Ал (Куран) ааламдарга бир насаат жана эскертүү гана.» (Энъам Сүрөсү, 90)**

Мусулмандын, ошондой эле, адеп-ахлагы да абдан жогору болот. Дүнүйөлүк, майда нерселердин артынан чуркабагандыктан, түшүнүктүү, боорукер жана кечиримдүү болот. Сезимдерин укпастан, акылын угат жана ачууланбайт. Жардамын аябаган, кайрымдуу жана сылык болот. Ыймандуулардын бул кулк-мүнөздөрү Куранда төмөнкүчө кабар берилген:

**Жана алар Раббилеринин жүзүн (ыраазылыгын) каалап сабыр кылышат, намазды туптуура кылышат, аларга ырыскы катары бергендерибизден жашыруун жана ачык садака кылышат жана жамандыкты жакшылык менен токтотушат. Мына ошолор, бул мекендин (дүйнөнүн сонун) акыбети (акырет бакыты) ошолор үчүн. (Рад Сүрөсү, 22)**

**Алар - барчылыкта да, жокчулукта да садака бергендер, ачууларын жеңгендер жана адамдарды кечиргендер. Аллах жакшылык кылгандарды сүйөт. (Али Имран Сүрөсү, 134)**

**Сен кечирим жолун танда, (Исламга) ылайык болгонду буйрук кыл жана караңгы-сабатсыздардан жүзүңдү бур. (Аьраф Сүрөсү, 199)**

**Жамандыктын жообу ошого тең (окшош) жамандык. Бирок ким кечирип, оңдосо (бейпилдикти орнотсо), анын сыйлыгын Аллах берет. Чындыгында Ал залимдерди сүйбөйт. (Шура Сүрөсү, 40)**

**Алар жалган күбөгө өтүшпөйт, бош жана пайдасыз нерсеге жолукканда, кадыр-баркы менен өтүп кетишет. (Фуркан Сүрөсү, 72)**

**Өздөрү сүйүп (жегиси келип) турган тамакты жакырларга, жетимдерге жана туткундарга жедиришет. (Инсан Сүрөсү, 8)**

Бирок айта кетчү нерсе, албетте, мусулмандын да каталары болот. Бул адам баласынын табиятында бар. Бирок чын ыкластуу мусулман ошол замат каталары үчүн Аллахтан кечирим тилеп, каталарын толук оңдойт. Эч бир ката аны үмүтсүздүккө салбайт, себеби ал Аллахтын чексиз мээримине корголойт. Куранда бул жагдай төмөнкүчө кабар берилген:

**Жана жаман бир күнөө кылышканда же өздөрүнө зулумдук кылышканда, Аллахты эстеп ошол замат күнөөлөрүнүн кечирилишин тилешет. Аллахтан башка күнөөлөрдү ким кечирет? Ошондой эле, алар кылган (жаман иштерин) билип туруп кайталай беришпейт. (Али Имран Сүрөсү, 135)**

Ыймандуунун досу Аллах жана Аллахты дос туткан башка ыймандуулар. Эгер Аллахка душман болсо, эң жакынын да дос тутпайт. Аллахка моюн сунган бир ыймандуу болсо, ортолорунда тууганды, социалдык статус, материалдык мүмкүнчүлүктөр сыяктуу, эч кандай орток байланыш болбосо да, анын бир тууганы болот. Аллах үчүн сүйгөндү үйрөнүп, Аллах ыраазы болгон адамдарды сүйөт.

Мусулмандын акылы да тунук болот. Аллахка ишенип, өзүн Ага тапшырганы үчүн, оюн алагды кылган керексиз коркуулардан, тынчсыздануулардан жана кайгы-капалардан кутулат. Жана акылман болот. Ошондуктан кеңири, терең ойлонуп, окуялардын татаал тараптарын түшүнөт. Илимдүү, даанышман жана акылдуу болот.

Бул дүйнөдө убактылуу жашайт. Тарбияланып, руху күн сайын асылданып (арууланып), чыныгы мекенине, акыретке даярданат. Бул дүйнөдө ага жазылган тарых

болсо Аллахтын чын ыкластуу пенделерине жараша тургандай атак-даңктарга толо болот.

# ӨЗҮБҮЗДҮ ӨЗҮБҮЗ СУРАККА АЛУУ

**Эй ыйман келтиргендер, Аллахтан корккула. Ар бир адам эртең үчүн эмне даярдаганын карасын. Аллахтан корккула. Эч шексиз, Аллах кылгандарыңардан кабардар. Алар Аллахты унутуп, натыйжада Ал (Аллах) да аларга өз напсилерин унуттурган адамдар сыяктуу болбогула. Мына ошолор бузукунун (фасыктын) дал өзү. (Хашр Сүрөсү, 18-19)**

Куранда билдирилген ыймандуулардын өзгөчөлүктөрүн мурдакы бөлүмдө карадык. Аллах ыраазы болуп, бейишине киргизе тургандыгын кабар берген адамдарда мына ушундай өзгөчөлүктөр болушу керек. Биз буга канчалык окшошобуз деп өзүбүздөн өзүбүз сурап көрдүкпү?

Куранда кабар берилген ыймандуунун өзгөчөлүктөрүнөн апачык көрүнүп тургандай, сураганга «алхамдулиллах мусулманмын» деп жооп берип, кээ-кээде кээ бир ибадаттарды аткаруу Аллах Кабатында жетиштүү болбошу мүмкүн. Ыймандуу мусулман колунан келишинче Куранда кабар берилген бүт өзгөчөлүктөргө жетүүгө аракет кылышы зарыл. Антпесе, анын кылгандары «бир учунан ибадат кылуу» деген мааниге келиши мүмкүн жана Куранда «Аллахка бир учунан ибадат кылгандардын» абалы төмөнкүчө баяндалган:

**Адамдардын кээ бирлери Аллахка бир учунан ибадат кылат, эгер ага бир жакшылык жетсе, буга ыраазы болот жана эгер ага бир фитна (сыноо, кыйынчылык) келсе, жүзү терс бурулат. Ал дүйнөнү жоготту, акыретти да. Мына ушул апачык бир жоготуу. (Хаж Сүрөсү, 11)**

Өздөрүн жетиштүү көргөн адамдардын дагы бир жаңылыштыгы – бул, алардын кээ-кээде кээ бирлерге жакшылык кылып же жакырларга жардам берип койгонду жетиштүү деп ойлошу. Ал эми Куранда болсо Аллах Кабатында эмнелердин баалуу, эмнелердин чыныгы жакшылык экендиги төмөнкүчө кабар берилген:

**Жүзүңөрдү чыгышка жана батышка бурушуңар жакшылык эмес. Жакшылык – Аллахка, акырет күнүнө, периштелерге, Китепке жана пайгамбарларга ыйман кылган; мал-мүлктү жакшы көргөнүнө карабастан, аны жакындарга, жетимдерге, жакырларга, жолдо калганга, тилемчиге жана кулдарга (эркиндиги үчүн) берген; намазды туптуура окуган, зекетти берген жана убадалашканда убадаларына тургандар менен кыйынчылыкта, ооруганда жана согуш күчөгөн учурларда сабыр кылгандар(дын иш-аракеттери). Мына ошолор –**

**чынчылдар, жана такыбалар (Аллахтан корккондор) да ошолор. (Бакара Сүрөсү, 177)**

Куранда ыймандуунун өзгөчөлүктөрү апачык сүрөттөлгөнүнө карабастан, «менин жүрөгүм таза, эч кимге жамандыгым жок, Аллах албетте мени жакшы көрөт болушу керек» деген сыяктуу ойлор менен өзүн-өзү алдоо эч туура болбойт. Аллах адамдардан Өзүнө ибадат (кулчулук) кылууларын каалайт, бир гана «эч кимге зыяны тийбеген, жүрөгү таза адам» болууларын эмес. Албетте, ар бир адам жүрөгү таза болуп, эч кимге зыян тийгизбегенге милдеттүү, бирок мунун өзү эле жетиштүү эмес. Ошондой эле, Аллахка кулчулук кылбаган, ыймандан алыс бир адамдын жүрөгү толугу менен «таза» боло албайт. Аллах Куранда билдирген бүт өкүмдөрдү аткарып, Аллах койгон чектерден чыкпаганда гана жүрөк таза боло алат.

# ДИНДИН НАСААТТАРЫН УКПАГАН АДАМ МОДЕЛИНИН ЗЫЯНДАРЫ

**(Мындай) Дешти: «(Баары) Бул дүйнө жашообуз менен бүтөт, өлөбүз жана тирилебиз; бизди «эч токтобогон убакыт» (агымы) гана кыйратат (өлтүрөт).» Чындыгында болсо алардын бул жөнүндө эч кандай маалыматы жок; болгону ушинтип болжолдошууда.» (Жасия Сүрөсү, 24)**

**Адамдардын кээ бирлери, эч кандай маалыматы же жол көрсөтүүчүсү же нурдуу китеби болбостон туруп, Аллах жөнүндө талаша берет. (Хаж Сүрөсү, 8)**

Ыймандуулардын канчалаган мыкты кулк-мүнөздөрүнө карабастан, бир адамдын динден алыс болушунун себептерин түшүнүү үчүн ал кишинин Ислам жана мусулмандар жөнүндөгү байкоолоруна жана ойлоруна токтолуу керек.

«Динден алыс» жашаган адамдардын эң негизги өзгөчөлүгү, башында да айтылгандай, алар элдин айткандарын угушат. Мындай адамдардын дээрлик бүт иш-аракеттери «көпчүлүктү ээрчүү» психологиясына таянат. Алардын дин жөнүндөгү көз-карашын да ушул психология калыптандырат.

Дин жөнүндөгү бүт көз-караштары ага айлана-чөйрөсү тарабынан сиңирилген. Куранды өмүрүндө бир жолу да окубаганы үчүн, дин дегенде оюна кичинекейинен ар кимден уккан нерселер келет. Дин жөнүндө айтылган нерселердин баарын чындап эле динде бар деп ойлойт. Куранды окуп, чыныгы динди үйрөнүүдөн болушунча качат жана айланасындагы адамдарга да өзүнүн көз-карашын сиңирип, көбүнчө алардын да динден алыс болушуна себепчи болот. Мындай туура эмес түшүнүктөгү адамдар Куранда төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

**Алар башкаларды да мындан тосушат жана өздөрү да качышат. Алар өздөрүнүн напсилерин (өздөрүн) гана кыйроого түртүшөт, бирок муну түшүнүшпөйт. (Энъам Сүрөсү, 26)**

Мындай адамдардын бул караңгы түшүнүгүнөн улам, коомдун көпчүлүгүнүн дин менен жашабашына, динден алыс болушуна жана алардын да көпчүлүккө окшоп динден алыс жашашына «мыкты» шарт түзүлөт. Коомдогу атактуу жана белгилүү кишилердин динден алыс жашашы да, сабатсыздыктан улам, аларга терс таасирин тийгизет. Динден алыс болуу аркылуу өз оюнда «заманбапмын» жана «коомдогу аттуу-баштуу адамдарга окшошуп жатам» деп ойлойт. Мындай «көпчүлүк психологиясы» себебинен динден алыс болуунун акыреттеги натыйжасын да унутат.

Бирок, өлгөн кезден баштап ар бир адам жалгыз калат. «Аттуу-баштуулардын» ага

эч кандай пайдасы болбойт. Аяттарда акыреттеги абал төмөнкүчө кабар берилет:

**Алардын баары чогулуп (кыяматта) Аллахтын алдына чыкканда, алсыздар бой көтөргөндөргө: «Эч күмөнсүз, биз силерди ээрчиген элек, эми силер бизден Аллахтын азабынан кандайдыр бир нерсени тосо аласыңарбы?» дешти. «Эгер Аллах бизге туура жолду көрсөткөндө, биз да силерге туура жолду көрсөтмөкпүз. Эми арыздансак да, сабыр кылсак да айырмасы жок, биз үчүн кача турган бир жер жок» дешти. (Ибрахим Сүрөсү, 21)**

**Ант болсун, силерди алгач жаратканыбыз сыяктуу (бүгүн да) «бир бирден, жападан жалгыз (абалда) Бизге келдиңер жана силерге бергендерибизди артыңарда калтырдыңар. Араңардан чындыгында шериктер деп ойлогон шапаатчыларыңарды эми жаныңардан көрбөй турабыз. Ант болсун, араңардагы (байланыштар) талкаланып-үзүлдү жана күмөн кылгандарыңар силерден алыстады. (Энъам Сүрөсү, 94)**

Адам «тандалгандык» түшүнүгүн туура эмес түшүнгөнү үчүн, өзүнө туура эмес адамдарды үлгү алат. «Караңгы» коомдун түшүнүгү боюнча, «тандалгандык» байлык жана атак-даңк сыяктуу баалуулуктарга таянат. Чындыгында болсо, «тандалган» инсандардан болууга Аллахка чын жүрөктөн жакын болуу аркылуу гана жетүүгө болот:

**Күчтүү жана парасаттуу (акылман) кулдарыбыз Ибрахимди, Исхакты жана Йакубду да эстегин. Чындыгында Биз аларды бир гана (акыреттеги чыныгы) мекенди ойлонуп-эстеген ыкластуу пенделер кылдык. Жана чындыгында алар Биздин Кабатыбызда тандалгандардан жана жакшылардан. (Сад Сүрөсү, 45-47)**

Динден алыс жашаган коом адамдарда туура эмес адаттарды калыптандырат. Эң биринчиден, адамдар кандай гана чөйрө болбосун, белгилүү бир «статуска» жетүү керек деп ойлошот. Антпесе, айланасындагы адамдардын эмне деп ойлоору ага эч тынчтык бербейт. Элдин арасында «айланадагылар мен жөнүндө эмне деп ойлоп жатат» деген ой гана аны кызыктырат. «Аллахтын ыраазылыгын көздөө» деген сөздүн маанисин да билбейт болушу керек. Ал бир гана адамдарды ыраазы кылууну көздөйт.

Динден алыс жашаган коом ага аял-эркек мамилелери жөнүндө да туура эмес тарбия берет. Эң негизги ураандарынын бири «аялдарды урматтоо жана аялдардын укуктарын коргоо» болгону менен, динден алыс коомдордо аялдар негизи кулдай эле иштетилет.

«Жүрүү» логикасы элдин аң-сезимине коомдогу социалдык маселелердин эң негизги ачкычындай сиңирилип, «флирт» (тийишүү), «жигити», «кызы» деген сыяктуу кооз сөздөр аркылуу заманбап көрсөтүлөт. Ар-намыс, адеп-ахлактык жактан тазалык сыяктуу динде абдан маани берилген жагдайлар жөнүндө бир катар маалымат

каражаттары тарабынан атайын программалар даярдалып, адамдарга тескери багытта тымызын пропаганда жүргүзүлөт. Намысын коргогусу келген адамдар «көпчүлүк психологиясы» аркылуу же намыссыздыкка түртүлөт, же болбосо элден бөлүнүп калат. Коом тарабынан адамдарга ушундай жолдор аркылуу басым жасалат. Ошондой эле, элдин каалаганын кылбаса, каралоо аркылуу эл арасында күмөндүү жана ишенимсиз адамдарга айландырылышат.

Динден алыс жашаган кээ бир коомдордо мына ушундай туура эмес пропаганданын таасири менен никесиз байланыштарды кадимки нерседей көрө баштаган жаштар андан соң «гомосексуализмди да кадыресе көрүү керек» жана «бул сени гана кызыктырган бир тандоо маселеси» деген сыяктуу жалган пропагандага кабылышат. Гомосексуализм «динчил эмес болуунун», «маданий эр жүрөктүктүн», «өзүңдү ашып түшүүнүн» бир көрсөткүчү деп пропаганда кылынат. Уятсыздык да маанилүү бир кадамдай көрсөтүлөт.

Ошондой эле, Исламда Аллах эки адам эч бир жеке кызыкчылыгын көздөбөстөн, бири-бирин сүйүп, урматтап жашашы үчүн уруксат берген үй-бүлө жашоосу да бул системада бири-бирин эзүү үчүн колдонулат. Бул туура эмес системада эркек аялын өмүрүнүн калган бөлүгүндө аны багып, кийимдерин жууй турган жана тамагын бышырып, жыныстык муктаждыгын канааттандыра турган бир буюмдай көрөт. «Күйөө чабуу» пропагандасы менен чоңойтулган аял болсо күйөөсүн эртерээк бала төрөп өзүнө байлап ала турган жана ошентип келечегин кепилдикке алып, өзүнө керектүү жашоо стандартын камсыз кылдыра турган бир каражат катары көрөт. Материалдык жактан камсыз кылганы үчүн эркектен көз-каранды болуп калат жана күйөөсүнөн ажырап калбаш үчүн бүт ыкмаларды колдонот. Мындай үй-бүлө куруу, негизи, бир сойку менен белгилүү бир кызыкчылык үчүн бир канча саатка түзүлгөн келишимдей эле болуп калат, болгону мында келишим узунураак мөөнөткө, өмүр боюга түзүлөт. Бирок муну эки тарап тең ачык айтып мойнуна алгысы келбейт, анткен менен, ыңгайы келгенде муну «жашоонун чындыгы» деп тартынбай айта алышат. Ал тургай, эсеп менен үйлөнгөнүн айтып мактангандар да бар. Көрүнүп тургандай, мындай үй-бүлөнүн пайдубалы сүйүүгө эмес, акчага, эки тараптуу кызыкчылыкка жана жыныстык мамилеге таянат.

Бир кызыкчылык мамилесине айланган мындай үй-бүлөдө туруктуулук, опаа деген сыяктуу түшүнүктөр болбойт. Үй-бүлө куруп, жогоруда айтылган кызыкчылыктарга жеткен соң, бири-бирин алдап кеткен, кыянаттык кылган түгөйлөрдүн санынын күн санап өсүп жатышы – мунун табигый бир натыйжасы. Мындай кыянаттыктарды түгөйүнөн жашырып же эки тараптуу келишим аркылуу уланткандар да көбөйүүдө. Ошентип «заманбап үй-бүлө» системасынын өзөгү динде сүрөттөлгөн үй-бүлө моделинен алыстатылып, коомдо белгилүү чөйрөлөр тарабынан пропаганда кылынган «эркин жыныстык мамилеге» ачылган бир эшикке айланды.

«Заманбаптык» (модерндик) деген ат менен пропагандаланган, динге туура келбеген жашоо стили, негизи, өз алдынча пайда болгон бир философия эмес. Адамдарды диний адеп-ахлактан толугу менен алыстатып, ага карама-каршы бир

түзүлүштү орнотууга, Аллах койгон чектерди алып салууга аракет кылган, жалганчы бир система. Бул жалганчы система бир гана жыныстык жана үй-бүлөлүк мамилелер менен эле чектелбестен, бүт баалуулуктарга кол узатат. Ислам дини талап кылган жогорку адеп-ахлактык баалуулуктардын бир бөлүгүн (намыс, адеп-ахлактык тазалык сыяктууларды) толугу менен жок кылууга аракеттенсе, бир бөлүгүн өзүнүн жалганчы системасына ыңгайлаштырып, негизги максатынан бурмалоону көздөйт. Мисалы, Аллах жолундагы чынчылдык, эр жүрөктүк, күрөшчүлдүк сыяктуу кулк-мүнөздөр Куранда макталган. Адилетсиздик менен сөз, пикир аркылуу күрөшүү, акыйкатты, чындыкты айтуу үчүн эч нерседен коркпоо, Аллахка болгон ишенимине таянып эр жүрөк болуу, Аллахтан башкадан коркпостон керек учурда өлүмгө тике кароо ыймандуулардын эң негизги өзгөчөлүктөрүнөн. Бирок сөз болуп жаткан жалганчы система болсо буларды такыр туура эмес чечмелеп, эр жүрөктүктү «эң коркунучтуу нерселерди кылып көрүү», чынчылдыкты «уятсыздыктарды уялбастан, апачык көрсөтүп жасоо», күрөштү болсо «буларды өлгөнгө чейин жактап, элдин баарына жайылтуу» деп түшүндүрүүдө.

Бул жалганчы системада бойго жеткен эркектерде «эр жүрөктүк» түшүнүгү оройлук, бейбаштык, адамдардын акысына кол салуу, өз кызыкчылыгын ойлоо, адамдарды колдонуу, зомбулук, урушчаактык, бой көтөрүү жана текебердик сыяктуу терс мүнөздөр менен сыпатталып, бул бузуку психология «эр жигиттик» деген ат менен жаштарга идеал көрсөтүүгө аракет кылынууда. Орой, сүйлөгөн сөзүн билбеген, оозу бузук жана ашыкча сүйлөгөн адамдар «түз сүйлөгөн киши» деп макталууда.

Аллах ушул сыяктуу терс мүнөздөрү бар адамдардын ишенимсиз экендигин төмөнкүчө кабар берген:

**Ушулардын эч бирине баш ийбе (ээрчибе): Ант ичип турган, төмөн (пас адам). Болушунча (бирөөлөрдү) айыптап жамандаган, сөз ташыган. Жакшылыкка бут тосуусун уланткан, урушчаак, болушунча күнөөкөр (күнөөгө баткан). Орой, урматсыз жана да куу (амалкөй). Байлык жана балдарына манчыркап, аяттарыбыз окулганда, «(булар) мурдакылардын жомоктору» деген (киши). (Калем Сүрөсү, 10-15)**

Ушундай туура эмес түшүнүктөрдүн натыйжасында «сүйүү» түшүнүгүнүн мааниси да өзгөргөн. Сүйүүнүн «күчү» тигил адамдын канчалык материалдык кызыкчылык берээринен жана канчалык аны менен мактанууга болоорунан көз-каранды болот. Ошондой эле, динден алыс системада сүйүү ар кандай көрүнүш жана имидждерге таяндырылган. Албетте, бул чыныгы сүйүү эмес. Мындай караңгы коомдо көпчүлүк жаш кыздар кымбат машинасы, чоң үйү бар, келбети келишимдүү жигитке бир көргөндө эле «ашык» болушат. Кандайдыр бир ооруу же кырсыктан улам бул дүнүйөлүк кызыкчылыктар жоголоор замат, «ашыктык оту» да өчөт.

Коом ага өз баалуулуктарын, көз-караштарын таңуулап, аны Аллах, дин жана жаралуу максаты жөнүндө эч нерсе ойлонбогон бир адамга айландырат. Себеби аны

программалаган караңгы коом ага башка сансыз милдеттерди жүктөйт. Эң биринчиден, караңгы коом айткандай «өзүнүн кемесин куткарып», б.а. жашоосун орноштуруп, андан соң коомдо белгилүү бир «статуска» ээ болушу керек. Ал үчүн башка адамдарды пайдаланат, керек болсо аларды эзип, четке чыгарат.

Анткени бул караңгы түшүнүк боюнча, «жашоо күрөш» жана «чоң балык кичине балыкты жутушу» керек. Алсыз, күчсүздөрдүн четке чыгарылып, эзилиши табияттын мыйзамы деп кабыл алынат. Ага зыяны тиймейинче, башкалардын да ушундай көз-караштa болушун кадыресе кабыл алат, себеби «ага тийбеген жыландар каалашынча жашай берсе болот».

Бирок иштер ал күткөндөй болбой калып, ийгиликке жетпей калганда жана коомдогу кыялданган статусуна ээ боло албай калганда, бул философия өзүнүн зыянына иштеп баштайт. Бир караса, динден алыс жашаган бул коом тарабынан кордолуп, эзилген жана басмырланып, четке түртүлгөндөрдүн катарына өзү да кирип калган болот. Мурда «мени кадыр-барктуу кылат» деп ойлогон эрежелер эми аны басмырлап жаткан болот. Айланасындагы достору бир заматта жоголуп, бактысыз болуп, жалгыз калат.

Ал аз келгенсип, айланасында «өзүнөн чоң балыктардын» айланып баштаганын байкайт. Ишенээр адам, карманаар бутак же жардам берээр бирөөнү издесе да, таба албайт. Куранда динден алыс жашаган адамдардын чарасыз калганда Аллахка кайрылаары төмөнкүчө кабар берилген:

**Кургактыкта жана деңизде силерди Ал саякат кылдырат. Силер кемеде бараткаыңарда, кемелер жагымдуу жел менен аларды сүздүрүп бараткaнда жана буга сүйүнүп жатышканда, (капыстан) ага добул шамал келип согот жана ар тараптан толкундар аларды курчап калат; эми алар бул (толкундарга) чындап курчалып калдык деп ойлошкондо, динде Ага «чын көңүлдөн моюн сунуп» (чын ыкластан) Аллахка дуба кылып башташат: «Ант болсун, эгер мындан бизди куткарчу болсоң, сөзсүз Сага шүгүр кылгандардан болобуз.» (Йунус Сүрөсү, 22)**

Бирок Аллах дубасына жооп берип, аны кыйынчылыктан куткарганда болсо, Аллахка жалбарбагандай болуп, кайрадан мурдакы түшүнүгүнө кайтат:

**Бирок (Аллах) аларды куткарганда болсо, ошол замат акыйкатсыздык менен жер жүзүндө чектен чыгып башташат. Эй адамдар, силердин чектен чыгууңар өзүңөргө гана зыян; (бул) дүйнө жашоосунун убактылуу алдамчы коаздугу. Кийин Бизге кайтасыңар, Биз болсо кылгандарыңарды силерге кабар беребиз. (Йунус Сүрөсү, 23)**

Мындай кишилердин туура эмес түшүнүгү боюнча, «бүт нерсени метафизика менен түшүндүрбөстөн, реалист болуу» керек. Бул окуядан маанилүү тажрыйба алып, өз аракетим менен кутулдум деп ойлойт. «Жашоонун өйдө-төмөнүн» көрдүм дейт. Жаман

күндөрдү башымдан өткөрдүм, эми ал күндөр артта калды деп ойлойт. Мурдакыга караганда бышып, тажрыйбалуураак болуп калдым дейт. Бул түшүнүк, албетте, акылга сыйбайт. Ыймансыз адамдардын бул бузук психологиясы да Куранда кабар берилген:

**Ант болсун, Биз адамга тарабыбыздан бир мээрим таттырып, анан аны андан алып койсок, албетте, ал (эми) үмүтүн үзгөн бир шүгүрсүзгө айланат. Жана ант болсун, ага келген бир кыйынчылыктан соң, ага бир жакшылык берсек, албетте, «жамандыктар менден кетти» дейт. Себеби ал көпкөн мактанчаак. (Худ Сүрөсү, 9-10)**

Мындай шүгүрсүз адамдар өмүрүнүн калган бөлүгүндө да ушул сыяктуу балээлерге туш болушат. Аллах балким, тообо кылып Ага жалбарса, ар бир жолкусунда ал кишинин тилегин орундатат. Бирок ал киши ага берилген сый-жакшылыктардын баркын билбейт жана бул акылсыздыгынан улам бул дүйнөдө да, акыретте да азаптуу, оор жашоого туш болот.

Өмүрүн ыймансыз бойдон өткөргөн бул кишиге ажал келгенде, тообо кылуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт жана ага башка мүмкүнчүлүк берилбейт. Себеби ал өмүр бою өзүнүн кандай экенин көрсөткөн болот. Аллах мындай адамдардын акыйкатты көргөндө кантип бушайман болоорун Курандын көптөгөн аяттарында кабар берген:

**Оттун үстүндө токтотулганда аларды бир көрсөң; (мындай) дешет: «Аттиң (дүйнөгө дагы бир жолу) кайра кайтырылып, Раббибиздин аяттарын калпка чыгарбай жана ыймандуулардан болгонубузда кана.» Жок, аларга мурда жашырган нерселери ачык айтып (көрсөтүлүп) берилди. Эгер (дүйнөгө) кайра кайтарылышса, эч күмөнсүз, эскертүү берилген нерселерди кайра эле жасай беришет. Себеби алар чындыгында каапырлар. (Энъам Сүрөсү, 27-28)**

Ошондуктан акылман, жүрөгү таза кишилер бул дүйнөдө жашап жаткан кезде бүт туура эмес иштерин оңдогонго жана кулк-мүнөзүн түп-тамырынан өзгөртүп, жакшыртканга аракет кылышы зарыл. Аяттарда мындай деп айтылат:

**Аллах кимди адаштырса, андан соң анын бир да колдоочусу (велиси) болбойт. Азапты көргөн кезде ал залимдерди бир көрсөң; «артка кайтууга бир жол барбы?» дешет. Аларды кор болуп, баштары шылкыйган абалда, ага (отко) киргизилип жатканда, көздөрүнүн учу менен сездирбестен караганын көрөсүң. Ыймандуулар болсо: «Чындыгында кыйроого (азапка) туш болгондор кыямат күнү өздөрүнүн напсилерин да, жакын туугандарын (же досторун) да кыйроого дуушар кылышты» дешет. Кабарыңар болсун, чындыгында залимдер бүтпөгөн бир азаптын ичинде болушат. Алардын Аллахтан башка жардам берээр колдоочулары (велилери) жок. Аллах кимди адаштырса, андан соң ага эч кандай (чыга турган) жол жок. Аллахтан**

**артка кайтарылбас бир күн келээрден мурда, Раббиңердин буйруктарын аткаргыла. Ал күнү силер үчүн жашына турган бир жер да болбойт жана силерге (акыйкатты, динди) танууга (мүмкүнчүлүк) да болбойт. (Шура Сүрөсү, 44-47)**

# ДИНДЕН АЛЫС КООМДОН КУРАНДЫН НАСААТТАРЫНА ӨТҮҮ

**Бирок зулумдук кылган башка; анан жамандыктын артынан жакшылыкка айландырса, Мен, эч күмөнсүз, кечиримдүүмүн, боорукермин. (Немл Сүрөсү, 11)**

**Сен китеп эмне, ыйман эмне билчү эмессиң. Бирок Биз аны бир нур кылдык; аны менен кулдарыбыздан каалагандарыбызды туура жолго салабыз (хидаят беребиз). (Шура Сүрөсү, 52)**

**Алар сөздүн эң сонунуна жеткирилишкен жана макталган туура жолго жеткирилишкен (салынышкан). (Хаж Сүрөсү, 24)**

Ар бир адамда бул дүйнөдөн өткөнгө чейин «караңгы» коомдун туура эмес көз-караштарынан кутулуп, ыйманга бурулуу мүмкүнчүлүгү бар. Пайгамбар Мырзабыз (сав) бир хадисинде Куран жана сүннөттүн жолуна түшүү жөнүндө мындай деген:

*Албетте, эң жакшы сөз – Аллахтын китеби. Эң жакшы жол – Мухаммеддин (алейхиссалату вассаламдын) жолу. Иштердин эң жаманы болсо кийин чыгарылган динге карама-каршы нерселер. (Бухари, Итисам 2, Адаб 70)*

Улуу Раббибиз Аллах бүт коомдорго эскертүү берилээрин бир аятында төмөнкүчө кабар берген:

**Ким хидаятка жетсе (туура жолго түшсө), өзү үчүн хидаятка жетет; ким адашса өз зыянына адашат. Эч бир күнөөкөр башка бирөөнүн күнөөсүн көтөрбөйт. Биз бир элчи (пайгамбар) жибермейинче, (эч бир коомго) азап бербейбиз. (Исра Сүрөсү, 15)**

Бул чакырыкка адамдар ар кандай жооп көрсөтүшөт. Куранда адамдардын жооптору терең сүрөттөлгөн. Бул жооптордун эң мыктысы болсо – чыныгы ыймандуу айта турган «уктук жана моюн сундук» деген жооп. Аятта мындай деп айтылат:

**Алардын арасында өкүмдарлык кылышы үчүн Аллахка жана элчисине (пайгамбарына) чакырылганда, ыймандуулар: «уктук жана моюн сундук» дешет. Кутулууга (бактылуулукка) жеткендер мына ушулар. (Нур Сүрөсү, 51)**

Куранда динге чакырылганда, текеберденип каршы чыккандар, ал тургай, душмандык кылгандар жөнүндө мындай деп айтылат:

**Чындыкты ар дайым бурмалаган, күнөөгө берилгендердин абалы оор. Ага Аллахтын аяттары окулганда угат, анан (өжөрлүк менен текеберленип) укпамыш болуп кежирленет. Эми сен аны оор бир азап менен сүйүнчүлө. Аяттарыбыздан бир нерсе укканда шылдың кылат. Мына ошолор үчүн басмырлоочу бир азап бар. (Жасия Сүрөсү, 7-9)**

Кээ бирлер болсо башкачараак жооп көрсөтүшөт. Абийири (жүрөгү) ага туура жолду көрсөтөт, бирок ичиндеги башка бир добуш тынымсыз аны караңгы коомдун жалганчы системасынан баш тартпоого чакырат. Бул чакырыктар абийирине карама-каршы келгени үчүн, кээ бир коргонуу механизмдерин колдонуу аркылуу аны кадыресе көрсөткөнгө аракет кылат. Чындыктан качуу үчүн ар кандай жолдорду жасап көрөт. «Алар мага туура нерсени айтып жатышат, бирок мен эрксиз болгонум үчүн же намысымдан улам аны кыла албайм» деп өзүнүн абалын ачык айта албаганы үчүн, акылсыздык менен же ага айтылган акыйкаттардан, же болбосо аларды айтып берген ыймандуулардан кемчилик издей баштайт.

Бирок бир нерсени сөзсүз айта кетүү керек: мындай туура эмес түшүнүк жана мамилелер тарых бою бүт караңгы коомдордо дал ушундай көрүнүштө болуп келген. Ал тургай, тарых бою бүт коомдордо динге чакырган элчилерге, б.а. пайгамбарларга жана чын ыкластуу ыймандууларга окшош жалаалар жабылып, окшош айыптар тагылган. Аяттарда мындай деп айтылат:

**Анан коомунун ыймансыз алдыңкылары (лидерлери) мындай дешти: «Бул болгону силерге окшогон бир адам. Силерге үстөм (башчы) болгусу келип жатат. Эгер Аллах (анын айткандарын) каалаганда, сөзсүз периштелерди түшүрмөк. Биз мурдакы ата-бабаларыбыздан да мындайды уккан эмеспиз.» (Мүминун Сүрөсү, 24)**

**... Ата-бабаларыбыз сыйынган нерселерге сыйынуудан сен бизди тососуңбу? Чындыгында сен бизди чакырган нерседен күмөн санап жатабыз. (Худ Сүрөсү, 62)**

Мындай адам бир заматта толугу менен өзгөрүп, ошол күнгө чейин сырттан көрүп, сындап келген туура эмес дин түшүнүгүн эми болгон күчү менен жактап баштайт. «Элдин баары туура эмес кылып, силер эле туура жолдосуңарбы» деген сыяктуу адатка айланган сөздөрдү айтат. Бирок бул түшүнүктүн Куранга такыр туура келбей тургандыгын билиши зарыл. Себеби Куранда кабар берилгендей, чындык аны кабыл алган адамдардын саны менен өлчөнбөйт. Ансыз да, «адамдардын көпчүлүгүнүн» туура эмес жолдо болоору Куранда билдирилген:

**Алиф, Лам, Мим, Ра. Булар – Китептин аяттары. Жана сага Раббинден түшүрүлгөн чындык. Бирок адамдардын көбү ыйман кылышпайт. (Рад Сүрөсү, 1)**

Тарых бою бүт пайгамбарлар өз милдетин кемчиликсиз аткарып, Аллах билдирген динди адамдарга жеткиришкен. Аллах тапшырган жоопкерчиликти толук аткарып, Аллах Кабатында өз сыйлыктарын алышкан.

## Ыймансыздардын айткан шылтоолору жараксыз

«Караңгы» түшүнүктүн таасиринен кутулууну каалабаган адам акыйкат дин айтып берилгенде, чын ниети менен аларды тыңдап, абийиринин үнүн угуунун ордуна, өз оюнда айтылгандардан кемчилик тапканга аракет кылат. Эч нерсе билбей туруп, өз оюнан ар кандай мисалдарды чыгарып, чындыкты уккусу келбейт. Куранда каапырлардын мындай «мисалдарынын» эч бир негизсиз, туура эмес жоромолдор экендиги айтылган:

**Кара, сен жөнүндө кандай мисалдарды берип, жолдон адашышты. Эми алар эч кандай жол таба алышпайт. (Фуркан Сүрөсү, 9)**

Мындай мисалдардын эң белгилүүлөрү 4-5 мисалдан ашпайт. Мисалы, «чочконун эти эмне үчүн арам?» деген суроону көп беришет. Чочко өзү ыпылас бир жаныбар жана «трихина» аттуу ооруга себеп болот. Бул суроону сураган адамдар өздөрү да демейде чочконун этинин адамдын ден-соолугуна канчалык зыяндуу экенин билишет. Ошондуктан, бул суроону жообун билүү максатында сурашпайт. Өз ойлорунда ыймандууларга кыйынчылык чыгарганга аракет кылышат. Бирок мындай аракеттеринен эч майнап чыкпайт. Бул чындык Куранда төмөнкүчө кабар берилген:

**Аяттарыбыз жөнүндө (аларды) алсыздатууга аракет кылгандар, алар жалындаган отко (тозокко) киришет. (Хаж Сүрөсү, 51)**

**Булар Аллахтын жолунан тосқондор жана андан кемчилик издегендер. Алар акыретти да таанышпайт (ишенишпейт). (Худ Сүрөсү, 19)**

Мындай адамдарга айткан мисалынын жараксыздыгы түшүндүрүлүп берилсе да, максаты чын жүрөктөн маалымат алып, күмөндөрүн жоюу болбогондуктан, дагы башка мисалдарды чыгара беришет. Берилген жооп жана насааттарды түз ниети менен ойлонуп көрсө, алардын тууралыгына көзү жетет. Бирок караңгы коомдун көз-караштары менен ойлонгондуктан, акыйкаттарды түшүнө албайт. Ошондуктан, Аллах Куранда билдиргендей, «кулактарын жаап», ал жерден качуунун жолун издеп баштайт. Куранда караңгы коомдун мындай мамилеси төмөнкүчө кабар берилген:

**Чындыгында мен аларды кечиришиң үчүн ар бир чакырышымда алар манжаларын кулактарына тыгып алышты, кийимдерин баштарына жабышты**

**жана текеберленгенден текеберленишти. (Нух Сүрөсү, 7)**

Насааттан качкан мындай адамдардын абалы жапайы эшектерге салыштырылган:

**Ошого карабастан, буларга эмне болгон, насааттан жүз бура (кача) беришет? Алар үрккөн жапайы эшектер сыяктуу; арстандан коркуп качкан. (Мүдессир Сүрөсү, 49-51)**

Исламга үндөгөндө, ушул сыяктуу начар мамиле менен жооп берип, өзүн туура көрсөтүүгө аракет кылган кишинин «абдан чоң залим экендиги» да Куранда айтылган:

**Исламга чакырылганына карабастан, Аллахка карата жалгандарды ойлоп тапкандардан да залимирээк ким бар? Аллах залим бир коомго хидаят бербейт (аларды туура жолго салбайт). (Сафф Сүрөсү, 7)**

Мындай кишилер, бүт адамдарды өзүндөй ойлогондуктан, ыймандуулардын бир гана Аллахтын ыраазылыгын көздөп, ынтымак жана биримдикте болушуна да «караңгы» түшүнүктөрдүн негизинде бир жооп табууга аракет кылат. «Мында бир пайда бар», «азыркы заманда эч ким эч кимге жөн эле жакшылык кыла бербейт» деген сыяктуу «караңгы» системанын ыпылас жүзүн көрсөткөн логикасыз сөздөр менен өзүнүн куулугун алдыңкы планга чыгарууну көздөйт. Кээде болсо текебердик менен шылдыңдагандай сөздөрдү сүйлөп, кулк-мүнөзүнүн начардыгын көрсөтөт. Мындай мамилелеринде өзүнө окшогон караңгы түшүнүктөгү жакын чөйрөсү ага эң чоң колдоо болуп берет. Куранда мындай адамдардын ыймандууларга карата мамилеси жана аны жолдон азгырган жакын чөйрөсү менен болгон мамилеси төмөнкүчө сүрөттөлгөн:

**Ыймандууларга жолукканда: «Ыйман келтирдик» дешет. Шайтандары менен жалгыз калганда болсо: «Күмөнсүз, силер менен биргебиз. Биз болгону (аларды) шылдыңдап жатабыз» дешет. (Чындыгында) Аллах аларды шылдың кылат жана чектен чыгып, адашып жүрүүлөрү үчүн (белгилүү бир) убакыт берет. (Бакара Сүрөсү, 14-15)**

Негизи Куранга каршы ар кандай мисалдарды ойлоп чыгаруу, ыймандууларга калп айтып, кара ниет менен мамиле кылуу, аларга шылдыңдагандай сөздөрдү сүйлөө бир гана ушундай кишилерге тиешелүү жаман мүнөздөрдөн эмес. Андан канчалаган доор мурда жашап өткөн динге каршы адамдар да кылымдардан бери дал ушундай акылсыз тактикаларды колдонуп келишкен. Доорлор алмашканы менен, түшүнүктөр, колдонулган ыкмалар жана берилген мисалдар ошол бойдон өзгөрбөй келе жатат. Чындыктарды билип туруп жаап-жашыруу үчүн бул ыкманы колдонгондордун түшүнүгү тарых бою эч өзгөрбөй, ушул күнгө чейин уланып келди:

**Жок, алар илгеркилердин (мурда жашап өткөндөрдүн) айткандарына окшош нерселерди айтышты. (Мүминун Сүрөсү, 81)**

Дагы бир топтогу адамдар болсо динди бурмалап, өздөрүнүн кызыкчылыктарына тууралаганга аракет кылышат. Динди минтип бурмалаганга аракет кылгандар жөнүндө Куранда төмөнкүдөй өкүм айтылган:

**Силерге эмне болуп жатат? Кандай өкүм чыгарып жатасыңар? Же (колуңарда) сабак алган бир китебиңер барбы? Ичинде, эмнени тандап-жактырсаңар, сөзсүз силердики болот деген. Же болбосо силер үчүн (Биздин) үстүбүздө кыяматка чейин уланган бир ант барбы, силер кандай өкүм чыгарсаңар, сөзсүз силердики бойдон калат деген. (Калем Сүрөсү, 36-39)**

Куран менен жашаган чын ыкластуу бир мусулманды көргөндө, ичиндеги күнөөкөрлүк сезимин жана басынуу комплексин жашыруу үчүн, өзүн актаганга аракет кылуу ыкмасы да «караңгы» коомдордо көп кездешет. Мындай адамдар көбүнчө белгилүү сөздөрдү колдонушат. Ичиндеги бул сезимдерин «алхамдулилла, биз да мусулманбыз», «менин атам ажы», «чоң энем да башын жамынаар эле», «үй-бүлөм абдан динчил», «мен ансыз да айт намаздарынан калбайм» деген сыяктуу сөздөр менен билдиришет. Мындай кишилерге дин жөнүндө насаат айтылса, эскертүү берилсе, акыл үйрөтүлсө, туура нерселер насаат кылынса, жаман көрүшөт.

Ошондой эле, «мен баарыңардан динчилмин, баарыңардан намыстуумун, кимдин кимден жогору экенин бир гана Аллах билет» деген сыяктуу сөздөр менен өзүн өйдө көрсөткөнгө аракет кылгандар да болот. Албетте, кимдин жогору экенин бир гана Аллах билет. Бирок Аллах жогорулуктун бир гана Аллахка болгон жакындыктан жана Куранда айтылган ыймандуунун касиеттерине ээ болуудан келип чыгаарын апачык билдирген. Куранда айтылган критерийлер апачык жана түшүнүктүү болгондуктан, Курандан такыр кабары жок бир кишинин өзүн амалкөйлүк менен жогору көрсөтүүгө аракет кылышы анын аңкоолугун гана көрсөтөт.

Мындай түшүнүктөгү адамдын эң чоң катачылыктарынын бири – бул, анын ыймандууларды алдап койдум деп ойлошу. Ыймандуулар, Аллах берген көрөгөчтүккө жана Курандагы чен-өлчөмдөргө таянып, маңдайындагы адамдардын ички дүйнөсүн эң мыкты «окуй» алышат. «Жүрөктөрдүн түбүндө жашыруун турганды билүүчү» (Али Имран Сүрөсү, 119) Аллах ансыз да ал кишини өзүнөн да жакшы тааныйт. Бул адам ушул сыяктуу амалкөйлүктөр менен башка адамдарды жана өзүнүн абийирин алдаган күндө да, Аллах Кабатында анын бул шылтоолору эч нерсеге жарабайт.

# ДҮЙНӨ ЖАНА АКЫРЕТ ЖАШООСУ

**Аялдарга, балдарга, сандык сандык жыйылган алтын жана күмүшкө, күлүк көркөм аттарга, жаныбарларга жана түшүмдөргө болгон бекем (күчтүү) арзуу адамдарга «кооз жана өзүнө тартуучу» көрсөтүлдү. Булар – дүйнө жашоосунун жалган кооздуктары. Чыныгы барыла турган сонун жер – Аллахтын Кабатындагы (мекен). Айткын: «Силерге мындан жакшысын кабар берейинби? Коркуп-тартынгандар үчүн Раббилеринин Кабатында ичинде түптүү жашай турган, астынан дарыялар агып турган бейиштер, таптаза жубайлар жана Аллахтын ыраазылыгы бар. Аллах кулдарды толугу менен көрүп туруучу.» (Али Имран Сүрөсү, 14-15)**

Негизи адамдардын жогоруда айтылгандай туура эмес жолдорго түшүшүнө алардын акыретти түшүнө албашы себеп болот. Куранда айтылгандай, Аллах бул дүйнөнү адамдарга убактылуу мекен кылып жараткан. Ыймандуулардын сыноодон өтүп, жамандыктардан тазаланып, бейишке ылайыктуу кулк-мүнөзгө жетиши, ал эми ыймансыздардын болсо жамандыгынын көрүнүшү үчүн.

Бирок «караңгы» коомдордун эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири; алар бул акыйкатты унутуп, эч өлбөчүдөй бул дүйнөгө жабышышат. Бул түшүнүктөн «караңгы» кулк-мүнөз келип чыгат. «Адам бул дүйнөгө бир жолу келет» деп ойлонгон бул негизсиз көз-караш боюнча, адам өлгөндө баары бүтөт. Ошондуктан, тирүү кезде «жашоодон ырахат алуу» керек. Ал үчүн ар кандай жолго барууга болот. Себеби «караңгы» коомдо адамга кызыкчылык алып келе турган нерселердин баары «мыйзамдуу» деп жарыяланган. Бирок чындык эч алар ойлогондой эмес.

«Караңгы» коомдун кишилери акылын такыр иштетпейт. Өлүмдүн ар бир адамга бир күнү сөзсүз келээри белгилүү. Бирок бул жөнүндө мүмкүн болушунча сөз козгобогонго аракет кылышат. Өлүм жөнүндө сүйлөгөн кишини «ашыкча сүйлөдү» дешет. Көп адамдар эч өлбөчүдөй бир түшүнүк менен жашашат. Бирок мындай түшүнүктөгү кишилердин көпчүлүгү Аллахтын бар экенин кабыл алышат. Ошондуктан акыретти да кабыл алабыз дешет. Бирок жакшылап караганда, бул адамдардын акыретке чындап ишенбей тургандыгын көрүүгө болот. Аяттарда бул психология төмөнкүчө сүрөттөлгөн:

**Чындыгында, булар тез өтүп кете турганды (дүйнөнү) жакшы көрүшүүдө. Алдыларында турган оор күндү унутуп жатышат. (Инсан Сүрөсү, 27)**

**... (Алардын) Ар бири миң жыл жашагысы келет; бирок мынча жашоо аны азаптан куткарбайт. Аллах алардын кылган иштерин көрүп турат. (Бакара Сүрөсү, 96)**

**Абайлагыла; чындыгында алар Жаратуучуларына жолугуудан терең шектенишүүдө. Абайлагыла, чындыгында Ал бардык нерсени ороп-курчоочу. (Фуссилет Сүрөсү, 54)**

Акыретти ойлонбоодон келип чыккан «бул дүйнөдө түбөлүк жашоо» каалоосу «караңгы» коомго өтө зор таасирин тийгизет. Көп адамдар бул дүйнөгө өлгөндөн кийин «атын сактап кала турган» бир «чыгарма» калтыргысы келет. Мунун ага эч кандай пайдасы тийбейт, бирок «унутулуп калбайын» деген кызыктай бир психологиядан улам гана эбегейсиз бир байлык же атактуу бир шедевр калтырып кетүүнү көздөйт. Албетте, бир адамдын адамзатка пайдалуу мыкты чыгармаларды калтырышы мактоого татыйт, бирок биз бул жерде мындай адамдардын кызыктай максатын сындап жатабыз. Куранда динден алыс адамдардын мындай туура эмес түшүнүгү төмөнкүчө сүрөттөлгөн:

**Аларга бир туугандары Худ: «Тартынбайсыңарбы?» деген эле. «Чындыгында, мен силерге жиберилген ишенимдүү бир элчимин (пайгамбармын). Эми Аллахтан коркуп-тартынгыла жана мага моюн сунгула. Ал үчүн мен силерден бир акы сурабайм; менин акымды бир гана ааламдардын Рабби берет. Силер бүт бийик жерлерге бир эстелик куруп, (пайдасыз нерселерге) алаксып көңүл ачып жатасыңарбы? Өлүмсүз болом деген үмүт менен көркөм нерселерди куруп жатасыңарбы?» (Шуара Сүрөсү, 124-129)**

**Ал байлык жыйып чогултат жана аны кайра кайра санайт. Чындап байлыгым мени түбөлүктүү кылат деп ойлойт. (Хумаза Сүрөсү, 2-3)**

«Караңгы» коомдун акырет ишеними да такыр туура эмес болот. Караңгы коомдогу кишилер акыретке так маалымат-далилдер менен ишенишпейт. Эң ыймандуудай көрүнгөндөрү да «акырет бар болсочу» деген күмөндөн ары өтө алышпайт. Болгондо да, акырет жөнүндө ушундай караңгы түшүнүктө жүргөндөр өздөрүнүн бейишке бараарынан эч күмөн санашпайт. Кехф Сүрөсүндөгү бир кыссада (баянда) айтылган киши «караңгы» коомдун жалпы көз-карашын чагылдырат:

**Аларга эки адамдын мисалын айтып бер; алардын бирине эки жүзүм багын бердик жана экөөсүндө (тең) курма бактары бар болчу, экөөнүн ортосунда болсо эгиндер өстүрдүк.**

**Эки бак тең мөмө берип, андан эч нерсени кем кылган жок жана ортолорунан бир дарыя атылып чыгып турчу. (Экөөсүнөн) Бирөөнүн башка түшүм (берген жер)лери да бар эле. Ошентип аны менен сүйлөшүп жатканда досуна: «Мен мал-мүлк жагынан сенден байыраакмын, адам саны жагынан да күчтүүрөөкмүн» деди.**

**Өз напсисине зулумдук кылып (ошентип) багына кирип: «Муну эч качан**

**куурап-жок болбойт деп ойлойм» деди. «Кыямат саатын да келбейт деп ойлойм. Ошентсе да, Раббиме кайтарылып бара турган болсом, күмөнсүз, мындан жакшыраак акыбетке жетем.»**

**Аны менен сүйлөшүп жаткан досу ага мындай деди: «Сени топурактан, анан бир тамчы суудан жараткан, анан сени бир тартиптеги (колу буту иштеген, күч-кубаты ордунда) бир адам кылган (Аллах)ты жокко чыгарып жатасыңбы? Бирок, Ал Аллах менин Раббим жана мен Раббиме эч кимди шерик кошпойм. Багыңа киргенде, «МашаАллах, Аллахтан башка күч-кудурет жок» дешиң керек эмеспи? Эгер мени мал-мүлк жана балдар жагынан өзүңдөн азыраак (күчтө) деп ойлосоң. Балким Раббим мага сенин багыңдан жакшыраагын берээр, (сеникинин) үстүнө асмандан «күйгүзүп-кыйратуучу бир апаат» жиберип, (ал) түптүз бир топуракка айланып калышы мүмкүн. Же анын суусу түбүнө тартылып кетип, аны эч издеп таба албай каласың.»**

**(Анан) Анын түшүмдөрү (апааттар менен) оролду. Эми ал короткон каражаттары үчүн колдорун (кайгыруу менен) ушалап калды. Ал (бактын) чатырлары кулаган эле, өзү болсо мындай деп жатты: «Аттиң, Раббиме эч кимди шерик кошпогонумда кана.»**

**Аллахтан башка ага жардам бере турган эч ким жок эле, (жана) өзүнө өзү да жардам бере алган жок. Мына ушул жерде (ушундай абалда) колдоо көрсөтүү (достук, көмөк көрсөтүү) акыйкат Аллахтын колунда. Ал сооп жагынан жакшы, (жана) натыйжа жагынан (да) жакшы. (Кехф Сүрөсү, 32-44)**

Башка бир сүрөдө «акырет мүмкүн бар болсо» деген сабатсыз түшүнүктү айтып, андан соң өзүн бейиштикмин деп жарыялаган караңгы түшүнүк төмөнкүчө баяндалган:

**Ал эми ага келген зыяндан кийин тарабыбыздан бир мээрим таттырсак, сөзсүз: «Бул менин (акым). Жана мен кыямат-саатын да келбейт деп ойлойм; эгер Раббиме кайтарылсам да, сөзсүз Анын Кабатында мен үчүн (бул жакшылыктардын) жакшыраагы бар» дейт. Бирок, ант болсун, Биз ал каапырларга кылгандарын кабар беребиз жана ант болсун аларга эң оор азаптан таттырабыз. (Фуссилет Сүрөсү, 50)**

Бул аятта, көңүл бурган болсоңуз, Аллах муну айткан кишинин ыймансыз (каапыр) экендигин кабар берүүдө.

Аллахтын бар экенин кабыл алган адам акыретке толук ишенет. Адамды Аллах жаратат, аны тамактандырып, өмүр сүрдүрөт жана ага сансыз сый-жакшылыктарды берип, аябай боорукердик көрсөтүп, мээрим төгөт. Жана, албетте, булардын баарына шүгүр кылып, жакшы иштерди кылгандар менен шүгүрсүздүк кылгандар, б.а. Аллахтын жакшылыктарын көрбөгөндөр бир болбойт. Себеби, Аллах пенделерине карата абдан боорукер жана мээримдүү.

**«Ар бир жан (напси) өлүмдү татат.»** (Анбия Сүрөсү, 35) деп аятта айтылгандай, ар бир адам бул дүйнөдө кыска убакыт жашаган соң, сөзсүз көз жумат. Аллах адамды белгилүү бир убакыт өмүр сүрдүрткөн соң, жанын алат. Бул мөөнөт аятта **«сабак ала турган адам сабак ала турганчалык (узун) өмүр бербедикпи?»** (Фатыр Сүрөсү, 37) деп сүрөттөлгөн.

Адам өлгөндө жок болбойт, тескерисинче чыныгы жашоого кадам таштайт. Ансыз да, бул дүйнөнүн убактылуу экендигин жана чыныгы жашоонун бир үлгүсү катары жаратылгандыгын ой жүгүрткөн адам оңой эле түшүнө алат. Бул дүйнөдөгү бүт кооздуктар убактылуу, жана көптөгөн кемчиликтер менен жаратылган. Дүйнөдөгү эң сулуу адам бул сулуулугун көп болсо бир канча он жыл гана сактай алат. Улгайган сайын териси бырышып, денесинин калыбы бузулуп баштайт. Сөзсүз улгайышы шарт эмес, эң жагымсыз нерселер адамды дайыма жандап жүрөт. Адамдын денесине анын алсыздыгын көрсөтө турган өтө кызыктуу механизмдер жайгаштырылган. Бир канча күн жуунбаса, денесинде жаман жыттар пайда боло баштайт. Канчалык сулуу жана ажардуу болбосун, эң чоң алсыздык анда да болот, тагыраак айтканда, бүт адамдар сыяктуу ал да ажатканага барат.

Адамдардын көпчүлүгү көнүп калгандыктан, бул алсыздыктарда бир «даанышмандык» бар экенин көбүнчө байкашпайт. Чындыгында болсо, Улуу Аллах кемчиликсиз жаратуучу. Аллах каалаförfattare, адам эч оорумак эмес, эч жаман жыттанмак эмес жана эч качан күчтөн таймак эмес. Мындай кемчиликтердин баары адамга Улуу Аллахка муктаж экендигин эстетип туруу үчүн жаратылган. Ошондой эле, бул дүйнөдөгү жашоонун кемчиликсиз эместигин жана анын чыныгы жашоонун атайын кемчиликтер менен жабдылган бир үлгүсү экендигин сездирүү үчүн. Дүйнө жана акырет жөнүндөгү Курандын бир аяты муну эң сонун сүрөттөгөн:

**Билип койгула, дүйнө жашоосу жалаң гана бир оюн, «жагымдуу бир алаксуу», бир кооздук, өз араңарда бир мактануу, мал-мүлк жана бала-чаканы «көбөйтүү каалоосу» гана. Бир жамгыр мисалындай. Ал (жамгыр) өстүргөн эгин (аны) эккендердин көңүлүнө жагат, анан (ал) куурайт. Бир карасаң, сапсары болгон болот, кийинчерээк болсо ыпыр-сыпырга айланат. Акыретте болсо оор азап; (же) Аллахтан бир кечирим жана бир ыраазылык бар. Дүйнө жашоосу – алдамчы бир кооздук гана. (Хадид Сүрөсү, 20)**

Анда, чыныгы жашоо кандай? Чыныгы жашоонун ыймандуулар үчүн бейиш жашоосу жана ыймансыздар үчүн тозок жашоосу болуп экиге бөлүнөөрүн элдин баары билет. Бирок «караңгы» коом бейиш менен тозок жөнүндө да көптөгөн чындыкка сыйбаган көз-караш, «жомокторду» ойлоп табышкан. Ошондуктан акырет жашоосу жөнүндөгү туура маалыматтарды Курандын аяттарынан гана ала алабыз.

# БЕЙИШ: ЫЙМАНДУУЛАРДЫН ЧЫНЫГЫ МЕКЕНИ

**Раббиңерден болгон бир кечиримге жана бейишке (жетүү үчүн) «аракет кылып-жарышкыла», (ал бейиш) кенендиги асман менен жердин кеңдигиндей болуп, Аллахка жана Пайгамбарына ыйман кылгандар үчүн даярдалган. Мына ушул Аллахтын берешендиги, аны каалаганына берет. Аллах өтө берешен. (Хадид Сүрөсү, 21)**

**Ал жерде каалаган нерселеринин баары алардыкы; Кабатыбызда андан да көбү бар. (Каф Сүрөсү, 35)**

Ыймандуулардын түбөлүктүү мекени – бул, бейиш. Аллах бул дүйнөдөгү аракеттери үчүн аларды бейиши менен сыйлайт. Бейиш – адамдын руху каалаган нерселердин баарын, ал тургай, аяттарда айтылгандай, андан да көбүн камтыган бир кооздуктар мекени. Аллахтын «Рахим» ысмынын эң сонун чагылуусу болгон бир түбөлүктүү мекен.

Пайгамбар Мырзабыз (сав) бир куттуу хадисинде бул дүйнө жашоосуна салыштырмалуу бейиштин адам үчүн канчалык сонун бир сый-жакшылык экендигин төмөнкүдөй бир мисал менен сүрөттөп берген:

*Бейиште жаадай бир жер күн чыгып, баткан нерседен (бул дүйнөдөн) жакшыраак. [Кутуб ас-ситта-14, б. 429/2]*

Адам бул жөнүндө эч нерсе билбесе да, дүйнө жашоосунун кемчиликтери жана сый-жакшылыктарга (үй-жай, унаа ж.б.) болгон көңүлүндөгү эңсөөлөрү жөнүндө кыска эле ойлонгондо, бул акыйкатты оңой гана түшүнө алат. Себеби Аллах бул дүйнө жашоосунун чыныгы жашоо эместигин түшүнүшү үчүн адамдарга көптөгөн далилдерди жараткан. Адам дээрлик күн сайын өзүнүн денесинен баштап, бүт тараптан дүйнө жашоосунун кемчиликтерин көрөт. Өмүрүн улантуу үчүн эле канчалаган чараларды көрүүгө мажбур. Кичине эле кайдыгерлик кылса, жараат алып же оору-сыркоолорго туш болушу, ал тургай, өлүмгө кабылышы да мүмкүн. Өмүрүнүн көп бөлүгүн денесинин алсыздыктарын жойгонго коротот. Бирок, ошончо аракетине карабастан, жылдардын өтүшү менен денеси бузулуп баштайт. Адамдын денеси сыяктуу, эң кооз гүлдөр да белгилүү убакыттан соң соолуйт; эң кооз түстүү, эң сонун жыттуу розалар, жоогазындар, фиалкалар чирип сасыйт. Эң даамдуу жана жаңы бышкан мөмө-чөмө, жашылча-жемиштер кыска убакыт ичинде чирип, адам жегис болуп калат. Эң кооз үйлөр, буюмдар, унаалар белгилүү убакыттан соң эскирип, сынып талкаланат.

Булар бул дүйнө жашоосунда адамдар көргөн миллиондогон кемчиликтердин бир канчасы гана. Бирок, адамдар эңсеген чыныгы мекендин бул дүйнө эместигин түшүнүүгө

ушулар эле жетиштүү болот.

Адам бул кемчиликтерди көрүп, ар дайым ичинен кемчиликсиздикти, бул кемчиликтердин бирөөсү да болбогон бир дүйнөдө жашоону эңсей берет. Оору-сыркоолор, өлүмдөр, согуштар, уруш-талаштар, жамандыктар, кемчиликтер жана кыйынчылыктардын бирөөсү да болбогон бир дүйнөнү эңсейт. Бул максатка жетүү үчүн, бул дүйнөдө эч бир көйгөйсүз, бактылуу жашоону түзүүнүн жолдорун издейт. Бирок, Аллах Куранда адамдарга мындай бактылуу жашоонун бейиште гана болоорун кабар берген. Адамга ага жетүү үчүн абдан оңой бир милдет жүктөлгөн: Раббибиз ыраазы боло тургандай өмүр сүрүү. Аягында, Аллахтын каалоосу менен, өзү эңсеп, кыялдангандан алда канча жакшы, кемчиликсиз жана түбөлүк бактылуу бир жашоого жолугат.

Дүйнө жүзүндөгү бүт нерселерди Аллах жараткан жана Аллах бейишинде да булардан каалагандарын жаратат. Аллахтын каалоосу менен, бейиштеги «сарайлар» дүйнөнүн эң «ультра-заманбап» вилласынан алда канча мыкты болот. Кооздугу макталган бейиш кийимдери эң белгилүү франциялык же италиялык мода үйлөрүнүн кийимдеринен алда канча сапаттуу жана кооз көрүнүштө болот. Бейиштеги «ур кыздар», сөзсүз араб гаремдеринен чыккан аялдарга окшош эмес, дүйнөнүн эң сулуу аялдарынан алда канча сулуу жана ажардуу кылып жаратылат.

Аллах бейишти сүрөттөгөндө, бүт доорлордун адамдары түшүнө ала турган кооздуктарды санап өткөн. Анткен менен, бейиштин көп адамдар билбеген бир өзгөчөлүгү бар. Бул – Аллах **«ал жерде көңүлдөр каалаган жана көздөр ырахат алган бүт нерселер бар. Жана силер ал жерде түбөлүк жашайсыңар.»** (Зухруф Сүрөсү, 71) деген аятта кабар берген бир акыйкат. Бул аятта бейиште адамдын көңүлү каалаган бүт нерсенин бар экендиги кабар берилген. Башка бир аятта болсо **«ал жерде каалаган нерселеринин баары алардыкы (болот); Кабатыбызда андан да көбү бар.»** (Каф Сүрөсү, 35) деп айтылат. Бул аяттардан адамдын маанайын көтөргөн, күлдүргөн жана көңүлүн ачкан нерселердин бейиште, бул дүйнөдөгүгө окшош же башка бир көрүнүштө, болоору, адамдын оюна келген бүт каалоолорунун ал жерде ашыгы менен ишке ашырылаары көрүнүп турат.

Бейиште ыймандуулар абдан чоң сый-урмат көрүшөт. Рахман Сүрөсүндө бейиш жөнүндө төмөнкүлөр айтылган:

**Раббиңдин макамынан корккон адам үчүн болсо эки бейиш бар. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын (сый-жакшылыктарын) жалганга чыгара аласыңар?**

**Ар кандай «назиктиктерге жана кооздуктарга» (же ар түрдүү коюу дарактарга) ээ. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар?**

**Экөөсүндө тең агып турган эки булак бар. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар?**

**Экөөсүндө тең ар бир мөмөдөн эки жуп бар. Демек Раббиңердин кайсы немат-**

**жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар?**

**Астылары өтө жасалгаланган атластан төшөктөр үстүндө жазданышат. Эки бейиштин тең мөмөсүн-алуу (ал жердегилерге) жакын (оңой). Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар?**

**Ал жерде көздөрүн жубайларына гана бурган аялдар бар, булардан мурда аларга бир адам да, бир жин да тийген эмес. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар?**

**Алар жакут менен маржан сымал. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар?**

**Ихсандын (жакшылыктын) акысы ихсандан башка нерсе болобу? Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар?**

**Бул экөөнөн башка дагы эки бейиш бар. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар?**

**Болушунча жапжашыл. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар?**

**Ичтеринде тынымсыз атылып-агып турган эки булак бар. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар?**

**Ичтеринде (ар түрдүү) мөмө, теңдешсиз курма жана теңдешсиз анар бар. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар?**

**Ал жерде мүнөздөрү сонун, жүздөрү сулуу аялдар бар. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар?**

**Чатырлар ичинде корголгон ур аялдар. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар?**

**Булардан мурда аларга бир адам да, бир жин да тийген эмес. Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар?**

**Жашыл жаздыктарга жана өтө кооз төшөктөргө жазданышат (сүйөнүшөт). Демек Раббиңердин кайсы немат-жакшылыктарын жалганга чыгара аласыңар?**

**Улуу жана берешен Раббиңдин аты кандай Улук. (Рахман Сүрөсү, 45-78)**

Башка аяттарда болсо бейиш жөнүндө төмөнкүдөй маалыматтар берилген:

**Кайсы тарапка бурулсаң, бир немат (сый-жакшылык) жана чоң бир мүлк көрөсүң. (Инсан Сүрөсү, 20)**

**Ал жерде тактылар үстүндө жазданып-сүйөнүшөт. Ал жерде (күйгүзүүчү) бир күн да жана тоңдуруучу бир суук да көрүшпөйт. (Инсан Сүрөсү, 13)**

**Ал жерде маанисиз бир сөз укпайт. (Гашия Сүрөсү, 11)**

**Жана жандарында көздөрүн жубайларына гана бурган ири көздүү аялдар бар.**

**Алар сакталган бир жумуртка сыяктуу (сулуу жана жылмакай). (Саффат Сүрөсү, 48-49)**

**«Бизден кайгыны кетирип жок кылган Аллахка мактоолор болсун; күмөнсүз Раббибиз чындыгында кечиримдүү, шүгүрлөрдү кабыл кылуучу. Ал бизди Өз берешендигинен (түбөлүк) жашай турган бир мекенге жайгаштырды; бул жерде бизге бир чарчоо келбейт жана бул жерде бизге бир тажоо да келбейт» дешет. (Фатыр Сүрөсү, 34-35)**

**Бирок Раббилеринен коркуп-тартынгандар болсо; аларга бийик сарайлар бар, алардын үстүндө да бийик сарайлар курулган. Алардын астында суулар агып турат. (Бул) Аллахтын убадасы. Аллах убадасынан кайтпайт. (Зүмер Сүрөсү, 20)**

Сурак күнүнөн соң Аллах чын ыкластуу кулдарына (пенделерине) мындай деп кайрылат:

**Эй көңүл ток (ыраазы болгон) напси (жан), Раббиңе (Аны) ыраазы кылган жана (өзүң да) ыраазы болгон маанай менен кайт. Эми кулдарымдын арасына кир. Бейишиме кир. (Фежр Сүрөсү, 27-30)**

# ЫЙМАНСЫЗДАРДЫ КҮТКӨН ТОЗОК

**Аны жалгыз кылып жаратканымды Мага кой. Мен ага «ушунчалык көп мал-мүлк» бердим. Көз алдында даяр балдар. Жана сансыз мүмкүнчүлүктөрдү алдына койдум. (Ал болсо) мындан да көбөйтүшүмдү каалап, ач көздүк кылат. Жок; себеби ал Биздин аяттарыбызга карата «катуу кежирлик кылат.» Аны болушунча тик бир тоого (дөбөгө) айдайм. Себеби ал ойлонуп, бир өлчөм аныктады. Каргыш ургур, кандай өлчөм койду? Дагы бир жолу каргыш ургур, кандай өлчөм койду? Анан бир карады. Анан кабагын бүркөп, чекесин тырыштырды. Анан терс бурулуп, бой көтөрдү. Анан: «Бул болгону «башкалардан үйрөнүп алынган» бир сыйкыр» деди. «Бул болгону бир адамдын сөзү.» Аны Мен тозокко сүйрөп-ыргытам. Тозок (сакар) деген эмне, сен билесиңби? Ал жөн калтырбайт жана жөн койбойт. Адамга абдан суусаган. (Мүдессир Сүрөсү, 11-29)**

Бейиш канчалык кооздуктарга жана сый-жакшылыктарга толо болсо, тозок ошончолук жагымсыз нерселерге жана азаптарга толо. Ыймандуулар менен ыймансыздардын ортосундагы бул дүйнөдө эле пайда болгон чоң айырма акыретте эң жогорку чекке жетет. Адамзатты жаратып, өмүр сүрдүргөн жана адамзатка динин жиберген Аллахты жокко чыгаргандар же Ага моюн сунбагандар түбөлүк азап менен жазаландырылат.

Аллах Куранда тозокко татыктууларды төмөнкүчө сүрөттөгөн:

**Ким ага «туптуура жол» апачык белгилүү болгон соң, элчиге (пайгамбарга) каршы чыкса жана ыймандуулардын жолунан башка бир жолду ээрчисе, аны кайткан нерсесинде калтырып койобуз жана тозокко салабыз. Ал кандай жаман орун!.. (Ниса Сүрөсү, 115)**

**Диндерин бир оюн жана күлкү кылып алгандарды жана дүйнө жашоосу аларды текебер кылгандарды жөн кой. Ал (Куран) аркылуу эскерт; бир напси өз кылгандары менен азапка туш болбосун; (мындайдын) Аллахтан башка досу да, шапаатчысы да жок; (кутулуу үчүн) эмне берсе да кабыл алынбайт. Мына ошолор кылгандары үчүн кыйроого туш болгондор; каапырдыкка адашкандыгы үчүн аларга катуу кайнаган суулар жана оор бир азап бар. (Энъам Сүрөсү, 70)**

**Алтын менен күмүштү жыйнап, Аллах жолунда коротпогондор... Аларды оор бир азап менен сүйүнчүлө. Алардын үстү тозок отунда күйгүзүлө турган күнү алардын маңдайына, капталдарына жана жондоруна булар менен тамга басылат**

**(жана:) «мына ушулар өзүңөр үчүн жыйнап-сактаганыңар; жыйнап-сактаганыңарды таткыла» (деп айтылат). (Тообо Сүрөсү, 34-35)**

**Ага: «Аллахтан корк» деп айтылганда, текебердик (бой көтөрүү) сезими аны күнөөгө түртөт, (аны) оройт. Мындайга тозок жетет; ал кандай жаман бир мекен. (Бакара Сүрөсү, 206)**

Тозокко кире тургандардын орток өзгөчөлүгү; алар динге чакырылганда, андан жүз бурушат:

**Суръа (сур) чалынды (үйлөндү), анан Аллах каалагандан башка асмандардагылар жана жердегилер сүзүшүп-кулашты. Кийин ал дагы бир жолу чалынды, эми алар тик болуп карап турушат. Жер Раббиңдин нуру менен жаркырады; китеп койулду; пайгамбарлар жана күбөлөр алып келинди жана араларында чындык (адилеттик) менен өкүм чыгарылды, алар адилетсиздикке кабылышпайт. Ар бир напсиге (адамга) кылганынын толук акысы берилди. Ал алардын кылганын жакшыраак билүүчү. (Чындыктан) Баш тартуучулар тозокко бөлүк бөлүк айдалышты. Аягында ал жерге келишкенде, эшиктери ачылды жана аларга (тозоктун) кайтаруучулары айтышты: «Силерге Раббиңердин аяттарын окуган жана бүгүнкү күнгө жолугаарыңарды (айтып) силерди эскерткен элчилер келишпеди беле?» Алар: «Ооба.» дешти. Бирок азап сөзү каапырлардын башына акыйкат болду. Мындай дешти: «Ичинде калуучулар катары тозоктун эшиктеринен (ичкери) киргиле. Текеберленгендердин конок жери канчалык жаман.» (Зүмер Сүрөсү, 68-72)**

**Оттун ичиндегилер тозоктун кайтаруучуларына мындай дешти: «Раббиңерге дуба кылгыла; азаптан бир күн (болсо да) бизге жеңилдетсин.» (Кайтаруучулар:) «Силерге өз Пайгамбарларыңар анык далилдер менен келчү эмес беле?» дешти. Алар: «Ооба» дешти. (Кайтаруучулар:) «Андай болсо силер дуба кылгыла» деп айтышты. Чындыгында болсо, каапырлардын дубасы туюкта калуу гана. (Момун Сүрөсү, 49-50)**

Тозокко кире тургандардын бир бөлүгү бул дүйнөдө Аллахтын азабы жөнүндө ойлонбогондордон турат. Аяттарда мындай деп айтылат:

**Китептен бир үлүш берилгендерди көргөн жоксуңбу? Ортолоруңарда Аллахтын Китеби өкүм чыгарсын деп чакырылганда, алардын бир бөлүгү жүз бурушат. Алар мына ушинтип артка бурулушат. Бул алардын: «Биз отко саналуу күнгө гана киребиз» дегени себептүү. Алардын мындай доомattары аларды диндери жөнүндө жаңылыштыкка түшүргөн. Эми аларды эч күмөнсүз келе турган**

**бир күнү топтогонубузда жана ар бир напсиге (адамга), эч кандай адилетсиздикке туш кылынбастан, тапкан-чогултканы толугу менен төлөнгөндө эмне болот? (Али Имран Сүрөсү, 23-25)**

Тозоктогу үрөй учурарлык абалды сүрөттөгөн башка кээ бир аяттар төмөнкүдөй:

**Алар бири-бирине көрсөтүлүшөт. Бир кылмышкер-күнөөкөр ал күндүн азабынан кутулуу үчүн балдарын садака чапкысы келет; өз жубайын жана бир тууганын, жана аны баккан тууган-уругун да; жер бетиндегилердин баарын (берип), кутулгусу келет. Жок; (эч бири кабыл алынбайт). Чындыгында ал (тозок) алоолонуп күйүп жаткан от. Баштын терисин кууруп сыйрыйт. Жүз буруп, артка бурулганды чакырып-турат. (Тынымсыз мал-мүлк жана байлык) Топтоп бир жерге (үстү-үстүнө) чогултканды. (Меариж Сүрөсү, 11-18)**

**Ал жерде алар үчүн «сөөктөрдү чатыраткан сыздоолор» бар. Алар ал жерде угушпайт дагы. (Анбия Сүрөсү, 100)**

**(Мындайдын) Алдында тозок бар жана (ал жерде) ириңдүү суудан ичирилет. Жутунууга аракет кылат, бирок тамагынан өткөрө албайт, ага бүт тараптан өлүм келет, бирок өлбөйт дагы. Андан соң, андан да катуу бир азап болот. (Ибрахим Сүрөсү, 16-17)**

**Ал күнү кылмышкер-күнөөкөрлөрдүн (бекем) чынжырларга байланганын көрөсүң. Кийимдери (жабышчаак) кара желимден (болот), жүздөрүн жалын каптайт. (Ибрахим Сүрөсү, 49-50)**

**Чындыгында, ал заккум дарагы; (ал) Күнөөкөрдүн тамагы. (Оттон) Ширеткич сыяктуу; курсактарда кайнай берет; Кайнак суунун кайнашы сыяктуу. «Аны кармап, тозоктун ортосуна айдагыла.» «Анан кайнак суунун азабынан башынан ылдый куйгула. (Азапты) Тат, себеби сен (өз оюңда) жогору, кадыр-барктуу элең. (Духан Сүрөсү, 43-49)**

Бул аяттарда айтылган бейиш жана тозоктун экөө тең – чыныгы акыйкат. Бул дүйнөнү жана бул дүйнө жашоосун жараткан Аллах аларды да жаратаарын кабар берген. Ыймансыз адамдар канчалык бул акыйкаттарды көргүсү келбесе да, сөзсүз аларга жолугат. Бир Ислам аалымы айткандай, акыретти ойлонбогон адам төө кушка окшошот. Башын кумга көмүп алганда сыртты көрбөй калат, жана натыйжада «мени да эч ким көргөн жок» деп ойлойт. Чындыгында болсо, дүйнө жүзүндөгү ар бир адамдын бүт кылган иштерин Аллах көрүп, жаздырып турат.

Дин менен жашоого чакырылып, бирок бул чакырыкты кабыл албай,

ыймансыздардын жолуна түшкөндөр тозокко татыктуу кишилерге айланышат. Мындай кишилер жөнүндө аяттарда минтип айтылат:

**... Силерге Раббиңердин аяттарын окуган жана ушул күнгө жолугаарыңарды (айтып) силерди эскерткен элчилер (пайгамбарлар) келген жокпу? (Зүмер Сүрөсү, 71)**

Динге чакырылганда, жүз бургандар болсо «азапка татыктуу» болушат:

**Бирок, ал тастыктаган да жок, намаз да окуган жок эле. Ал төгүндөп, жүз бурган. Анан бой көтөрүп жакындарына кеткен эле. Сен буга татыктуусуң, мындан да ооруна татыктуусуң. Дагы бир жолу татыктуусуң, андан ооруна да татыктуусуң. (Кыямат Сүрөсү, 31-35)**

Бул китепте дин (кыямат) күнүнүн сөзсүз келээри Аллахтын аяттары аркылуу ар бир адамга эске салып, эскертилди.

# ЭСКЕРТҮҮ

Сиз азыр окуй турган бул бөлүм жашоонун ӨТӨ МААНИЛҮҮ бир сырын камтыйт. Заттык дүйнөгө болгон көз-карашыңызды тамырынан өзгөртө турган бул теманы өтө кунт коюп, жакшылап түшүнүп окушуңуз зарыл. Бул жерде айтылгандар бир көз-караш, башкача бир подход же кандайдыр бир философиялык көз-караш эмес; динге ишенип-ишенбегендердин баары кабыл ала турган, учурда илим да далилдеген анык бир чындык.

# ЖАҢЫ БИР ЧЕН-ӨЛЧӨМ

# МААНИЛҮҮ ЭСКЕРТМЕ: ЗАТТЫН АРТЫНДАГЫ СЫР ТЕМАСЫ – «ВАХДАТ АЛЬ-ВУЖУД» ЭМЕС

Заттын артындагы сыр темасына кээ бир адамдар сын-пикир айтышууда. Бул адамдар бул теманын маңызын туура эмес түшүнгөндүктөн, бул теманы «вахдат аль вужуд» көз-карашы менен бир деп айтышууда.

Эң биринчиден айта кетчү нерсе, бул чыгармалардын автору ахли сунна ишенимине абдан бекем жана вахдат аль-вужуд көз-карашын жактабайт. Мындан тышкары, вахдат аль-вужуд пикирин Мухйиддин Ибн Араби сыяктуу улуу Ислам ааламдарынын да жактаганын да унутпоо керек.

Важдат аль-вужуд көз-карашын түшүндүргөн көптөгөн белгилүү Ислам аалымдарынын илгери бул китептерде орун алган кээ бир темаларды тафаккур кылып (терең ойлонуп), баяндап бергени анык. Бирок бул китепте түшүндүрүлгөндөр вахдат аль-вужуд көз-карашы менен бир эмес.

Мисалы, вахдат аль-вужуд көз-карашын жактагандардын кээ бирлери туура эмес жыйынтыкка барып, Куранга жана ахли сунна ишенимине карама-каршы кээ бир ойлорду айтышкан. Мисалы, Аллах жараткан нерселерди толугу менен жок дешкен. Ал эми, заттын артындагы сыр темасын түшүндүрүүдө мындай көз-караш такыр айтылбайт. Заттын артындагы сыр темасы «Аллах бүт нерселерди жараткан, бирок жараткан нерселеринин оригиналын Аллах көрөт, адамдар болсо ал нерселердин мээлеринде пайда болгон сүрөттөлүштөрүн гана көрө алышат» деп айтат.

Биз көргөн бардык нерселер, тоолор, чуңкурлар, гүлдөр, адамдар, деңиздер, кыскача айтканда, биз көргөндөрдүн баары, Аллах Куранда бар деп билдирген, жоктон жаратчандыгын айткан бүт нерселер, жандыктар жаратылган жана бар. Бирок, адамдар бул жандыктардын оригиналын сезүү органдары аркылуу көрүп, сезе алышпайт жана уга да алышпайт. Адамдардын бул нерселердин мээлериндеги копияларын көрүп, сезишет. Бул илимий бир чындык жана бүгүнкү күндө бардык окуу жайлардын медицина жана башка факультеттеринде окутулган бир тема. Мисалы, азыр бул текстти окуган бир адам бул тексттин оригиналын көрө албайт, бул тексттин оригиналына тийе албайт. Бул тексттин оригиналынан келген жарык адамдын көзүндөгү кээ бир клеткалар тарабынан электрдик импульска айландырылат. Бул электрдик импульс мээнин арт жагындагы көрүү борборуна барып, бул борборду стимулдайт. Жана адамдын мээсинин артында бул тексттин сүрөттөлүшү пайда болот. Башкача айтканда, сиз азыр көзүңүз менен көзүңүздүн алдындагы бир текстти окуп жаткан жоксуз. Бул текст сиздин мээңиздин арт

жагындагы көрүү борборунда пайда болуп жатат. Сиз мээңиздин арт жагындагы «копия текстти» окуп жатасыз. Бул тексттин оригиналын болсо Аллах көрөт.

Жыйынтыктасак, заттын мээбизде пайда болгон бир элесин көрүшүбүз «зат жок» деген мааниге келбейт. Бул бизге заттын табияты жөнүндө маалымат берет, т.а. заттын оригиналын эч бир адам көрүп, угуп же колу менен сезе албайт.

## Сыртта зат бар, бирок биз заттын өзүнө (чыныгысына) эч качан жете албайбыз!

«Зат элес» деп айтуу «зат жок» деген мааниге келбейт. Тескерисинче, биз көрсөк да, көрбөсөк да заттык бир дүйнө бар. Бирок биз бул дүйнөнү мээбиздин ичиндеги бир копия, башкача айтканда, сезүү органдарыбыздын жоромолу катары көрөбүз. Ошондуктан, зат – биз үчүн элес. Дагы бир айта кетчү жагдай, заттын бар экенин бизден башка көргөн жандыктар да бар. Аллахтын периштелери, катчы катары милдеттендирген элчилери да бул дүйнөгө күбө болушууда:

**Анын оң жана сол тарабында отурган эки жазуучу жазып жатканда, ал (кандай гана) сөз айтпасын, жанында сөзсүз бир көзөмөлчү даяр турат. (Каф Сүрөсү, 17-18)**

Эң негизгиси, Аллах бүт нерсени көрүп турат. Бул дүйнөнү бардык майда-чүйдөлөрү менен бирге Аллах жараткан жана Аллах бүт баарын көрүп турат. Курандын аяттарында мындай деп айтылат:

**... Аллахтан коркуп (күнөөдөн) тартынгыла жана билип койгула, Аллах кылгандарыңарды көрүүчү. (Бакара Сүрөсү, 233)**

**Айткын: «Мени менен араңарда күбө катары Аллах жетиштүү; эч күмөнсүз, Ал пенделеринен толук кабардар, көрүүчү.» (Исра Сүрөсү, 96)**

Мындан тышкары, Аллахтын бүт окуяларды «Лавхи Махфуз» аттуу китепте жазылуу абалда сактап койгонун унутпаш керек. Биз көрбөсөк да булардын баары Лавхи Махфузда бар. Бүт нерсенин Аллах Кабатында «Лавхи Махфуз» аттуу «Негизги Китепте» сакталуу экени мындайча кабар берилген:

**Эч күмөнсүз, ал – Биздин Кабатыбыздагы Негизги Китепте; абдан улук, өкүм жана даанышмандыктарга толо. (Зухруф Сүрөсү, 4)**

**...Кабатыбызда (булардын баарын) сактап-коргоочу бир китеп бар. (Каф Сүрөсү, 4)**

**Асманда жана жерде апачык китепке (Лавхи Махфузга) жазылбаган, жашыруун эч нерсе жок. (Немл Сүрөсү, 75)**

# ЗАТТЫН ЧЫНЫГЫ ЖҮЗҮН БИЛҮҮ

Айланасына акылы жана абийири (жүрөгү) менен көз жүгүрткөн киши ааламдагы жандуу-жансыз бүт нерсенин жаратылганын байкайт. Булардын баарын ким жараткан?

Ааламдын бүт тарабында көрүнүп турган «жаратылгандык» ааламдын өзүнүн бир «эмгеги» болушу мүмкүн эмес. Мисалы, бир чиркей өзүн-өзү жараткан эмес. Күн системасы, өсүмдүктөр, адамдар, бактериялар, эритроциттер, көпөлөктөр өздөрүн өздөрүн жараткан эмес. Булардын баарынын «кокустан» пайда болушу да эч мүмкүн эмес.

Ошондуктан төмөнкүдөй жыйынтыкка барсак болот: көзүбүз менен көргөндөрүбүздүн баары жаратылган... Бирок көзүбүз менен көргөн нерселердин эч кайсынысы «Жаратуучу» эмес. Демек, Жаратуучубуз көзүбүз менен көргөн нерселердин баарынан башка, жогору бир Зат. Өзү көрүнбөгөн, бирок жараткан нерселеринин баарында Өзүнүн бар экенин жана сыпаттарын көрсөткөн улуу бир кудурет.

Аллахтын бар экенин тааныбагандар мына ушул жерде жолдон чыгышат. Ал кишилер «Аллахты көзүбүз менен көрмөйүнчө, Анын бар экенине ишенбейбиз» деп шарт коюп алышкан өздөрүнө. Бирок, анда, ааламдын бүт тарабынан көрүнүп турган **«жаратылгандык»** чындыгын жашырууга, «аалам менен жандыктар жаратылган эмес» деген пикирди жактаганга мажбур болушат. Бул үчүн жалгандарды токушат. Эволюция теориясы менен материалисттик философия – бул багытта колдонулган жалгандардын жана натыйжасыз аракеттердин эң белгилүү эки мисалы.

Жаратуучуну тангандардын эң негизги жаңылыштыгын негизи Аллахтын бар экенин танбаган, бирок Аллах жөнүндө туура эмес бир ишенимде жүргөн көп адамдар да кабыл алышат. Кээ бир өлкөлөрдө коомдун көпчүлүгүн түзгөн мындай кишилер Жаратуучуну апачык жокко чыгарышпайт, бирок Аллахтын «каерде» экени жөнүндө кызыктай негизсиз бир ишенимде болушат: көпчүлүгү Аллах «асманда» деп ойлойт. Ичинен Аллах өтө алыстардагы бир планетанын артында турат жана кээ-кээде гана «дүйнө иштерине» кийлигишет деп ишенет. Же болбосо, эч кийлигишпейт; ааламды жаратып, таштап койгон, адамдар өз тагдырларын аныкташат... (Аллахты аруулайбыз)

Кээ бирлер болсо Раббибиз Куранда кабар берген, Аллахтын «бүт тарапта» экенин билет, бирок мунун маанисин толук түшүнө албайт. Ичинен Аллахты радио толкундар сыяктуу же көрүнбөс, сезилбес бир газ сыяктуу, заттарды ороп турат деп ойлойт. (Аллахты аруулайбыз)

Чындыгында болсо бул көз-караш жана жогоруда саналган, **Аллахтын «каерде» экенин** эч түшүнө албаган (балким ушул себептен апачык көрүнүп турса да, Аллахтын бар экенин акылсыздык менен жокко чыгарган) көз-караштар орток бир жаңылыштыкка

таянат: алар эч негизсиз бир түшүнүктү кабыл алып, анан Аллах жөнүндө ар кандай күмөндөрдү чыгарышат.

Бул кайсы түшүнүк?

Бул түшүнүк заттын маңызы жана сыпаты менен байланыштуу. Кээ бир адамдар заттын чыныгы маңызы жөнүндөгү жаңылыш түшүнүктөргө ушунчалык алданып калгандыктан, бул темада балким эч терең ойлонушкан эмес. Чындыгында болсо, заманбап илим заттын маңызы жөнүндөгү бул түшүнүктү кулатып, өтө маанилүү жана таасирдүү бир акыйкатты көрсөттү. Алдыда Куранда да ишарат кылынган бул улуу чындыкты түшүндүрүүгө аракет кылабыз.

## Электрдик сигналдардан турган аалам

Жашап жаткан дүйнөбүз жөнүндөгү бүт маалыматтар бизге беш сезимибиз аркылуу келет. Б.а. биз көзүбүз көргөн, колубуз тийген, мурдубуз жыттаган, тилибиз даамын таткан, кулагыбыз уккан бир дүйнөнү тааныйбыз. Төрөлгөндөн бери ушул сезүү органдарыбыздан көз-каранды болгонубуз үчүн, «тышкы дүйнө» сезүү органдарыбыз бизге тааныткандан башкача болушу мүмкүн деп эч ойлонгон эмес болушубуз керек.

Бирок бүгүнкү күндө көптөгөн илим тармактарында жасалган изилдөөлөр такыр башка бир түшүнүктү алып келип, сезимдерибиз жана биз кабылдаган дүйнө жөнүндө олуттуу күмөндөрдүн жаралышына себеп болду.

Бул жаңы түшүнүк төмөнкү чындыктан келип чыкты: биз «тышкы дүйнө» катары кабылдап-сезгендерибиз – электрдик сигналдардын мээде пайда кылган таасирлери гана. Алманын кызылдыгы, тактайдын катуулугу, ал тургай, апаңыз, атаңыз, үй-бүлөңүз, менчигиңиздеги бүт мал-мүлктөр, үйүңүз, жумушуңуз жана бул китептин саптары жөнүндө алган маалыматыңыз – баары электрдик сигналдар гана. Б.а. биз эч качан тышкы дүйнөдөгү алманын чыныгы түсүн, сырттагы тактайдын чыныгы түзүлүшүн, апабыздын, атабыздын, сүйгөндөрүбүздүн чыныгы абалдарын биле албайбыз. Булардын баары сыртта Аллах жараткан көрүнүштө бар, бирок биз өмүр бою мээбиздеги копияларын гана көрүп-сезебиз.

Муну тереңирээк түшүнүү үчүн алгач тышкы дүйнө жөнүндө бизге маалымат берген сезүү органдарыбызга токтололу.

## Кантип көрөбүз, сезебиз, даамын сезебиз?

Көрүү процесси бир канча этаптан турат. Көрүү учурунда кандайдыр бир телодон келген фотондор көздүн алды жагындагы линзанын ичинен сынып өтүп, көздүн арт жагындагы тордомо челге тескери болуп түшөт. Ал жердеги клеткалар тарабынан электрдик сигналга айландырылган көрүү импульстары нервдер аркылуу мээнин арткы тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир аймакка жетишет. Ал электрдик сигнал бир катар процесстен соң мээдеги ал борбордо сүрөттөлүш катары кабылданат.

Б.а. көрүү кубулушу чындыгында мээнин артындагы кичинекей **жарык эч кире албаган, капкараңгы бир аймакта** ишке ашат.

Эми көбүнчө элдин баары билген бул маалымат жөнүндө дагы бир жолу жакшылап ойлонолу: биз «көрүп жатам» дегенде чындыгында көзүбүзгө келген импульстардын электрдик сигналга айланып мээбизде пайда кылган «таасирин» көргөн болобуз. Б.а. **«көрүп жатам» дегенде чындыгында мээбиздеги электрдик сигналдарды көрөбүз.**

Өмүр бою биз көргөн сүрөттөлүштөрдүн баары бир канча $см^3$дук көрүү борборунда жаралат. Сиз окуп жаткан бул саптар да, айланага караганыңызда көргөн учу-кыйырсыз аалам да ушул кичинекей жерде пайда болот. Бул жерде айта кетчү дагы бир жагдай бар. Бир аз мурда айтып кеткендей, баш сөөгү жарыкты киргизбейт, б.а. мээнин ичи капкараңгы. Ошондуктан мээ сырттагы жарыктын өзү менен эч качан байланыш кура албайт.

Бул жердеги кызыктай жагдайды бир мисал менен түшүндүрөлү. Маңдайыбызда бир шам бар дейли. Ал шамдын маңдайына туруп аны көпкө чейин карап тура алабыз. Бирок бул убакыт бою мээбиз шамга тиешелүү жарыктын өзү менен эч качан байланышта болбойт. Шамдын жарыгын көрүп жаткан кезибизде да башыбыздын жана мээбиздин ичи капкараңгы болот. Капкараңгы мээбиздин ичинде жапжарык, түркүн-түстүү, кооз бир дүйнөнү көрөбүз.

Р. Л. Грегори көрүү кубулушундагы кереметтүү абал жөнүндө мындай дейт:

*Көрүү кубулушуна ушунчалык көнүп калгандыгыбыз үчүн, жооп берүү зарыл болгон суроолор бар экенин байкоо да терең кыялдануу күчүн талап кылат. Бирок элестетип көрүңүз. Көздөрүбүзгө кичинекей, башаламан сүрөттөлүштөр берилүүдө жана биз чөйрөбүздө аларды толук кандуу буюмдар, заттар катары көрүп жатабыз. Тордомо челдердеги сигналдардын натыйжасында заттар дүйнөсүн кабылдап жатабыз жана* ***бул чындыгында бир керемет, негизи.*** *(R. L. Gregory, Eye and Brain: The Psychology of Seeing, Oxford University Press Inc. New York, 1990, p. 9)*

Бул жагдай башка сезимдерге да тиешелүү. Үн, тийүү, даам жана жыт электрдик сигналдар абалында мээге жетет жана ал жердеги тиешелүү борборлордо кабылданат.

Угуу да ушул сыяктуу ишке ашат: сырткы кулак айланадагы үн толкундарын кулак лакатору аркылуу топтоп ортоңку кулакка өткөрөт; ортоңку кулак алган үн толкундарын күчөтүп ички кулакка өткөрөт; ички кулак болсо ал толкундарды электрдик сигналдарга айлантып мээге жиберет. Көрүү процесси сыяктуу, угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат. Баш сөөгү жарыкты өткөрбөгөн сыяктуу, үндү да өткөрбөйт. Ошондуктан бир адам уккан үндөр канчалык күчтүү жана ызы-чуулуу болсо да, мээсинин ичи бүтүндөй жыржырт болот.

Анткен менен, мээде үндөрдү абдан тунук кабылдайбыз. Ушунчалык тунук болгондуктан, ден-соолугу жайындагы бир адамдын кулагы эч кандай шуулдаксыз, бүт нерсени туптунук угат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфониясын тыңдап, топтолгон элдин бүт ызы-чуусун уга аласыз жана бир жалбырактын шуулдаганынан реактивдүү учактардын катуу үнүнө чейин кеңири жыштыктагы бүт үндөрдү кабылдай

аласыз. Бирок ошол учурда өтө сезгич бир аппарат менен мээңиздин ичиндеги үндүн деңгээли өлчөнсө, ал жерде толук тымтырстык орун алган болот.

Жыт сезүү сезимибиздин пайда болушу да ушуга окшош: ванильдин жыты, розанын жыты сыяктуу учуучу молекулалар мурундун эпителий деп аталган аймагындагы кыймылдуу түкчөлөрдөгү кабылдагычтарга келишет жана ал кабылдагычтарда реакцияга киришет. Ал реакция мээбизге электрдик сигнал катары жиберилет жана жыт катары кабылданат. Биз сонун же жаман деген жыттардын баары – учуучу молекулалардын реакциясынын электрдик сигналга айландырылган соң мээдеги кабылданышы гана. Бир атырды, бир гүлдү, жактырган бир тамагыңызды, деңиздин жытын, жаккан же жакпаган жыттардын баарын мээңизде сезесиз. Бирок жыт молекулалары мээге эч качан жете алышпайт. Үн менен сүрөттөлүштөгү сыяктуу мээңизге электрдик сигналдар гана жетет. Жыйынтыктасак, төрөлгөндөн бери сырттагы нерселерге тиешелүү деп ойлоп келген жыттардын баары – сезүү органдарыңыз аркылуу келген электрдик импульстар гана. Бир жыттын сырттагы чыныгысын (оригиналын) эч качан жыттап сезе албайсыз.

Ошол сыяктуу, адамдын тилинин алдыңкы тарабында төрт типтеги химиялык кабылдагычтар болот. Алар туздуу, таттуу, кычкыл жана ачуу даамдарына туура келет. Даам сезгичтерибиз бир катар химиялык процесстен соң ал сезимдерди электрдик сигналга айландырып, мээге жөнөтөт. Ал сигналдар болсо мээ тарабынан даам катары кабылданат. Бир шоколадды же сизге жаккан бир мөмөнү жегениңизде электрдик сигналдардын мээ тарабынан жоромолдонушу аркылуу алардын даамын сезесиз. Сырттагы нерсеге болсо эч качан жете албайсыз; шоколаддын өзүн көрүп, жыттап жана даамын тата албайсыз. Мисалы, мээңизге барчу даам сезүү нервдери үзүлүп коюлса, ал учурда жеген нерсеңиздин даамы мээңизге барбай калат; жана даам сезүү сезимиңизден толук ажырап каласыз.

Бул жерде дагы бир чындыкты көрөбүз: бир тамакты жегенде башка бирөөнүн ал тамактан сезген даамы же бир үндү укканда башка бирөөнүн андан уккан үнү меники менен бирдей деп кесе айта албайбыз. Бул чындык жөнүндө Линкольн Барнетт мындай дейт:

*Эч ким өзүнүн кызыл деп көргөн өңүнүн же «до» нотасынын угулушун башка бир адамдыкы менен бирдей же бирдей эмес экендигин биле албайт. (Lincoln Barnett, Evren ve Einstein, Varlık Yayınları, Çev: Nail Bezel, s.20)*

Тийүү сезимин караганыбызда да эч нерсе өзгөрбөгөнүн көрөбүз. Бир нерсеге тийгенибизде тышкы дүйнөнү жана буюмдарды таанышыбызга көмөкчү боло турган маалыматтар теридеги сезүү нервдери аркылуу мээге жиберилет. Тийүү сезими мээбизде пайда болот. Көп адамдар ойлогондой, тийүү сезимин сезген жерибиз – манжабыздын учу же терибиз эмес, мээбиздеги тийүү борбору. Биз заттардан келген электрдик сигналдардын мээбизде чечмеленишинин натыйжасында катуулук же жумшактык, ысыктык же муздактык сыяктуу буюмдарды сыпаттаган ар кандай сезимдерди сезебиз. Ал тургай, буюмдардын биз билген сыпаттарынын баарын ушул сигналдар аркылуу

алабыз. Бул маанилүү чындык жөнүндө Б. Рассел жана Л. Витгенштейн сыяктуу философтордун пикири мындай:

*... Бир лимондун чындыгында бар же жок экенин жана кандай процесстин натыйжасында бар болгонун сураганга жана анализдегенге болбойт. Лимон тил менен сезилген даам, мурун менен сезилген жыт, көз менен көрүлгөн түс жана формадан гана турат жана ушул сыпаттары гана илимий бир изилдөөнүн жана жыйынтыктын темасы болушу мүмкүн.* ***Илим заттык дүйнөнү эч качан биле албайт.*** *(Orhan Hançerlioglu, Düşünce Tarihi, İstanbul: Remzi Kitabevi, 1987, s. 447)*

Б.а. заттык дүйнөнүн өзүн эч качан көрүп сезе албайбыз. Биз көрүп сезген зат-буюмдардын баары чындыгында көрүү, угуу, тийүү сыяктуу сезимдердин жыйындысы гана. Сезүү борборлорундагы маалыматтарды анализдеген мээбиз өмүр бою заттын биздин сыртыбыздагы **«өзүн» эмес, мээбиздеги копияларын көрүп сезет.** Биз болсо ал копиялардын чыныгысынын кандайлыгын эч качан биле албайбыз.

## Мээбиздин ичинде пайда болгон «тышкы дүйнө»

Бул жерге чейин каралган илимий чындыктар бизди талашсыз бир жыйынтыкка алып барат: биз көргөн, тийген, уккан жана атын «зат», «дүйнө» же «аалам» деп атаган түшүнүктөрдүн өздөрүн эч качан көрүп сезе албайбыз, биз булардын мээбиздеги копияларын гана билебиз.

Мисалы, кандайдыр бир мөмөнү жеп жаткан бир адам чындыгында мөмөнүн мээсиндеги сезимин көрүп сезет, өзүн эмес. Киши «мөмө» деп сыпаттаган нерсе – бул мөмөнүн формасы, даамы, жыты жана катуулугу жөнүндөгү электрдик маалыматтын мээдеги кабылданышы (сезилиши) гана. Эгер мээге барчу көрүү нервин үзүп койсоңуз, мөмөнүн сүрөттөлүшү ошол замат жоголот. Же мурундагы кабылдагычтардан мээге уланган нерв үзүлсө, жыт сезимиңиз толугу менен жок болот. Себеби мөмө – бул, бир катар электрдик сигналдардын мээ тарабынан жоромолдонушу гана.

Ой жүгүртүү керек болгон дагы бир жагдай – бул **алыстык сезими**. Алыстык, мисалы бул китеп менен сиздин араңыздагы аралык, мээңизде пайда болгон бир боштук сезими гана. Бир адам «менден өтө алыста» деп ойлогон заттар да чындыгында анын мээсинин ичинде. Мисалы, адам асманга карап жылдыздарды көрөт жана аларды миллиондогон жарык жылы алыстыкта деп ойлойт. Чындыгында болсо, жылдыздар анын ичинде, мээсиндеги көрүү борборунда. Буларды окуп жатканда ичинде отурам деп ойлогон бөлмөнүн да негизи ичинде эмессиз; тескерисинче бөлмө сиздин ичиңизде. Денеңизди көрүшүңүз сизди бөлмөнүн ичинде отурганыңызга ишендирет. **Бирок муну унутпаңыз: денеңиздин өзүн да эч качан көргөн эмессиз, дайыма мээңизде пайда болгон копиясын көрүп-сезип келе жатасыз.**

Бул нерсе бүт башка сезимдериңизге да тиешелүү. Мисалы, сиз кошуна бөлмөдөгү телевизордун үнүн угуп жатам деп ойлогонуңузда, чындыгында мээңиздин ичиндеги үндү угуп жаткан болосуз. Бир канча метр алыстан келип жатат деп ойлогон үн да,

жанындагы кишинин сүйлөгөнү да чындыгында мээңиздеги бир качан см3дук угуу борборунда кабылданат (сезилет). Бул кабылдоо борборунун сыртында оң, сол, алды, арты деген сыяктуу бир түшүнүк жок. Б.а. үн оңдон, солдон же абадан сизге келбейт; **үндүн келген бир багыты жок.**

Сиз сезген жыттар да ушундай; эч бири алыс бир аралыктан сизге келбейт. Жыт сезүү борборуңузда пайда болгон таасирлерди сырттагы заттардын чыныгы жыты деп ойлойсуз. Бирок, бир гүлдүн сүрөттөлүшү көрүү борборунун ичинде пайда болгон сыяктуу, ал гүлдүн жыты да жыт сезүү борборуңуздун ичинде пайда болот; сырттагы гүлдүн өзүн жана жытын эч качан биле албайсыз.

Себеби сезимдерибиз бизге тааныткан «тышкы дүйнө» - бул бир убакта мээбизге жеткен «электрдик сигналдардын жыйындысы». Мээбиз өмүр бою бул сигналдарды анализдейт. Биз болсо аларды заттын сырттагы «чыныгысы» деп ойлоп, жаңылып жатканыбызды билбестен өмүр сүрөбүз. Жаңылган болобуз, себеби сезүү органдарыбыз менен заттын өзүнө эч качан жете албайбыз.

Өзүн көрүп-сезип жатам деп ойлогон «тышкы дүйнө» жөнүндөгү сигналдарды чечмелеп, кандайдыр бир маанини билдире турган абалга да мээбиз алып келет. Мисалы, угуу сезимин карайлы. Кулагыбыздын ичине келген үн толкундарын жоромолдоп (чечмелеп), аны бир симфонияга айланткан негизи мээбиз болот. Б.а. биз музыканын мээбиздин жоромолдогон абалын билебиз, сырттагы чыныгысын эмес. Түстөрдү көргөндө да чындыгында көзүбүзгө жарыктын **ар кандай толкун узундуктары** жеткен болот. Ал толкун узундуктарын түстөргө кайра эле мээбиз айландырат. **Тышкы дүйнөдөгү түстөрдүн кандайлыгы биз үчүн белгисиз.** Биз алманын чыныгы кызылын, асмандын чыныгы көгүн, дарактардын чыныгы жашылдыгын эч качан көрө албайбыз. **Тышкы дүйнө толугу менен сезген кишиден көз-каранды.**

Мисалы, көздүн тордомо челинин кичине эле жабыркашы түс сокурдугуна себеп болот. Кээ бир адамдар көктү жашыл, кээ бирлери кызылды көк, кээ бирлер болсо түстөрдү боздун ар кандай түрлөрү (б.а. ачык-боз, коюу-боз сыяктуу) көрөт. Андан соң сырттагы заттын түстүү болуп-болбошу маанисиз болуп калат.

## Тышкы дүйнөсүз эле, кабылдоолор дүйнөсү пайда болушу мүмкүн

Мээбизде кабылдоолор (сезимдер) пайда болушу үчүн тышкы дүйнөгө муктаждыктын жок экендиги да көргөн жана сезген нерселерибиздин баарынын мээбизде пайда болоорун жана сырттагы заттын өзүн эч качан билбешибизди далилдейт. Бүгүнкү күндөгү симуляторлор сыяктуу көптөгөн технологиялык ачылыштар жана, ошондой эле, көргөн түштөрүбүз бул чындыктын эң негизги далилдеринен.

Илимпоз Рита Картер *Mapping The Mind* (Мээни картага түшүрүү) аттуу китебинде «көрүү үчүн көз керек эмес» деп, илимпоздор тарабынан жасалган маанилүү бир эксперименттке токтолгон:

Ал экспериментте көзү көрбөгөн адамдарга видео сүрөттөрдү толкундарга

айландыруучу бир аппарат туташтырылган. Ал адамдардын көздөрүнүн жанына тагылган бир камера болсо сигналдарды ал адамдын мээсине жөнөтүп турган. Ошентип ал адамга көрүү дүйнөсүнөн тынымсыз сигнал жиберилип турган. Оорулуулар белгилүү бир убакыттан кийин чындап эле көрүп жаткан сыяктуу аракет кыла башташкан. Мисалы, аппараттардын биринде сүрөттөлүштү жакындаштыруучу бир линза бар эле. Ал линза оорулууга эскертилбестен, кыймылдатылганда оорулуу сүрөттөлүш чоңойуп анын үстүнө келе жаткандай көргөндүктөн, эки колу менен өзүн коргонгонго аракет кылган. (Rita Carter, *Mapping The Mind*, p. 113)

Бул эксперименттен да көрүнүп тургандай, кабылдоолорубуз (көрүү, угуу, тийүү, жыт сезүү, даам сезүү сезимдерибиз) пайда болушу үчүн анын тышкы дүйнөдө материалдык бир оригиналынын болушу шарт эмес. Бүт сигналдарды жасалма жол менен да жасоого болот.

## Түштөрдөгү «кабылдоолор (сезимдер) дүйнөсү»

Адам тышкы дүйнө болбостон да, бүт кабылдоолорду толук кандуу сезе алат жана буга эң жакшы мисал – жогоруда да айтылгандай, түштөр. Бир адам түш көргөн учурда көздөрү жумук абалда төшөгүндө жатат. Бирок, түшүндө чыныгы жашоосундагы окуялардын, сезген сезимдеринин, сигналдардын баарын чыныгы жашоосундагыдай реалдуу сезип-кабылдайт. Буга бул китепти окуган адамдардын баары түздөн-түз өз уйкуларында көп жолу күбө болушат. Мисалы, түнкүсүн төшөгүндө жымжырт жана тынч жерде, жанында башка эч ким жок, жалгыз жаткан бир адам түшүндө өзүн толтура кишинин арасында, коркунучтуу жерде көрүшү мүмкүн. Жан алакетке түшүп ал коркунучтан качып, бир дубалдын артына жашынганын чындап көрүп сезет. Ал тургай, түшүндө көргөндөрү ушунчалык реалдуу болгондуктан, коркуу жана паника сезимин чындап коркунуч бардай толугу менен сезет. Ар бир добуш чыккан сайын жүрөгү тамагына келип, корккондон титиреп, жүрөгү бат-бат согуп, тердеп, адам денеси корккон учурда эмнелерди сезсе, кандай болсо, баарын дал ошондой сезип, башынан өткөрөт.

Түшүндө бийик жерден ылдый кулаган бир адам да муну бүт денеси менен сезет. Бирок, ал кезде төшөгүндө эч кыймылдабастан жаткан болот. Же түшүндө буту тайып көлмөнүн ичине түшкөн бир адам бүт кийимдери суу болуп, шамалдан улам үшүшү мүмкүн. Бирок жаткан жеринде суу да, шамал да жок. Ал тургай, өтө ысык бир бөлмөдө уктап жатса да, суу болгонун жана үшүгөнүн кадимкидей сезет.

Же түшүндө заттын өзүн көрүп-сезип жатам деген бир киши өзүнө аябай ишениши мүмкүн. Ага «тышкы дүйнөнүн өзүн көрүп-сезүү мүмкүн эмес» деген досунун далысына колун коюп, «сен менин колумдун далыңда турганын сезбей жатасыңбы? Демек, кантип заттын өзүн көрө албайбыз деп айта аласың? Кайдан алдың мындай сөздөрдү? Кел сени менен бир Босфордо кеме менен айланып келели, муну да бир сүйлөшөлү, буга кайдан ишенээриңди да айтып бересиң» деши мүмкүн. Катуу уктап жатып көргөн бул түшү ушунчалык чындыктай болгондуктан, ырахаттануу менен машинанын ачкычын бурап,

моторго акырын-акырын газ берип, анан педальды катуу басып машинасын учуртуп жөнөйт. Жолдо катуу баратканда дарактар менен жол сызыктары катуу ылдамдыктан улам бир бүтүндөй көрүнөт. Бир тараптан таза деңиздин абасынан дем алат. Досуна эми каршы чыгып, «мына заттын өзүн көрүп жатам» деп айтайын деп даярданып жатканда, саатынын коңгуроосунан ойгонот. Бирок, эң кызыгы, түшүндө «заттын өзүн көрүп-сезбейбиз» деген чындыкка каршы чыккан бул киши ойгоо кезинде «көргөндөрүбүздүн баары – мээде пайда болгон копия сүрөттөлүштөр» деп айтып берген бир досуна да, дал ошондой каршы чыгат.

Адамдар түшүнөн ойгонгондо ал кезге чейин көрүп жаткандарынын элес экенин түшүнүшөт, бирок «ойгонуу» сүрөттөлүшү (кадры) менен башталган жана «чыныгы жашоо» деп аталган жашоонун чыныгы жүзү жөнүндө эмнегедир эч күмөн санашпайт. Чындыгында болсо, «чыныгы жашообуз» деп атаган сүрөттөлүштөрдү көрүп-сезүү жолубуз менен түштөрүбүздү көрүп-сезүү жолубуздун ортосунда эч айырма жок. Экөөсүн тең мээбизде көрөбүз. Жана түшүбүздөн ойготулмайынча, алардын бир элес экенин билбейбиз. Ойгонгондо гана «демек көргөндөрүм бир түш экен» дейбиз. Андай болсо, азыр көрүп жаткандарыбыздын бир түш эмес экенин кантип далилдей алабыз? Али ойготула элек болгонубуз үчүн гана азыркы жашап жаткандарыбызды чындык деп ойлошубуз мүмкүн. Күн сайын көргөн түштөрүбүздөн көбүрөөккө созулган бул «түштөн» бир күнү ойготулганда, бул чындыкты түшүнүшүбүз ыктымал. Жана «бул мындай эмес» деп, далилдей ала турган колубузда эч кандай далилибиз жок.

Дүйнө жашоосунун бир түш сыяктуу экендигин, бул түштөн «улуу бир ойгонуу» менен ойгонгондо гана адамдардын түш сыяктуу бир ааламда жашап келгенин түшүнөөрүн Ислам аалымдары да айтышкан. Илиминин тереңдигинен улам Шейхи Акбар (Эң улуу шейх) деп эскерилген улуу Ислам аалымы Мухйиддин Араби бир сөзүндө Пайгамбар Мырзабыздын (сав) бир хадисине таянып, дүйнө жашоосун түшүбүзгө төмөнкүчө окшоткон:

*Азрети Мухаммед Алейхиссалам «адамдар уйкуда, өлгөндө ойгонушат» деген. Демек, дүйнө жашоосунда көргөн нерселер уктап жаткан кишинин түшүндө көргөн нерселерине окшош... (Muhyiddin Arabi, Fusus-ül Hikem, çev. Nuri Gencosman, İstanbul, 1990, s.220)*

Бир аятта болсо Аллах адамдардын кыямат күнү кайрадан тирилтилгенде мындай деп айтаарын кабар берет:

**«Оо шорубуз, бизди уйкубуздан ким тирилтип-тургузду? Бул – Рахман (Аллах)тын убадасы, (демек) жөнөтүлгөн (элчи)лер туура айтышкан экен» дешти. (Йасин Сүрөсү, 52)**

Аяттан да көрүнүп тургандай, адамдар кыямат күнү бир түштөн ойгонгондой ойгонушат. Бир адамдын катуу уктап, түш көрүп жаткан кезде кокусунан ойготулса, «мени ким ойготту» деп сураганы сыяктуу, бул адамдар да «бизди ким ойготту» деп

сурашууда. Аллах бул аятта да кабар бергендей, бул дүйнө жашоосу бир түш сыяктуу, жана ар бир адам бул түштөн ойготулуп, чыныгы жашоосу болгон акырет жашоосунун сүрөттөлүштөрүн (кадрларын) көрүп баштайт.

## Кабылдаган (сезген) ким?

Бул жерге чейин айтылгандардан түшүнүктүү болгондой, биз «ичинде жашап жатам» деп ойлогон жана «тышкы дүйнө» деп атаган заттык дүйнөнүн өзүн эч качан көрүп-сезе албайбыз. Бирок эң маанилүү суроо ушул жерде туулат: биз билген эч бир заттык нерсенин өзүнө жете албасак, анда мээбиз кандай? Мээбиз да колубуз, бутубуз же башка кандайдыр бир нерсе сыяктуу заттык дүйнөнүн бир бөлүгү болгондуктан, анын да тышкы дүйнөдөгү чыныгысына эч качан жете албайбыз.

Мээни анализ кылганда, анын да, башка органдар сыяктуу, белок жана май молекулаларынан тураарын көрөбүз. Башкача айтканда, «мээ» деп аталган бир кесим этте сүрөттөлүштөрдү карап жоромолдой турган, аң-сезимди түзө турган, кыскасы, «мен» деген нерсени пайда кыла турган эч нерсе жок.

Р.Л. Грегори мээнин ичинде сүрөттөлүштөрдү көрөбүз деген адамдардын жаңылыштыгын төмөнкүчө айткан:

*«Көздөр мээде сүрөттөлүштөрдү пайда кылат» деген пикирден качынуу керек. Мээде бир сүрөттөлүш пайда болот десек, аны көрүү үчүн ичте дагы бир көз болушу керек, бирок ал көздүн сүрөтүн көрүү үчүн дагы бир көзгө муктаждык бар... жана бул болсо чексиз көздөр жана сүрөттөр деген мааниге келет. Мындай нерсе мүмкүн эмес. (R. L. Gregory, Eye and Brain: The Psychology of Seeing, Oxford University Press Inc. New York, 1990, p. 9)*

«Заттан башка эч нерсе жок» деген материалисттер ушул жерде туюкка кабылышат: көргөн, көргөнүн кабылдаган жана ага жооп берген «ичтеги көз» кимге тиешелүү?

Карл Прибрам да илим жана философия дүйнөсүндө кабылдоону сезгендин ким экендиги менен байланыштуу бул маанилүү изденүүгө мындайча көңүл бурган:

*Гректерден бери философтор «машинанын ичиндеги элес», «кичинекей адамдын ичиндеги кичинекей адам» деген сыяктууларды ойлонуп келишүүдө. «Мен», б.а.* ***мээни колдонгон нерсе каерде? Аң-сезимдин ээси ким?*** *Ассиздик Ыйык Франциск да айткандай: «Издегенибиз – карагандын эмне экендиги.» (Karl Pribram, David Bohm, Marilyn Ferguson, Fritjof Capra, Holografik Evren I, Çev: Ali Çakıroğlu, İstanbul: Kuraldılı Yayınları, 1996, s. 37)*

Эми муну ойлоп көрүңүз: колуңуздагы китепти, ичинде отурган бөлмөңүздү, кыскасы, алдыңыздагы бүт сүрөттөлүштөрдү мээңиздин ичинде көрүп жатасыз. Анда, бул сүрөттөлүштөрдү атомдор көрүп жатабы? Болгондо да, сокур, дүлөй, аң-сезими жок атомдор... Эмне үчүн атомдордун бир бөлүгүнүн мындай касиети бар болуп, башкаларыныкы жок болсун?... Ойлонушубуз, түшүнүшүбүз, эстешибиз, сүйүнүшүбүз, кайгырышыбыз, булардын баары ошол атомдордун арасындагы химиялык реакциялар

элеби?

Бул суроолорду терең ойлонгонубузда, атомдордон бир «эркти» издөөнүн туура эмес болоорун көрөбүз. Көргөн, уккан жана сезген «нерсенин» заттан тышкары, башка бир нерсе экендиги анык. Андай болсо бул сүрөттөлүштөрдү мээңиздин ичинде ким көрүп жатат? Мээңиздин ичинде бир көзгө муктаж болбостон бул китептин сүрөттөлүшүн көргөн, көргөндөрүн түшүнгөн, окугандарынан таасирленген, алар жөнүндө ойлонгон ким? Мээге жеткен электрдик сигналдарды бир кулакка муктаж болбостон бир досунун үнү же эң жактырган ыры катары уккан, уккандарынан ырахат алган ким?

**Бул нерсе – «рух».**

Сырттагы заттын мээдеги копияларын көргөн, уккан, сезген, кабылдаган, чечмелеген – бул, рух. Бул саптарды жазган жана окуган акылдуу нерселер – атом менен молекулалардын жыйындысы жана алардын арасындагы химиялык реакциялар эмес, «рухтар».

## Чыныгы абсолюттук Зат

Бул чындыктардын баары бизди өтө маанилүү дагы бир суроого алып барат: заттык дүйнөнүн чыныгысы жөнүндө эч нерсе билбесек жана мээбиздеги копия сүрөттөлүштөрдү гана көрүп-сезип жаткан болсок, анда бул сүрөттөлүштөрдүн булагы эмне?...

Биздин рухубузга жылдыздарды, дүйнөнү, өсүмдүктөрдү, адамдарды, денебизди жана көргөн башка нерселерибиздин баарын тынымсыз көрсөтүп жаткан ким?

Биз жашап жаткан бүт заттык ааламды жараткан жана тынымсыз жаратып турган улуу бир Жаратуучунун бар экендиги апачык көрүнүп турат. Ал Жаратуучу чексиз кудуреттүү жана илимдүү.

Ал Жаратуучу – ааламдардын Рабби Аллах.

Асмандардын жана жердин, б.а. ааламдын туруктуу жана бекем эместиги, Аллахтын жаратышы менен гана тураары жана жаратууну токтоткондо жок болоору бир аятта төмөнкүчө айтылат:

**Күмөнсүз, Аллах асмандарды жана жерди талкаланышат деп (дайыма кудурети менен) кармап турат. Ант болсун, эгер талкаланышса, Андан башка аларды эч ким кармай албайт. Чындыгында, Ал Халим (абдан жумшак), кечиримдүү. (Фатыр Сүрөсү, 41)**

Мурда да айтып кеткендей, көп адамдар Аллахтын кудуретин түшүнө албагандыктан, өтө караңгылык менен Улуу Аллахты асмандардын бир жеринде турган жана дүйнө иштерине кийлигишпеген бир зат деп ойлошот (Аллахты аруулайбыз). Мындай туура эмес логика «аалам заттардын гана жыйындысы, Аллах болсо ал заттардын «сыртында» бир жерлерде» деген жаңылыш көз-караштан келип чыгат

(Аллахты аруулайбыз).

Чыныгы абсолюттук зат – Аллах. **Башкача айтканда, Аллах гана бар, зат абсолюттук (өз алдынча бар болгон) бир нерсе эмес. Сырттагы заттык дүйнө – Аллахтын жараткан нерсеси, Аллах «бүт жерде» жана бүт жерди ороп-курчап турат.** Бул чындык Куранда төмөнкүдөй кабар берилет:

**Аллах... Андан башка кудай (сыйынууга татыктуу зат) жок. Ал – Хайй (тирүү), Кайуум (башкарып кармап туруучу). Аны уйкусуроо жана уйку тартпайт. Асмандарда жана жерде эмне бар болсо, баары Аныкы. Анын уруксаты болбостон, Анын кабатында шапаат кылуучу ким? Ал алдыңардагыны жана артыңардагыны билет. (Алар болсо) Ал каалагандан сырткары, Анын илиминен эч нерсени түшүнүп-аңдай алышпайт. Анын күрсүсү бардык асмандарды жана жерди курчап турат. Аларды коргоо Ага оор эмес. Ал – абдан улук, абдан бийик. (Бакара Сүрөсү, 255)**

Аллахтын мейкиндиктен көз-карандысыз экендиги жана бүт тарапты курчап тураары башка бир аятта төмөнкүчө кабар берилет:

**Чыгыш да Аллахтыкы, батыш да. Каякка бурулсаңар, Аллахтын жүзү (кыбыласы) ошол жакта. Күмөнсүз, Аллах курчоочу, билүүчү. (Бакара Сүрөсү, 115)**

Бул чындыкты түшүнүү Аллахка шерик кошпогон, Аллахты жалгыз деп билген чыныгы ыймандын калыптанышына себепчи болот. Себеби Аллахтан башка бүт нерселердин көлөкө (элес) нерселер экендигин билген бир адам чыныгы бир ыйман менен (хаккуль йакин даражасында) «бир гана Аллах бар, Андан башка кудай (кудуреттүү нерсе) жок» дейт.

Аллахты көзү менен көрбөгөнү үчүн Аллахтын бар экенине ишенбегендердин материалист пикирлери да заттын чыныгы жүзүн түшүнгөндө толугу менен кулайт. Себеби бул чындыкты түшүнгөн киши өзүнүн бир элес сыпатында экенин түшүнөт. Элес бир жандыктын абсолюттук бир Затты көрө албашын түшүнөт. Куранда адамдардын Аны көрө албашын, бирок Өзүнүн болсо аларды көрөөрүн Раббибиз мындайча баяндайт:

**Көздөр Аны көрө албайт; Ал болсо бардык көздөрдү көрүп турат... (Энъам Сүрөсү, 103)**

Албетте, биз адамдар Аллахтын затын көздөрүбүз менен көрө албайбыз. Бирок, Аллахтын биздин ичибизди, сыртыбызды, көздөрүбүздү, ойлорубузду толугу менен курчап турaарын билебиз. Ушул себептен Аллах Куранда Өзүнүн **«кулактардын жана көздөрдүн кожоюну»** (Йунус Сүрөсү, 31) экендигин кабар берет. Аллахтын кабары болбостон, биз бир сөз да сүйлөй албайбыз, ал тургай, бир жолу да дем ала албайбыз.

Аллах биздин кылгандарыбыздын баарын билет, бул Куранда мындайча белгиленет:

**Күмөнсүз, жерде жана асманда Аллахтан эч нерсе жашыруун калбайт. (Али Имран Сүрөсү, 5)**

Заттын тышкы дүйнөдөгү чыныгысын көрүп-сезип жатам деп ойлоп, мээбиздеги копия дүйнөнү көрүп жатканда да, б.а. өмүр сүрүп жатканыбызда да, бизге эң жакын зат Аллахтын Өзү болот. Аллах Куранда кабар берген **«Ант болсун, адамды Биз жараттык жана напсисинин ага кандай азгырыктарды берип жатканын билебиз. Биз ага күрөө тамырынан да жакыныраакпыз»** (Каф Сүрөсү, 16) деген аяттын сыры да ушул чындыкта жашырылган. **Аллах адамды бүт тарабынан курчап турат жана ага «чексиз жакын».**

Аллах адамдарга **«чексиз жакын»** экендигин **«Менин пенделерим сенден Мен жөнүндө сурашса, (айткын) Мен (аларга) абдан жакынмын...»** (Бакара Сүрөсү, 186) аяты аркылуу да кабар берет. Башка бир аятта **«Раббиң, албетте, адамдарды толук курчап турат»** (Исра Сүрөсү, 60) деп да ушул чындык кабар берилген.

Адам «өзүмө эң жакын нерсе өзүммүн» деп ойлоп жаңылат. Чындыгында болсо, Аллах бизге өзүбүздөн да жакынырaak. **«Жан тамакка келип тыгылганда, ал убакта силер карап-турасыңар, Биз ага силерден жакынырaakпыз; бирок көрбөйсүңөр.»** (Вакыа Сүрөсү, 83-85) аяттары аркылуу да Раббибиз Куранда бул чындыкты кабар берген. Бирок, аятта да айтылгандай, кээ бир адамдар көздөрү менен көрбөгөнү үчүн бул кереметтүү чындыкты билбей жашашат.

Аларды Аллах жаратканын кабыл алышат, бирок кылган иштерин өзүбүз жасап жатабыз деп ойлошот. Чындыгында болсо, адамдын ар бир кыймылы Аллахтын уруксаты менен жаратылат. Мисалы, бир китеп жазган адам Аллахтын уруксаты менен ал китепти жазат. Ал китептеги ар бир сүйлөм, ар бир пикир, ар бир абзац, Аллахтын уруксаты менен, куралат. Аллах бул өтө маанилүү чындыкты көп аяттары аркылуу кабар берет. Бул аяттардын бири **«... силерди да, кылып жаткандарыңарды да Аллах жараткан»** деген аят (Саффат Сүрөсү, 96). Аллах **«... ыргыткан кезде сен ыргыткан жоксуң, Аллах ыргытты...»** (Энфал Сүрөсү, 17) аяты аркылуу болсо кылгандарыбыздын баарынын Өзүнө тиешелүү экендигин кабар берген.

Чындык ушундай. Кээ бир адамдар муну кабыл алгысы келбеши мүмкүн, бирок ал эч нерсени өзгөртпөйт.

## Заттын чыныгы жүзүн билүү дүйнөгө болгон ач көздүктү жок кылат

Бул жерге чейин айтылгандар өмүрүңүздө сизге айтып берилген эң улуу чындыктардын бири. Себеби бүт заттык дүйнөнүн чындыгында бир «элес» экендигин көрсөткөн бул далилдер – Аллахтын бар экендигин жана бүт ааламды жаратkандыгын, ошондой эле, Анын жалгыз абсолюттук зат экендигин чындап түшүнүүнүн ачкычы.

Ошол эле учурда, адамдын канчалык алсыз экендигинин илимий жана четке кагылгыс бир далили жана Аллахтын кереметтүү чеберчилигинин бир көрүнүшү. Ушул себептен бул илим адамдарды ыйман кылууга мажбурлап, ыймансыздыктын жолун тосууда. Кээ бир адамдардын бул чындыктан качышынын негизги себеби мына ушунда.

Бул жерде айтылгандар бир физика мыйзамы же бир химия формуласындай анык чындыктар. Адамдар керек болгондо эң татаал математика маселелерин да чыгара алышат, түшүнүү кыйын болгон көп теманы түшүнө алышат. Бирок ушул эле кишилерге «зат адамдардын мээсинде пайда болгон бир сүрөттөлүш гана, заттын өзүн эч качан көрө албайбыз» деп түшүндүрүлгөндө, муну эч түшүнбөй калышат. Муну өтө «апыртмалуу» бир «аңкоолук» дегенге болот. Себеби бул жерде айтылгандарды түшүнүү бир адамдын «эки жерде эки канча болот?», «канча жаштасың?» деген сыяктуу суроолорго бере турган жоопторундай оңой. «Дүйнөнү каерде көрөсүң» деп кайсы илимпоздон, кайсы неврология профессорунан сурабаңыз, сизге «албетте, мээмде» деп жооп берет. Ал тургай, бул чындыкты жогорку класстын биология китептеринен да таба аласыз. Бирок ушунчалык ачык болсо да, заттык дүйнөнү мээбизде кабылдашыбыз жөнүндөгү маалыматты жана ал маалыматтан келип чыккан жыйынтыктарды көп адамдар түшүнмөксөн болушууда. Илим тарабынан далилденген эң маанилүү чындыктардын биринин адамдардан мынчалык жашырылышы, албетте, өтө чоң окуя.

Адамдардын бүт илимий чындыктарды оңой гана кабыл алып, бул чындыктан мынчалык коркуп качышынын негизги себеби болсо – бул, заттын чыныгы жүзүн түшүнүүнүн бүт адамдардын жашоого болгон көз-карашын түп-тамырынан өзгөртүшү. Затты жана өздөрүн абсолюттук нерсе деп кабыл алгандар жана бүт жашоосун ушунун негизинде кургандар бир заматта өздөрүнүн, жубайларынын, балдарынын, колундагы бүт байлыгынын элес экенин түшүнүшөт. Адамдар дүнүйөлүк амбицияларынан ажырап калуудан корккондугу үчүн гана бул чындыктан ушунчалык качып, түшүнүп туруп түшүнмөксөн болушууда жана башталгыч класстагы бала да оңой эле түшүнө ала турган бир чындыкты өтө негизсиз сөздөр менен жок кылууга аракеттенишүүдө.

Байлыгына, балдарына, дүйнөнүн убактылуу кооздуктарына ач көздүк менен ээ чыккан бирөө үчүн бул чындап эле чоң бир коркууга себеп болот. Себеби бул чындыкты түшүнгөндө, өлө элек туруп «өлгөн», б.а. мал-мүлкү менен жанын тапшырган болот. Аллах **«Эгер силерден аларды(н баарын) талап кылып силерди жылаңач калтырса, сараңдык кыласыңар жана силердин ачууңарды да ачыкка чыгарган болот.»** (Мухаммед Сүрөсү, 37) аяты аркылуу адамдардан бүт мал-мүлкүн талап кылганда, алардын кандайча тырышып, сараңдык кылаарын жана ачууланаарын кабар берет. Бир адам заттын чыныгы жүзүн түшүнгөндө болсо ансыз да мал-мүлкүнүн, жанынын Аллахка тиешелүү экендигин, бере турган же бербей тырыша турган бир нерсеси жоктугун түшүнүп, өлбөстөн туруп бүт нерсеси менен Аллахка өзүн тапшырат. Чын ниеттен ыйман кылгандар үчүн бул бир жакшылык, кадыр-барк жана Аллахка жакындоого бир себепчи болот. Ыймансыз же ыйманы алсыз адамдар болсо бул жакшылыкты түшүнө албаганы үчүн бул чындыкты болгон күчү менен четке кагышат.

## Заттын маңызы жашырылбаганда, жарала турган чөйрө

Заттын оригиналын көрбөгөнүн, Аллах аларга көрсөткөн сүрөттөлүштөр менен гана аралашып жашаганын билген адамдардын бүт жашоосу, жашоого көз-карашы жана баалуулуктары өзгөрөт. Бул адамдар үчүн да, коом үчүн да пайдалуу өзгөрүү болот. Себеби бул чындыкты көргөн адам Аллах Куранда билдирген ыймандуунун мыкты кулк-мүнөзүнө эч кыйынчылыксыз жете алат.

Дүнүйөгө маани бербеген, заттын элес экенин түшүнгөн адамдар руханий баалуулуктарга гана маани берип калышат. Аллахтын дайыма аны угуп, көрүп турарын билген, кылган ар бир иши үчүн акыретте эсеп берээрин түшүнгөн бир адам сөзсүз жакшы адеп-ахлактуу болот, Аллахтын буйрук жана тыюуларынын негизинде жашоого абдан көңүл бурат. Натыйжада коомдо бүт адамдар бири-бирин сүйүп, урматтап, жакшы иштерде бири-бири менен жарышышат. Адамдардын арасындагы баалуулуктар өзгөрөт, материалдык нерелер маанисин жоготот, натыйжада адамдардын арасындагы кадыр-барк бийлик жана байлыкка карап эмес, адеп-ахлакка жана такыбалыкка (Аллах коркуусуна) карап аныкталат. Эч ким «элес» сыпатындагы материалдык кызыкчылыктардын артынан чуркабайт, бүт адамдар чындыктын артынан жүрөт. Адамдар «ким эмне деп ойлойт?» деп ойлонбойт, «Аллах эмне кылсам, менден ыраазы болот?» деген ойдо болот. Байлык, мал-мүлк, кызматтык орун жана бийликтен пайда болгон бой көтөрүү, көбүү, өзүмчүлдүк сезимдеринин ордун жөнөкөйлүк жана алсыздыгын толук түшүнүү сезимдери ээлейт. Натыйжада адамдар өз каалоосу менен Куранда айтылган мыкты адеп-ахлакты тандашат. Мындай өзгөрүүлөр болсо бүгүнкү күндөгү коомдордун көптөгөн маселелерин чечет.

Кичинекей кызыкчылык үчүн да ачууланган, мушташка жулунган адамдар көргөндөрүнүн баарынын элес экенин билген, ошондуктан ачуулануу, кыйкырып өкүрүү сыяктуу мамилелердин аны уят кылаарын түшүнгөн адамдарга айланат. Мунун натыйжасында адамдарда жана коомдордо бейпилдик менен ишенимдүүлүк орноп, бүт адамдар жашоосунан жана колундагы нерселеринен ыраазы болот. Адамдардан жашырылган бул чындыктын адамдарга жана коомдорго тартуулай турган сый-жакшылыктарынын кээ бирлери мына ушулар. Бул чындыкты билүү, ойлонуу жана турмушка ашыруу менен бирге адамдар дагы көптөгөн жакшылыктарга жетишет. Мындай сулуулуктарга жетүүнү каалагандар болсо бул улуу чындыкты жакшылап ойлонуп, жакшылап түшүнүүгө аракет кылышы зарыл. Аллах бир аятында мындай деп билдирет:

**Чындыгында, силерге Раббиңерден баам-парасат (терең акыл) келди. Ким баам-парасат менен байкаса өзүнө пайда, ким көр болсо (көргүсү келбесе) өзүнө зыян... (Энъам Сүрөсү, 104)**

# ЖЫЙЫНТЫК

Бул жерге чейин айтылгандар өмүрүңүздө сизге айтып берилген эң чоң чындыктардын бири. Заттын өзүн эч качан көрө албашыбызды көрсөткөн бул далилдер – Аллахтын бар экендигин жана бүт нерсени Анын жараткандыгын, ошондой эле, Анын жалгыз абсолюттук зат экендигин түшүнүүнүн ачкычы.

Бул теманы түшүнгөн адам дүйнөнүн көп адамдар ойлогондой бир жер эместигин түшүнөт. Дүйнө көчөлөрдө максатсыз басып жүргөндөр, кафелерде урушкандар, люкс ресторандарда бири-бирине көрүнгөндөр, байлыгына мактангандар, өмүрлөрүн бош максатка арнагандар ойлогондой, биз чыныгысын (өзүн) билген, абсолюттук бир жер эмес. Биздин дүйнө жөнүндө билгендерибиздин баары мээбизде көргөн копия сүрөттөлүштөрдөн гана турат. Жогоруда саналган адамдардын баары – ушул копия сүрөттөлүштөрдү мээлеринин ичинде көргөн көлөкө (элес) жандыктар; бирок муну билишпейт.

Бул тема өтө маанилүү жана Аллахты жокко чыгарган **материалисттик философияны** түп-тамырынан кыйратат. **Маркс, Энгельс, Ленин** сыяктуу материалисттердин бул теманы укканда паникага түшүп, ачууланышынын жана жолдошторун «эч ойлоно көрбөгүлө» деп эскертишинин себеби мына ушунда. Негизи мындай кишилер кабылдоолордун мээде пайда болоорун да түшүнө албай турганчалык аңкоо болушат. Мээлеринин ичинде көргөн дүйнөнү «тышкы дүйнөнүн өзү (чыныгысы)» деп ойлоп, мунун мындай эместигин көрсөткөн апачык далилдерди болсо эч түшүнө алышпайт.

Мындай капылеттик (аңкоолук) – Аллах ыймансыздарга берген акылсыздыктын бир натыйжасы. Себеби Аллах Куранда кабар бергендей, ыймансыздардын **«жүрөктөрү бар, аны менен аңдап-түшүнө алышпайт; көздөрү бар, аны менен көрө алышпайт; кулактары бар, аны менен уга алышпайт. Булар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.»** (Аьраф Сүрөсү, 179)

Биз жашап жаткан заманда бул чындык илимий далилдер менен анык далилдене турган даражага келди. Ааламдын өзүн көрүп-сезе албашыбыз жөнүндөгү чындык дүйнө тарыхында биринчи жолу ушунчалык так, ачык жана түшүнүктүү түшүндүрүлүп жатат. Ушул себептен, **21-кылым** көп адамдар чындыкты түшүнүп, жалгыз абсолюттук Зат Аллахка топ-топ болуп багыттала турган **тарыхый бурулуш кылымы болот.** 21-кылымда 19-кылымдын материалисттик, туура эмес ишенимдери тарыхтын таштандысына ташталып, адамдар Улуу Раббибиз Аллахтын бар экендигин жана бүт ааламды жараткандыгын, ошондой эле, мейкинсиздик, убакыттын жоктугу сыяктуу чындыктарды түшүнөт. Жана адамзат кылымдардан бери көз алдына тосулган пардалардан, калптардан жана негизсиз ишенимдерден кутулат.

# КӨЗ АЛДЫБЫЗДАГЫ КЕРЕМЕТТЕР

**Биз асмандарды, жерди жана ал экөөсүнүн арасындагыларды бир «оюн жана алаксуу» болсун деп жараткан жокпуз. Биз аларды акыйкат (хак) менен гана жараттык. Бирок алардын көпчүлүгү билишпейт. (Духан Сүрөсү, 38-39)**

Китебибиздин башында «бир заматта» пайда болуп калган бир адам жөнүндө мисал келтирген элек. Ал адамдын өзүнө жана айлана-чөйрөсүнө абдан таң калаарын айткан элек. Жана сиз менен мисалдагы бул адамдын ортосунда эч кандай айырма жоктугун, болгону көнүп калганыңыз үчүн гана таң калбай, айланадагы кереметтерди сезбей калган болушуңуз мүмкүн экенин айтканбыз. Башкача айтканда, көп адамдардын көз алдындагы кереметтерди байкай албай калаарын айткан элек.

Курандын аяттарында адамдардын ушундай ойлонуу жалкоолугунан жана көздөрү көнүп калганы үчүн кайдыгер болуп калуудан кутулуу зарылдыгына эң көп басым жасалган. Куранда ыйман кылуу үчүн кереметтерди күткөн жана ошентип туура жолдон адашкан коомдор сүрөттөлгөндө, ансыз да айланабыздын жалаң «кереметтүү» кубулуштарга толо экендиги кабар берилет.

Курандын көптөгөн аяттары адамдарды табиятты изилдеп, «Аллахтын аяттарын» (далилдерин) көрүүгө үндөйт. Себеби бүт табиятта, бүт ааламда «өздөрүнүн жаратылгандыгын» көрсөткөн далилдер толтура жана жараткан Улуу Аллахтын күч-кудуретин, илимин жана чеберчилигин көрсөтүү үчүн айланабызда турушат. Адам акылын колдонуп, бул белгилерди (ишараттарды) көрүүгө жана Аллахты таанып-билүүгө милдеттүү.

Биз бул бөлүмдө Аллах жараткан жандыктардын арасынан Куранда аттары аталып, көңүл бурулган бир канча мисалга токтолобуз.

## ЧИРКЕЙ

**Күмөнсүз, Аллах бир чиркейди да, андан өйдөнү да мисал келтирүүдөн тартынбайт. Ошентип ыймандуулар, албетте, мунун Раббилеринен келген бир чындык экенин билишет; каапырлар болсо «Аллах бул мисал менен эмне максат кылган?» дешет. Муну менен бир тобун адаштырат, бир тобун болсо туура жолго (хидаятка) жеткирет. Бирок Ал бузукулардан башкасын адаштырбайт. (Бакара Сүрөсү, 26)**

Чиркей – дээрлик бүт адамдар «жөнөкөй» бир нерсе катары көргөн, эч маани

бербеген жана кереметтүүлүгүн ойлонбогон бир жандык. Бирок бул кичинекей жандыкка Аллах Курандын аяттарында көңүл бурган.

## Чиркейдин кереметтүү окуялары

Чиркейлер жөнүндө адамдар көбүнчө «алар кан менен азыктанат» деген маалыматты гана билишет. Бирок бул маалымат көп деле туура эмес. Себеби чиркейлердин баары эмес, ургаачылары гана кан сорот. Мындан тышкары, ургаачы чиркейлер курсагын тойгузуу максатында кан сорушпайт. Негизи ургаачылар да, эркектер да гүлдөрдүн маңыздары менен азыктанышат. Ургаачылардагы жумурткалар жетилүү үчүн кандагы белокторго муктаж болгону үчүн гана алар, эркектерден айырмаланып, кан сорушат. Башкача айтканда, ургаачы чиркей тукумун улантуу үчүн кан сорот.

Чиркейдин эң кереметтүү жана таң калыштуу өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул, өрчүү процесси. Бул жандык кичинекей бир курттан ар кандай этаптардан өтүү аркылуу чиркейге айланат. Анын өрчүү икаясы кыскача төмөнкүдөй:

Ургаачы чиркей кан менен азыктанып, жетилген жумурткаларын жай же күз айларында нымдуу жалбырактардын бетине же кургаган көлчүктөргө таштайт. Эне чиркей алгач курсагынын астындагы өтө сезгич сенсорлору менен жумурткаларга ыңгайлуу жер издейт. Ыңгайлуу жер тапканда жумурткаларын тууп баштайт. Узундугу 1 миллиметрге да жетпеген жумурткалар бир-бирден же топ-топ болуп тизилет. Кээ бир түрлөр болсо жумурткаларын бири-бирине жабышкан абалда, топ бойдон таштаашат. Мындай жумуртка топторунун кээ бирлеринде 300дөй жумуртка болот.

Эне чиркей кылдаттык менен жайгаштырган ак түстөгү жумурткалар ошол замат карарып баштайт жана эки сааттын ичинде толук капкара болуп калат. Бул кара түс курт-кумурскалардын жана канаттуулардын аларды байкашына тоскоол болуп, жумурткаларды коргойт.

Инкубация периоду бүтүшү үчүн бир кыш өтүшү керек. Жумурткалар узун жана суук кышка чыдай ала тургандай бир түзүлүштө жаратылгандыктан, жаз келип инкубация периоду бүткөнгө чейин зыян көрбөстөн, тирүү бойдон калышат.

## Жумурткадан чыгуу

Инкубация периоду бүткөндө, чиркей курттары дээрлик бир учурда жумурткадан чыгып башташат. Биринчи жумуртканын артынан ошол замат башкалары чыгат. Андан соң бүт курттар сууда сүзүп башташат. Курттар тынымсыз азыктанып, тездик менен чоңоюшат. Кыска убакыт ичинде терилери курттардын андан ары чоңоюшуна жолтоо боло турганчалык тар болуп калат. Бул биринчи тери алмашуусуна убакыт келгенин көрсөтөт. Абдан катуу жана чытыраган тери оңой гана сынат. Чиркей куртунун териси ал өрчүп бүткөнгө чейин дагы эки жолу алмашат.

Курттардын азыктанышы үчүн жаратылган ыкма абдан кызыктуу. Курттар

түкчөлөрдөн турган желдеткичке окшогон эки бутакча аркылуу суунун ичинде кичинекей айлампаларды пайда кылышып, бактерия жана башка микроорганизмдерди ооздорун көздөй тартышат. Курттардын дем алуусун болсо водолаздар колдонгон «шноркельге» окшогон бир аба түтүкчөсү камсыз кылат. Суунун ичинде башы ылдый жайгашышат. Денелеринен бөлүнүп чыккан жабышчаак бир зат суунун дем алуучу тешиктерге кирип кетишине да бөгөт койот. Кыскасы, бул жандык көптөгөн кылдат тең салмактуулуктардын иштеши аркылуу өмүр сүрөт. Аба түтүкчөсү болбосо, бул жандык жашай албайт, жабышчаак зат бөлүнүп чыгарылбаса, аба түтүкчөсү тосулуп калат.

Белгилүү убакыт өткөн соң курттардын терилери дагы бир жолу алмашат. Акыркы тери алмашуусу мурдакылардан айырмалуу болот. Курттар эми чыныгы чиркейге айлануу үчүн «куурчакча» дооруна кирет. Теринин ичинде куурчакча толук жетилген соң, эми бул тондон (кабыктан) чыгышы керек болот.

Тондун ичинен такыр башка бир жандык чыккандыктан, булардын бир жандыктын өрчүү этаптары экендигине ишенүү кыйын. Жана бул өзгөрүү ушунчалык комплекстүү жана кылдат бир процесс болгондуктан, муну курт да, анын энеси да же башка бир жандык да долбоорлой албайт.

Бул акыркы өзгөрүү учурунда бир түтүкчө аркылуу суунун бетине чыгып турган дем алуучу тешиктер жабылып калгандыктан, чиркей дем ала албай калуу коркунучуна туш болот. Бирок жаңы чыккан жандык эми бул канал аркылуу эмес, баш тарабында пайда болгон эки түтүк аркылуу дем алат. Ошондуктан тондун алмашуу процессинен мурда бул түтүктөр суу бетине чыгат. Үч-төрт күнгө созулган куурчакча доорунда жандык эч азыктанбайт.

Куурчакча пилласынын (кокон) ичиндеги чиркей толук жетилип, акыркы формасына келет. Антенна формасындагы тинтүүрлөрү, шлангдары, буттары, көкүрөгү, канаттары, курсагы жана башынын көп бөлүгүн ээлеген көздөрү менен эми жандык учканга даяр чиркейге айланат.

Куурчакчанын пилласы баш жагынан айрылат. Чыныгы чиркей пайда боло турган бул этапта өлүм коркунучу эң жогорку деңгээлге жетет. Пилланын ичине суу кирип кетиши бул этаптагы эң чоң коркунуч болуп саналат. Бирок пилланын айрылган тарабы чиркейдин башынын суугa тийип калышына бөгөт боло турган бир жабышчаак суюктук менен капталган.

Чиркей тонунан (кабыгынан) сууга тийбей чыгышы керек. Суунун бетине буттары гана тийет. Бул учур абдан маанилүү, анткени кандайдыр бир шамал анын өлүмүнө себеп болушу мүмкүн. Куурчакчадан чыккан чиркей жарым саат эс алган соң, алгачкы учууга чыгат.

Ошентип бул жандык сууга тийбестен, суунун ичинен чыгат...

Көрүнүп тургандай, өтө кылдат пландалган бир долбоор себептүү чиркей жумурткалары чиркейге айлана алышат. Бул процесстин ар бир этабы өтө пландуу жаратылган. Курттардын дем алышын камсыз кылган аба шлангдары, суунун ичкери кирип кетишине бөгөт койгон жабышчаак суюктук жана дагы көптөгөн жагдайлар

чиркейлердеги кемчиликсиз жаратуу мисалдарын көрсөтөт. Булардын баары кантип пайда болгон? Эволюционисттердин ою боюнча, чиркейлер кокустуктар аркылуу пайда болгон. Бул көз-карашка карата сөзсүз түрдө төмөнкүдөй суроолор туулат: эң алгачкы чиркейде мындай өзгөрүүлөрдөн басып өтө турган бир «жөндөм» кантип пайда болгон? Бир курт өз алдынча кантип «үч жолу теримди алмаштырып, бир чиркейге айланайын» деген «чечимге» келиши мүмкүн? Чиркейде мунун баарын ойлоно ала турган бир акыл болушу мүмкүнбү?

Албетте, жок. Чиркейлер минтип ойлоно алышпайт. Апачык көрүнүп тургандай, Аллах Куранда мисал келтирген бул жандык атайын ушундай өзгөчөлүктөрү менен жаратылган.

## Чиркейдин жылуулук сенсорлору

Чиркейлер укмуш сезгич жылуулук сенсорлору менен жабдылган. Айланасындагы жандыктарды температурасына карап ар кандай түстө кабылдай алышат. Бул кабылдоо (сезүү) жарыктан көз-каранды болбогондуктан, караңгы бир бөлмөдө да кан тамырларын оңой эле табышат.

Чиркейдин жылуулук сенсорлору абдан сезгич болгондуктан, температурадагы 1/1000 градустук бир өзгөрүүнү да сезе алат.

## Чиркейдин «кан соруу» ыкмасы

Олжонун үстүнө конгон чиркей шлангындагы эринчелери аркылуу алгач бир чекит тандайт. Анын шприцке окшогон ийнеси атайын бир кабык менен оролгон. Кан соруу процесси учурунда ийне бул кабыктан чыгат.

Тери, биз ойлогондой, ийнени сайуу аркылуу тешилбейт. Мында негизги милдет бычактай курч үстүңкү жаак менен артты көздөй ийилген тиштери бар астыңкы жаакка жүктөлгөн. Астыңкы жаак араадай алдыга-артка кыймылдап, тери үстүңкү жаактын көмөгү менен кандайдыр бир мааниде «тилинет». Тилинген жерден ичкери киргизилген ийне кан тамырга жеткенде, тешүү процесси токтотулат. Андан соң кан соруу башталат.

Бирок, белгилүү болгондой, адамдын денесинде тамырлар кичине эле жабыркаганда да, канды заматта уютуп, ал аймактан кандын чыгышын токтото турган бир фермент болот. Бул чиркейге чоң көйгөй жаратышы керек. Анткени, анын тешкен кичинекей тешигине да дене ошол замат жооп көрсөтүп, заматта кан уюп, ал жер оңдолуп баштайт. Албетте, бул чиркейдин эч кан соро албай калышына себеп болот.

Бирок чиркей үчүн бул маселе чечилген. Ал кан соруп баштаардан мурда денесинен бөлүнүп чыккан атайын бир суюктукту адамдын тамырындагы тешиктин ичине киргизет. Бул суюктук канды уюта турган ферментти нейтралдаштырат. Ошентип, чиркей эч көйгөйсүз азыгына жете алат. Чиркей чаккан жердин кычышып, шишүүсүнө ушул суюктук себеп болот.

Бул, албетте, кереметтүү бир процесс жана төмөнкүдөй суроолорду пайда кылат:

1) Чиркей адамдын денесинде ушундай канды уютуучу бир фермент бар экенин

кайдан билет?

2) Бул ферментке каршы өзүнүн денесинде бир секреция иштеп чыгышы үчүн, анын курамын (химиясын) билиши зарыл. Аны кайдан билиши мүмкүн?

3) Бул маалыматты билген күндө да, кантип өзүнүн денесинде мындай секрецияны иштеп чыгып, аны ийнесине өткөрүп бере турган «техникалык жабдыкты» жасай алсын?

Негизи бул суроолордун жообу жөнөкөй эле: чиркей булардын бирөөсүн да жасай албайт. Буларды кыла ала турган акылы да, химиялык илими да, секрецияны иштеп чыга турган «лабораториялык» жабдыктары да жок. Бул көлөмү бир канча миллиметрден ашпаган, эч бир аң-сезими жок чиркей, болгону ошол!...

Чиркейге мындай кереметтүү жана таң калаарлык бир системаны «асмандардын, жердин жана ал экөөнүн арасындагылардын Рабби» Аллах тартуулаган.

# БАЛ ААРЫ

**Раббиң бал аарыга вахий кылды: тоолордо, дарактарда жана алар курган үйлөрдө өзүңө үйлөр кур. Кийин мөмөлөрдүн баарынан же, ушундайча Раббиң сага жеңил кылган жолдор менен жүр-уч. Алардын курсактарынан ар кандай түстөрдөгү шербеттер чыгат, анда адамдар үчүн бир шыпаа бар. Эч күмөнсүз, ойлонгон бир коом үчүн чындыгында мында аяттар бар. (Нахл Сүрөсү, 68-69)**

Аарылар жасаган, «бал» деп аталган заттын адам денеси үчүн канчалык мыкты бир азык экенин бүгүнкү күндө элдин баары билет. Бирок, бул баалуу азыкты иштеп чыккан аарынын жашоо икаясы жөнүндө ойлонуп көргөн белеңиз?

Аарылардын азык булагы – бул, белгилүү болгондой, гүлдөрдүн ширелери. Бирок кыш айларында гүлдөрдүн ширесин табууга болбойт. Ошондуктан бал аарылар гүлдөрдүн ширелерин чогултуп, денелеринен бөлүнүп чыккан атайын заттарга аралаштырат да, жаңы бир азык затын, б.а. балды иштеп чыгышат жана аны кышка сактап коюшат.

Бирок, кызыгы, аарылар муктаждыгынан алда канча көп бал чогултушат. Албетте, бул жерде төмөнкүдөй суроо жаралат: бал аарылар алар үчүн керексиз убакыт жана энергия короможусундай көрүнгөн мындай «ашыкча өндүрүштөн» эмне үчүн баш тартышпайт? Бул суроонун жообу жогоруда орун берилген Нахл Сүрөсүнүн 68- жана 69-аяттарында айтылган бал аарыга келген «вахийде» жашырылган. Аарылар да, бүт жандыктар сыяктуу, Аллахтын вахийине (илхамына) моюн сунушат.

Аарылар, табиятына ылайык бир гана өздөрүнө эмес, адамдарга да бал даярдайт. Жер жүзүндөгү көптөгөн жандыктар сыяктуу, бал аарылар да адамдардын кызматына берилген. Өзүнө көп пайдасы тийбесе деле, күн сайын жок дегенде бирден жумуртка тууган тоок же музоосунун муктаждыгынан алда канча көп сүт берген уй сыяктуу...

## Уюктун (бал челектин) ичиндеги кемчиликсиз уюшкандык

Аарылардын уюктун ичиндеги жашоосунда жана бал иштеп чыгышында да таң калаарлык жагдайлар көп. Аарылардын уюктун ичинде жасай турган көптөгөн «жумуштары» бар жана мыкты уюшкандык менен бул иштердин баарын аткарышат:

**Нымдуулукту жөнгө салуу жана желдетүү:** балга коргоочу касиет берүүчү уюктун ичиндеги нымдуулук деңгээли дайыма белгилүү бир чекте болушу зарыл. Уюктун ичиндеги нымдуулук нормадан төмөн же жогору болуп кетсе, бал азыктык касиетин да, коргоочу касиетин да жоготот, б.а. бузулат. Ошондой эле, уюктун температурасы да 10 ай бою так 32°C болушу шарт. Уюктагы температура менен нымдуулукту ар дайым керектүү деңгээлде кармоо үчүн атайын бир «желдеткич топ» түзүлөт.

Ысык күндөрү аарылардын уюктарын желдетип жатканын оңой эле байкоого болот. Аарылар уюктун босогосуна чогулуп, бири-бирине жакын жайгашат да, канаттары менен уюкту шамалдатышат. Ошентип аарылар уюктагы абаны бир тараптан экинчи тарапты көздөй айдашат. Уюктун ичиндеги кошумча желдеткич аарылар болсо абаны төрт тарапка сүрүшөт.

Уюктун ичиндеги жетдеткич системанын дагы бир пайдасы болсо, ал уюкту түтүн жана абадагы булганычтардан коргойт.

**Саламаттыкты сактоо системасы:** аарылар балдын сапаты бузулбашы үчүн бир гана жылуулук менен нымдуулукту карашпайт. Уюкта бактериялардын көбөйүшүнө себеп болуучу бүт процесстерди көзөмөлдөп туруу үчүн кемчиликсиз саламаттыкты сактоо системасы каралган. Бул система, эң биринчиден, бактерияларды көбөйтүү ыктымалдыгы болгон заттарды жок кылууну көздөйт. Аарылардын саламаттыкты сактоо системасынын негизги принциби – бул, чоочун заттардын уюкка киришине бөгөт коюу. Ошондуктан уюктун босогосунда дайыма эки күзөтчү турат. Ошого карабай, уюкка чоочун бир чымын-чиркей, курт-кумурска же кандайдыр бир буюм кирип кетсе, аарылар аны тездик менен уюктан чыгарууга аттанышат.

Уюктан сыртка чыгарууга болбой турган көлөмдөгү чоочун заттарга болсо башка бир коргонуу механизми колдонулат. Аарылар мындай учурлар үчүн «прополис» (аары чайыры) деп аталган бир затты иштеп чыгышат. Аны кызыл карагай, терек, акация сыяктуу дарактардан чогулткан чайырларга өздөрүнүн кээ бир секрецияларын кошуу аркылуу даярдашат. Прополистин өзгөчөлүгү – анын ичинде бактерия жашай албайт. Сырттан уюкка кирген жандыктар прополис менен ороп коюлат. Бул кандайдыр бир мааниде анын мумияланып, уюктан изоляция кылынышы деген мааниге келет.

Аарылардын бул иш-аракетинде, эң биринчиден, төмөнкү жагдайга көңүл буруу керек: аарылар бир жандык өлгөндө денесинин бузулаарын жана андан чыккан заттардын уюктагы жандыктарга зыян тийгизиши мүмкүн экендигин билишет. Ошондой эле, бузулуунун алдын алуу үчүн өлгөн жандыкты белгилүү бир химиялык процесстен өткөрүү керек экенин да билишет. Мумиялоо үчүн болсо ичинде бактерия жашай албай турган прополисти колдонушат.

Бул маалыматтардын негизинде төмөнкү суроолорду узаталы: аарылар бир жандыкта келип чыга турган бузулууларды жана анын зыяндуу таасирлерин кантип токтотууга болоорун кайдан билишет? Болгондо да, буларды билүү менен эле чектелбестен, прополис затын колдонууну кантип ойлоп тапкан болушу мүмкүн? Аарыларга муну ким үйрөткөн? Бул затты аарылар кантип ойлоп табышкан? Формуласын кантип таап, кантип өндүрүп башташкан? Бул формуланы колониянын башка мүчөлөрүнө жана келечектеги урпактарга кантип өткөрүп беришкен?

Мумиялоо процесси, антисептик заттын курамы жана иштелип чыгылышы же кайсы жерлерде колдонулаары сыяктуу нерселерди аарылардын биле албашы жана денелеринде буларды иштеп чыга турган бир системаны өздөрүнүн жасай албашы анык.

Булардын бирөөсүнө да аарылардын акылы жетпейт. Ар бир этабы белгилүү бир акыл жана илимди талап кылган бул процесстерди аарылар кокусунан билип калган да эмес. Себеби, кокустуктардан аң-сезимдүү жана акылдуу иш-аракеттер келип чыкпайт.

Демек, бул иш-аракеттердин баары аарыларга башка бирөө тарабынан үйрөтүлгөн. Бул маалыматтардын баарын аарыларга Жаратуучу Аллах илхам кылууда. Жер жүзүндөгү бүт нерселер сыяктуу, аарылар да Малик (бүт ааламдын кожоюну жана толук өкүмдары) Аллахка моюн сунушкан:

**Чыныгы Малик (кожоюн) Аллах өтө Улуу, Андан башка кудай жок; (Ал) Керим (берешен), Арштын Рабби. (Мүминун Сүрөсү, 116)**

## Эң аз материал менен эң көп сактоо

Бал аарылар кичинекей бал мому бөлүкчөлөрүн колдонуп, 30000 аары чогуу жашап, чогуу иштей ала турган уюктарды кура алышат.

Уюк (бал челек) ар биринин бетинде жүздөгөн майда клеткалар жайгашкан, капталдары бал момунан жасалган уялардан (соты) турат. Уялардагы клеткалардын баарынын өлчөмү теңтең болот. Бул инженерия керемети миңдеген аарынын биргелешип эмгектенүүсүнөн келип чыгат. Аарылар бул клеткаларды азык сактоого жана жаш аарыларды багууга пайдаланышат.

Бал аарылар уялардын клеткаларын миллиондогон жылдан бери (мындан 100 миллион жыл мурдакы доорго тиешелүү аары фоссили (калдыгы) табылган) алты бурчтук формасында куруп келе жатышат. Эмне үчүн сегиз бурчтук же беш бурчтук сыяктуу геометриялык формалардын ордуна, атайын алты бурчтук тандалган? Бул суроонун жообун математиктер берет: белгилүү аймакты максимум колдонуу үчүн эң ылайыктуу геометриялык форма катары алты бурчтукту тандоо керек. Уялар алты бурчтуктун ордуна башка бир формада курулганда, колдонулбаган аймактар келип чыкмак жана натыйжада азыраак бал сакталмак, ошондой эле, уюктан азыраак аары пайдалана алмак.

Тереңдиги бирдей болсо, үч бурчтуу жана төрт бурчтуу клеткаларда да алты бурчтуу клеткалар менен бирдей көлөмдө бал сакталмак. Бирок бул формалардын арасынан айланасы эң кыска болгон форма – бул, алты бурчтук. Көлөмү бирдей болгону менен, алты бурчтуу клеткаларга үч бурчтуу же төрт бурчтууга караганда азыраак материал коротулат.

Мындан төмөнкүдөй жыйынтык келип чыгат: алты бурчтуу клетка сыйымдуулугу жагынан эң алдыда турат жана ошол эле учурда, аны куруу үчүн эң аз бал мому коротулат. Татаал геометриялык эсептөөлөрдөн алынган бул жыйынтыкты, албетте, аарылар эсептеп чыккан эмес. Бул кичинекей жандыктар алты бурчтукту табиятынан аларга үйрөтүлгөнү, башкача айтканда, «вахий (илхам) кылынганы» үчүн гана колдонуп келишүүдө.

Аарылардын алты бурчтуу клеткалары бүт жагынан колдонууга ыңгайлуу бир долбоор. Клеткалар бири-бирине шайкеш келип, капталдары бир болот. Бул да кайра эле эң аз бал мому менен эң көп бал сактаганга шарт түзөт. Клетканын капталдары абдан ичке болгону менен, өз салмагынан бир канча эсе оор салмакты көтөрө алат.

Аарылар клеткалардын каптал беттеринен тышкары, түптөрүн жасап жатканда да, үнөмдүүлүк принцибине эң көп көңүл бурушат.

Уялар бири-бирине таянган, эки катарлуу бир тилке формасында жасалат. Натыйжада эки клетканын бириккен жерлеринде көйгөй пайда болот. Бул маселе клеткалардын түбүн үч ромбду бириктирип куруу аркылуу чечилген. Уянын бир бетинде үч клетка жасалганда, экинчи беттеги бир клетканын түбү да өзүнөн-өзү пайда болуп калат.

Клетканын түбү ромб формасындагы бал мому плиталарынан тургандыктан, клеткалардын түбү терең сүңгүп кетет. Бул клетканын көлөмүн жана натыйжада анын сыйымдуулугун жогорулатат.

Көрүнүп тургандай, алты бурчтук аары уялары үчүн эң идеалдуу форма болуп саналат. Бул жерде төмөнкүдөй суроо туулат. Аарылар алты бурчтуктун эң идеалдуу экендигин кайдан билишет?

Аары уяларындагы бул кемчиликсиз долбоордун аарылар тарабынан, эволюционисттер ойлоп тапкан «эволюция процессинде», акырындап иштелип чыгышынын мүмкүн эместигин түшүнүү үчүн бир аз акыл жүгүртүү жетиштүү болот. «Бир аары бир күнү беш бурчтуу уя жасап, эртеси күнү үч бурчтуу кылып көргөн. Анан белгилүү убакыт ошол бойдон уланткан соң, көп күндөрдөн же көп жылдардан же болбосо көп кылымдардан соң, уя жасоодо алты бурчтуктун эң үнөмдүү болоорун түшүнүп, мындан ары ушундай кылайын деп чечкен» деген сыяктуу бир сценарий эч акылга сыйбайт. Мындай ойду айткан киши «аарыларда жок дегенде адамдарчалык акыл жана аң-сезим бар» деп айткан болот. Бирок муну адамдын акылы жана абийири кабыл албайт.

Аарыларды Аллах жараткан. Алар эч кандай эволюциялык процесстен өткөн эмес. Эч кандай өзгөрүүгө дуушар болушкан эмес. Эң алгач жаратылган кездеги өзгөчөлүктөрү кандай болсо, бүгүнкү күндөгү өзгөчөлүктөрү да дал ошондой.

## Уядагы клеткалардын башка касиеттери

Бал аарылар уя жасап жатканда клеткалардын жантайуусуна да көңүл бөлүшөт. Клеткалар эки тарапка бирдей 13 градустан көтөрүлүп, жерге параллельдүү жасалбайт. Бул балдын клетканын оозунан агып кетишине бөгөт койот.

Жумушчу бал аарылар иштеп жатканда үймөлөктөшүп, бири-бирине шакекчелер формасында асылышат. Мындагы максат бал момун жасоо үчүн талап кылынган 35ºC температураны камсыз кылуу болуп саналат. Аарылар курсактарындагы баштыкчалардан тунук бир суюктук бөлүп чыгарышат. Ал суюктук сыртка чыгып, ак,

ичке бал мому катмарларын катытат. Бал момун болсо буттарындагы кичинекей илмектери менен чогултушат. Андан соң бал момун ооздоруна салып, жумшарганга чейин ооздорунда иштетип, формага салып уя жасашат. Бал мому жумшак жана иштетүүгө ыңгайлуу абалда сакталышы үчүн, бир топ аары керектүү температураны камсыз кылат.

Уя жасоодо дагы бир кызыктуу жагдай бар: уя бал челектин (уюктун) жогору жагынан жасалып башталат жана бир учурда эки-үч тилке төмөн көздөй токула баштайт. Бир уя тилкеси эки тарапты көздөй кеңейтилип барып, алгач андагы эки катардын түптөрү биригет. Мында эч кандай дал келбестик болбойт. Натыйжада, аягында уянын эки же үч бөлүктөн куралганы эч байкалбай калат. Бир учурда ар кайсы учунан жасалып баштаган уя тилкелери ушунчалык тегиз, мыкты жасалгандыктан, уялар жүздөгөн бурчтан турганына карабастан, аягында бир бүтүн түзүлүштөй көрүнүп калат.

Мындай натыйжага жетүү үчүн, аарылар уянын башталгыч чекити менен биригүү чекиттеринин ортосундагы аралыктарды алдын ала эсептеп, клеткалардын өлчөмүн ошого жараша пландашы керек. Миңдеген аарынын ушунчалык так эсептөөлөрдө эч жаңылыштык кетирбеши илимпоздорду абдан таң калтырууда.

Көрүнүп тургандай, уялардын жасалышында абдан көп кереметтер бар. Аары уясынын атайын пландалган бир долбоор экендиги апачык көрүнүп турат. Мындай түзүлүштү «кокустук ыктымалдыгы» менен байланыштыруу эч акылга сыйбайт. Аарылардын жашоосунун ар бир баскычы Аллахтын чексиз кудуретин жана жаратуу күчүн көрсөтөт.

## Аарылар багытын кантип аныкташат?

Аарылар көбүнчө азык табуу үчүн алыс жактарга учуп, көп жерди кыдырууга мажбур болушат. Уюктарынан 800 метр алыстыкка чейин созулган аянтты кыдырып, талаа гүлдөрүнөн бал ширесин жана гүл чаңчаларын чогултушат. Бир аары гүлдөрдү тапканда, анын дарегин башкаларга кабар берүү үчүн уюгуна кайтып келет. Бирок, ал аары уюктагы курдаштарына гүлдөрдүн дарегин кантип сүрөттөп берет?

Бий аркылуу!... Уюкка кайтып келген аары кандайдыр бир мааниде «бийлеп» баштайт. Бул бий гүлдөрдүн дарегин айтып берүү ыкмасы болуп саналат. Аарынын кайталанма бийи башка аарыларга ал даректин багыты, алыстыгы сыяктуу бүт маалыматтарын толугу менен сүрөттөп берет.

Аарылар «8» формасында бийлешет. Аары сегиздин ортосун куйрук бөлүгүн дирилдетүү аркылуу зигзаг формасында «чийип» көрсөтөт. Зигзаг жолунун күн менен уюктун ортосундагы сызыкка карата бурчу гүлдүн дарегинин багытын көрсөтөт.

Даректин бир гана багытын билүү жетиштүү болбойт. Жумушчу аарылар бал ширесин чогултуу үчүн канчалык аралыкка бараарын да «билиши» зарыл. Даректи сүрөттөп жаткан аары башкаларга кайра эле белгилүү дене кыймылдары менен гүлдөргө чейинки аралыкты да «айтып берет». Муну денесинин астыңкы бөлүгүн чайпап, күтүүсүз аба агымдарын пайда кылуу аркылуу түшүндүрөт. Башка аарылар болсо антенналары

аркылуу ал агымдарды кабылдап, азык булагына чейинки аралыкты аныкташат. Мисалы, 250 метр аралыктагы даректи «сүрөттөө» үчүн жарым мүнөттүн ичинде денесинин астыңкы бөлүгүн 5 жолу чайпайт. Ошентип дректин багыты жана ага чейинки аралык толук сүрөттөлүп берилет.

Бирок азык булагына барып-келүү учушу көпкө созулган учурда аары башка бир көйгөйгө туш болот: аарылар азык булагын бир гана күнгө карап сүрөттөй алышат, бирок күндүн орду 4 мүнөт сайын 1 градустан жылып отурат. Ошондуктан аары жолдо өткөргөн ар бир 4 мүнөтүндө курдаштарына сүрөттөп берген багытта бир градустан ката кетириши керек болот; анткен менен мындай маселе жаралбайт. Себеби аарынын көзү жүздөгөн кичинекей, алты бурчтуу объективден (линзадан) турат. Ар бир объектив бир телескопко окшоп, абдан тар бир аймакты көрөт. Аары күндүз күн тарапты карап, учкан багытын ар дайым аныктай алат. Илимпоздор аары убакытка жараша күндөн келген жарыктын өзгөрүүсүн пайдалануу аркылуу муну аныктай алат дешүүдө. Кыскасы, аары күн жылган сайын дректин багытын да ошого жараша оңдоп, эч катасыз сүрөттөп берет.

## Гүлдү белгилеп коюу ыкмасы

Бал аарылар бир гүлдүн ширесинин андан мурда башка аарылар тарабынан соруп алынганын коноор замат түшүнүп, ошол замат ал гүлдөн учуп кетишет. Бул убакытты жана энергияны үнөмдөйт. Бирок, аары гүлдү изилдебей туруп, анын ширесинин түгөнгөнүн кантип билет?

Себеби, гүлдү пайдаланып, анын ширесин түгөткөн курдашы ал гүлдү белгилүү жыттан бир тамчы тамызып, белгилеп койот. Андан соң келген аарылардын баары ал гүлгө коноор замат ал жытты сезип, гүлдүн ишке жараксыз экенин түшүнөт да, ошол замат башка гүлгө жөнөйт. Бул канчалаган аарынын убактысын үнөмдөйт.

## Балдагы кереметтер

Аллах кичинекей бир жандык аркылуу адамдарга тартуу кылган балдын канчалык баалуу бир азык булагы экендигин билесизби?

Балда фруктоза жана глюкоза сыяктуу канттардан тышкары, магний, калий, кальций, натрий хлор, күкүрт, темир жана фосфор сыяктуу минералдар да бар. Шире жана чаңча булактарынын сыпатына жараша өзгөрүү менен бирге, балда B1, B2, C, B6, B5 жана B3 витаминдери да кездешет. Мындан тышкары, аз өлчөмдө жез, йод, темир жана цинк да бар. Балдын курамында, мындан тышкары, кээ бир гормондор да болот.

Курандын аятында айтылгандай, балдын «адамдарга шыпаа» касиети бар. 1993-жылдын 20-26-сентябрь күндөрү Кытайда өткөн «Дүйнөлүк бал челекчилик конференциясындагы» илимпоздордун бал жөнүндөгү пикирлери да муну тастыктайт:

Конференцияда аары продукциялары менен дарылоо темасына көп басым жасалды. Өзгөчө АКШлык илимпоздор бал, аары сүтү (энелик сүт), чаңча жана аары чайырынын (прополис) көптөгөн ооруларды айыктыраарын айтышты. Румыниялык бир врач балды катаракта бейтаптарына сынап көргөнүн жана 2094 бейтаптын 2002синин

(95%) бал аркылуу толук айыкканын айтты. Польшалык врачтар болсо аары чайырынын геморрой, тери оорулары, гинекология оорулары сыяктуу көптөгөн ооруларга пайдалуу экендигин айтышты. (*Түркиянын «Хүррийет» (Hürriyet) гезити, 1993-ж. 19-октябрь)*

Илимде алдыңкы орундарды ээлеген өлкөлөрдө бал челекчилик жана аары продукциялары азыркы учурда өзүнчө бир изилдөө тармагына айланды. Балдын мындан башка негизги пайдалары төмөнкүдөй:

**Оңой сиңет:** курамындагы канттар башка бир кант түрүнө (фруктоза глюкозага) айлануу касиетине ээ болгондуктан, бал жогору кислоталуу болгонуна карабастан, эң сезгич ашказандар тарабынан да оңой сиңирилет. Ошондой эле, ичеги жана бөйрөктөрдүн жакшыраак иштешине көмөкчү болот.

**Төмөн калориялуу:** бирдей өлчөмдөгү кантка салыштырылганда, абдан таттуу болгонуна карабастан, бал денеге болжол менен 40%га азыраак калория берет. Денеге көп энергия бергенине карабастан, адамды семиртпеши балды жогорку сыпаттуу бир азык булагына айлантат.

**Канга тез аралашат:** бал жылуу сууга ээритилгенде, 7 мүнөттүн ичинде канга аралашат. Курамындагы эркин канттардан улам мээнин иштөөсүн жеңилдетет.

**Кандын жасалышына көмөк көрсөтөт:** бал кан жасоодо денеге талап кылынган энергиянын бир топ бөлүгүн камсыз кылат. Ошондой эле, кандын тазаланышына да көмөкчү болот. Кан айланууга жөнгө салуучу жана жеңилдетүүчү багытта таасир көрсөтөт. Артериосклероздон сактайт.

**Ичинде бактерия жашай албайт:** балдын бул касиети «тоскоол болуучу (ингибитордук) таасир» деп аталат. Эксперименттер сууланган балдын бактерия өлтүрүүчү касиетинин таза балга караганда эки эсе өсөөрүн көрсөткөн. Эң кызыгы, аары колониясына жаңы кошулган аары куртчаларын аларды баккан кызматкер аарылар, балдын бул касиетин билгендей болуп, сууланган бал менен азыктандырышат.

**Аары сүтү (энелик сүт):** аары сүтү – уюктагы жумушчу аарылар тарабынан иштелип чыккан бир зат. Азыктык баалуулугу абдан жогору болуп саналган аары сүтүндө кант, белок, май жана көптөгөн витаминдер бар. Дене алсыз болуп калган кездерде жана кыртыштардын (тканьдардын) улгайышынан келип чыккан оору-сыркоолордо колдонулат.

# ТӨӨ

**Карашпайбы ал төөнү; кантип жаратылганын? Асманды, кантип көтөрүлгөнүн? Тоолорду; кантип отургузулуп-курулганын? Жерди; кантип жайылып-төшөлгөнүн? Эми сен насаат берип, эскерт. Сен болгону насаат берип, эскертүүчүсүң. (Гашия Сүрөсү, 17-21)**

Бүт жандыктар бүт ааламды жана ал жандыктарды жараткан Аллахтын чексиз кудуретин жана чексиз илимин көрсөтөт. Аллах муну көптөгөн аятта кабар берген жана ар бир жараткан нерсесинин бир аят, б.а. далил, сабак экендигине көңүл бурган.

Гашия сүрөсүнүн 17-аятында болсо дагы бир ойлонуп, сабак алуу керек болгон жаныбар, тагыраак айтканда, «төө» жөнүндө сөз кылынган.

Аллах Куранда **«Карашпайбы ал төөнү; кантип жаратылганын?»** деп бизди ой жүгүртүүгө чакырган бул жаныбардын кээ бир өзгөчөлүктөрү төмөнкүдөй.

**1. Ачкалыкка жана суусуз жашоого абдан чыдамкайлыгы:** төө 50°C ысыкта 8 күн ачка жана суусуз чыдай алат. Бул убакытта жалпы салмагынын 22%ын жоготот. Адам денесиндеги суунун 12%ын жоготкондо каза болсо, төө денесиндеги суунун 40%ын жоготкондо да өлбөйт. Төөнүн суусуз жашоого чыдамкайлыгынын дагы бир себеби, анын денесинде күндүз дене температурасын 41°Cге чейин жогорулатуучу бир механизм бар. Бул механизм күндүз чөлдүн ысыгында организмдин суу жоготуусун минималдаштырат. Чөлдүн суук түндөрүндө болсо денесинин температурасын 30°Cге чейин төмөндөтө алат.

**2. Кемчиликсиз суу колдонуу бөлүгү:** төөлөр 10 мүнөттө салмагынын үчтөн биринчелик көлөмдөгү сууну иче алышат. Бул кээде 130 литрге чейин жетет. Мындан тышкары, төөнүн мурун былжыры адамга салыштырмалуу 100 эсе чоң аймакты ээлейт. Мындай чоң жана ийри-буйру мурун былжырынын жардамы менен, абадагы нымдуулуктун 66%ын кармап кала алат.

**3. Азыктардан жана суудан максимум пайдалануу өзгөчөлүгү:** жаныбарлардын көпчүлүгү бөйрөктөрдө чогулган заарасы (сийдиги) канына аралашканда, андан ууланып өлүшөт. Ал эми төө болсо денесинде пайда болгон заараны кайра кайра боордон өткөрүп, сууну жана азыктарды максималдуу деңгээлде пайдалана алат.

Төөнүн кан жана клетка түзүлүшү да чөл шарттарында көпкө суусуз жашай алышына шарт түзөт. Клетканын капталдары клеткалардын ашыкча суу жоготуусуна бөгөт койо тургандай бир түзүлүшкө ээ. Кан түзүлүшү болсо төөнүн денесиндеги суунун көлөмү минималдуу деңгээлге түшкөндө да, кан агымынын оордошушуна жол бербейт. Ошондой эле, канында суусуздукка чыдамкайлыкты көбөйтүүчү альбумин ферменти башка жандыктарга караганда көбүрөөк көлөмдө кездешет.

Төөнүн дагы бир көмөкчүсү – бул, анын өркөчү. Өркөчтөрдө төөнүн дене салмагынын бештен биринчелик көлөмдө май сакталат. Төөдө майдын бир жерге чогулушу, майдын негизинде, дененин бүт тарабынан суунун көп бөлүнүп чыгарылышына бөгөт койот. Бул дагы төөнүн сууну эң аз колдонушуна шарт түзөт.

Өркөчтүү төө кадимки шарттарда бир күндө 30-50 килограмм азык жесе, оор шарттарда күнүнө болгону 2 килограмм кургак чөп менен, бир ай бою жашай алат. Төөнүн ооз жана эрин түзүлүшү, бут кийимдин булгаарысын теше турганчалык, учтуу тикендерди да эч кыйынчылыксыз жей алышына мүмкүнчүлүк берет. Төрт тараптуу ашказаны жана тамак сиңирүү системасы болсо алдынан чыккан бүт нерсени сиңире ала турганчалык күчтүү. Төө кадимки шарттарда тамак-аш группасына кирбеген каучук сыяктуу заттарды да пайдаланганды билет. Кургакчылык шарттарында бул өзгөчөлүктүн канчалык баалуу экендиги талашсыз.

**4. Бороон чапкындарга карата көрүлгөн чаралар:** төөнүн көздөрүндө эки кабат кирпик болот. Кирпиктер капкандай бири-биринин арасынан өтүп, көздү катуу кум бороондорунан коргойт. Төөлөр, мындан тышкары, кум кирбеши үчүн мурун тешиктерин да жаба алышат.

**5. Күйгүзүүчү ысыкка жана тоңдуруучу суукка карата көрүлгөн чаралар:** бүт денесин каптаган жыш жүндөр чөлдөгү куйкалаган күндүн төөнүн терисине өтүшүнө бөгөт болот. Ошондой эле, бул жүндөр суукта аны жылытат. Чөл төөлөрү +70°Слик ысыкты сезбесе, кош өркөчтүү төөлөр -52°Слик суутарда жашай алышат. Мындай төөлөр 4000 метр бийиктиктеги жайлоолордо да жашай алышат.

**6. Ысык кумдарга карата көрүлгөн чаралар:** буттарына салыштырмалуу өтө чоң көрүнгөн туяктары да атайын ушундай жаратылып, жаныбар кумга кирип кетпей бассын деп жайык кылынган. Кызыган чөл кумдарынан коргосун деп тамандарынын териси калың кылынган.

Эми бул маалыматтардын негизинде ойлонуп көрөлү:

Төө өзүнүн денесин чөлдөгү шарттарга ыңгайлаштырып чыкканбы? Мурун былжырын өзү жасап, жонундагы өркөчтү да өзү пайда кылганбы? Же болбосо, бороон чапкындарга карап, көзүнүн жана мурдунун долбоорун өзү түзгөнбү? Кан жана клетка түзүлүшүн сууну үнөмдөө үчүн өзү пландап чыкканбы? Денесиндеги жүндөрдүн кыртышын төө өзү тандаганбы? Төө өзүн-өзү «чөл кемесине» айландырганбы?

Бүт башка жандыктар сыяктуу эле, төө да, албетте, бул нерселерди кыла албайт жана өзүн-өзү адамдарга пайдалуу бир жандыкка айландыра албайт.

**«Карашпайбы ал төөнү; кантип жаратылганын?»** деген аят чындап эле бул кереметтүү жаныбардын пайда болушун эң мыкты түшүндүрөт. Төө дагы бүт нерселер сыяктуу жаратылып, ар кандай өзгөчөлүктөр менен жабдылган жана Аллахтын теңдешсиз жаратуусунун бир далили катары жер жүзүнө жайгаштырылган.

Төөгө ушундай чыдамкайлык өзгөчөлүктөрү берилип, адамзатка кызмат кылуу милдети жүктөлгөн. Адамга болсо бүт ааламдагы ушул сыяктуу Жаратуучунун кереметтерин көрүп, бүт ааламды жараткан Аллахты таанып, билүү милдети жүктөлгөн...

# КУРАНДА СӨЗДӨРДҮН КАЙТАЛАНЫШЫ

Куранда бири-бири менен байланыштуу кээ бир сөздөр, кереметтүү түрдө, бирдей санда же маанисине жараша бири-биринен эки эсе көп жолу кайталанат. Төмөндө ушундай сөздөр жана Курандын ичинде канча жолу кайталанганы көрсөтүлгөн (тереңирээк маалымат алуу үчүн Харун Яхьянын *«Курандын кереметтери»* аттуу китебин караңыз).

| | |
|---|---|
| Жети асман | 7 |
| Асмандардын жаратылуусу | 7 |
| Ыйман | 25 |
| Ыймансыздык (күфүр) | 25 |
| Кыянат | 16 |
| Жаман, ыпылас нерсе (хабис) | 16 |
| Зекет | 32 |
| Береке | 32 |
| Дүйнө | 115 |
| Акырет | 115 |
| Периште | 88 |
| Шайтан | 88 |
| Инсан | 65 |
| Топурак | 17 |
| Нутфа (бел суу) | 12 |
| Алак (асылган эт, эмбрион) | 6 |
| Бир тиштем эт | 3 |
| Сөөк | 15 |
| Эт | 12 |
| | |
| **ЖАЛПЫСЫ** | **65** |

| | |
|---|---|
| Өсүмдүк | 26 |
| Дарак | 26 |
| Акыл жүгүртүү | 49 |
| Нур | 49 |
| Жаза (жооп) | 117 |
| Кечирүү | (117х2) 234 |
| Жай-ысык | 1+4: 5 |
| Кыш-суук | 1+4: 5 |
| Шарап | 6 |
| Мас болуу | 6 |

| | |
|---|---|
| Бейиш | 77 |
| Тозок | 77 |
| Күн | 365 |
| Ай | 12 |
| Күндөр | 30 |
| Айткын | 332 |
| Айтышты | 332 |
| Жакшылар (Эбрар) | 6 |
| Жамандар (Фужжар) | 3 |
| Тил | 25 |
| Үгүт | 25 |

**Айткын: «Эгер бүт адам жана жин (коомдору) бул Куранга окшош бир китеп алып келүү үчүн чогулса, алардын бир бөлүгү бир бөлүгүнө жардам берсе да, ага окшош бир китеп алып келе (чыгара) алышпайт.» (Исра Сүрөсү, 88)**

# КУРАНДА 19 САНЫ

Курандын математикалык кереметинин дагы бир тарабы болсо, аяттардын ичине 19 саны коддолуп жайгаштырылган. Мүдессир сүрөсүнүн 30-аятында көңүл бурулган бул сан Курандын кээ бир жерлерине коддолгон. Мисал катары, төмөнкүлөрдү айтууга болот:

* Бисмиллахиррахманиррахим 19 тамга.

* Куран 114 (19х6) сүрөдөн турат.

* Биринчи түшкөн сүрө (96-сүрө) аягынан санаганда 19-сүрө.

* Курандын биринчи вахий кылынган аяттары 96-сүрөнүн алгачкы 5 аяты жана бул аяттар 19 сөздөн турат.

* Вахий кылынган алгачкы сүрө (Алак сүрөсү) 19 аяттан турат.

* Акыркы вахий кылынган сүрө, Наср сүрөсү 19 сөздөн турат.

* Ошондой эле, бул сүрөнүн Аллахтын жардамы жөнүндө сөз кылган биринчи аяты да 19 тамгадан түзүлгөн.

* Куранда 114 (19х6) бисмиллах бар. Бул 19дун 6 эсесине барабар.

* Куранда 113 сүрө бисмиллах менен башталат. Башында бисмиллах келбеген жалгыз сүрө – бул, 9-катардагы Тообо сүрөсү. Куранда бир гана Немл сүрөсүндө эки бисмиллах бар. Бул бисмиллахтардын бири сүрөнүн башында, экинчиси болсо 30-аятта орун алган. Бисмиллах менен башталбаган Тообо сүрөсүнөн баштап санаганыбызда, Немл сүрөсүнүн 19-катарда орун алганын көрөбүз.

* Тообо сүрөсүнөн 19 сүрөдөн кийин турган 27-катардагы Немл сүрөсүнүн башында жана 30-аятында бисмиллах бар. Ошентип 27-сүрөдө эки бисмиллах орун

алган. Бисмиллахтарды 114кө толуктаган – бул, 27-сүрөнүн 30-аяты.

* Сүрө жана аят номерлерин, т.а. 27 менен 30ду кошкондо, 57 (19x3) санын алабыз.

* Тообо сүрөсүнөн (9) Немл сүрөсүнө (27) чейинки сүрө номерлерин кошсок, (9+10+11+12+13+14+15+16+17+18+19+20+21+22+23+24+25+26+27=) 342 чыгат. Бул болсо 19дун 18 эсесине барабар.

* Номери 19 жана 19дун эсеси болгон аяттардагы Аллах ысмынын жалпы саны 133кө (19x7) барабар.

* «Жалгыз», «бир» деген мааниге келген «вахид» («и» тамгасы окулуп жатканда кошулат) сөзүнүн эбжед (абжад) мааниси (арап тилинде ар бир тамгага белгилүү бир сан туура келет, сөздөгү тамгалардын ошол сандык маанилеринин суммасы сөздүн эбжед маанисин билдирет) 19ду түзөт. Куранда бул сөз бир тамак түрү, бир эшик деген сыяктуу сөз айкалыштары катары да колдонулган. «Жалгыз Аллах» деп болсо 19 жолу колдонулган.

* 19 жолу «вахид» деген сөз айтылган аяттардын сүрө жана аят номерлеринин суммасы: 361 (19x19).

* «Бир гана Аллахка ибадат кылгыла» деген сөздүн арапчасы «вахдаху» 7:70, 39:45, 40:12, 40:84 жана 60:4 номерлүү аяттарда кездешет. Бул сандарды кайталабастан суммаласак, 361 (19x19) санын алабыз.

* Биринчи башталгыч тамгалардан (алиф, лам, мим; Бакара сүрөсү, 1-аят) акыркы башталгыч тамгаларга (нун; Калем сүрөсү, 1-аят) чейинки аяттардын саны 5263кө (19x277) барабар.

* Башталгыч тамгалар болгон биринчи сүрө менен башталгыч тамгалар болгон акыркы сүрөнүн ортосунда башталгыч тамгалар болбогон 38 (19x2) сүрө орун алган.

* «Рахман» сөзү болсо Куранда 57 (19x3) жолу кездешет.

* Куранда 30 түрдүү сан айтылган. Курандагы бул сандардын баарын (кайталоолор эске алынбастан) кошуп чыкканыбызда, 162146 чыгат. Бул болсо 19дун 8534 эсесине барабар:

1+2+3+4+5+6+7+8+9+10+11+12+19+20+30+40+50+60+70+80+99+100+200+300+ 1000+2000+3000+5000+50000+100000=162146 (19x8534).

* Курандын эң башынан баштап караганда 19 аяттан турган биринчи сүрөсү Инфитар сүрөсү болот. Бул сүрөнүн дагы бир өзгөчөлүгү – анын акыркы сөзү Аллах. Бул, ошол эле учурда, Раббибиздин «Аллах» деп эскерилген Курандагы аягынан караганда 19-ысмы.

* Сүрө номерлери 19дун эсеси болгон сүрөлөрдүн аяттарынын санын (бисмиллах кошо) суммалаганыбызда:

19 x 1

19 x 2

19 x 3

19 x 4

19 x 5

19 x 6

**СҮРӨЛӨРДҮН НОМЕРЛЕРИ:**

19-сүрө

38-сүрө

57-сүрө

76-сүрө

95-сүрө

114-сүрө

**АЯТТАРДЫН САНЫ:**

99

89

30

32

9

7

**Жалпысы** 266 (19x14) чыгат.

* «Каф» тамгасы менен башталган 50-сүрөдө 57 (19x3) даана «каф» тамгасы бар. Башында «каф» тамгасы жайгашкан 42-сүрөдө да кайра эле 57 (19x3) даана «каф»

тамгасы орун алган. 50-сүрөнүн 45 аяты бар. Бул экөөсүн кошсок, 95 (19x5) чыгат. 42-сүрөнүн 53 аяты бар. Буларды кошсок 42+53 да, кайра эле 95 (19x5) чыгат.

* Каф сүрөсүнүн биринчи аятында Куран жөнүндө айтылган «Межид» сөзүнүн эбжед мааниси 57ге (19x3) барабар. Жогоруда айтылгандай, бул сүрөдө «каф» тамгалары да 57 жолу кездешет.

* Каф сүрөсүндөгү «каф» тамгалары кездешкен аяттардын номерлерин суммаласак, 19дун 42 эсеси болгон 798 санын алабыз. 42 саны болсо башталгыч тамгаларынын арасында «каф» тамгасы кездешкен башка бир сүрөнүн катар номери.

* «Нун» тамгасы бир гана 68-сүрөнүн башында орун алган. Бул сүрөдөгү «нун» тамгаларынын жалпы саны 133тү (19x7) түзөт.

Буга байланыштуу дагы төмөнкүдөй жагдайлар бар: Куранда;

* «Расул» (элчи, пайгамбар) деген сөз 513 (19x27) жолу,

* «Этиу» (моюн сунгула) деген сөз 19 жолу,

* «Раб» (камтылган формада колдонулгандардан тышкары) деген сөз 152 (8x19) жолу,

* «Абд» (кул), «абид» (кулчулук кылган киши) жана «ибадат» деген сөздөр болсо жалпысынан 152 (8x19) жолу кездешет.

**Бул Куран Аллахтан башка бирөө тарабынан жалган катары ойлоп чыгарылган эмес. Бул мурункуларды тастыктоочу жана Китепти терең түшүндүрүп берүүчү. Мында эч шек жок, (бул) ааламдардын Раббисинен (келген). Же болбосо: «Муну өзү жалгандан ойлоп тапты» деп жатышабы? Айткын: «Ушуга окшогон бир сүрө алып келгиле жана эгер чынчыл болсоңор, Аллахтан башка чакыра алганыңарды(н баарын) чакыргыла.» (Йунус Сүрөсү, 37-38)**

(Тереңирээк маалымат үчүн караңыз: *Курандын кереметтери,* Харун Яхья-Аднан Октар)

# ДАРВИНИЗМДИН КЫЙРАШЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жашоонун бир Жаратуучу тарабынан жаратылганын четке кагуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. «Жандуулар жансыз заттардан өзүнөн-өзү, кокустан пайда болушкан» деген бул теория ааламда жана жандууларда абдан так бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши жана эволюциянын эч качан болбогонун көрсөткөн 450 миллионго жакын фоссилдин табылышы менен бирге жокко чыгарылды. Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Жаратуучу жараткан деген чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, эң чоң калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин көрсөттү жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан айтылууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүп, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу» (креационизм) аркылуу түшүндүрүшүүдө.

Эволюция теориясынын кыйраганын жана Жаратылуунун далилдерин көптөгөн эмгектерибизде бүт илимий тараптары менен карадык жана кароону улантуудабыз. Бирок бул өтө маанилүү тема болгону үчүн бул жерде да кыскача токтоло кетүү керек.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири тарады. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган «*Түрлөрдүн келип чыгышы*» аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Жаратуучу тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу боюнча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги *«Теориянын кыйынчылыктары»* аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроолорго жооп бере алган эмес.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнүн тескерисинче, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетка кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылган жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издери фоссил булактарынан табылган жок деген суроолор теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда калп «эволюция процессинин» алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Ал «алгачкы клетка» кантип пайда болгон?

Эволюция теориясы Жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, «алгачкы клетка» эч кандай проект, план жана жөнгө салуусуз, табият мыйзамдарынын натыйжасында кокустан пайда болгон дейт. Башкача айтканда, бул теория боюнча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында бир клетканы пайда кылышкан. Бирок бул эң негизги биология мыйзамдарына да карама-каршы келет.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй түзүлүшкө ээ деп ойлогон. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтандуу генерация» (өзүнөн-өзү пайда болуу) теориясы боюнча, жансыз нерселер кокустан чогулуп, жандуу бир нерсе пайда кыла алат деген ишеним бар болчу. Ал кезде коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири тараган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай коюп, бир аз күтсөк ал аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдошкон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү пайда болбойт, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгат.

Дарвин «*Түрлөрдүн келип чыгышы*» аттуу китебин жазган учурда бактериялар жансыз нерселерден пайда болот деген ишеним илим дүйнөсүндө кеңири тараган эле.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер көптөгөн аракеттерди жасап, эксперименттер жүргүзгөн соң мындай деген:

*«Жансыз заттар жашоону пайда кылышы мүмкүн деген көз-караш эми толугу менен тарыхка көмүлдү.» (Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, New York: Marcel Dekker, 1977, p. 2)*

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин ачылыштарына көп жылдарга чейин каршы турушту. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн көрсөткөндө, жашоонун өзүнөн-өзү келип чыкпашы айдан ачык болуп калды.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары айткан көптөгөн тезистери аркылуу жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасаган. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип моюнга алууга мажбур болгон:

*«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.» (Alexander I. Oparin, Origin of Life, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), p.196)*

Опариндин жолун ээрчиген эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттерди жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Стэнли Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында болгон деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен белоктордун түзүлүшүндө колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (аминокислоталарды) синтездеген.

Ал жылдары эволюциянын маанилүү бир көрсөткүчүндөй кабыл алынган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан такыр башкача экендиги көп өтпөй белгилүү болгон. *("New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", Bulletin of the American Meteorological Society, 63, November 1982, p. 1328-1330)*

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган. *(Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, p. 7)*

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бою уланган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу геохимик Джефри Бада эволюционисттердин Earth журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

*Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргендеги эң чоң чечилбеген маселебиз алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды? (Jeffrey Bada, Earth, February 1998, p. 40)*

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык туюкка кабылышына эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуш татаал түзүлүштө болушу себеп болду. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүнкү күндө адамзат дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттарды чогултуп, жандуу бир даана клетканы да, ал тургай, клетканы түзгөн бир даана белокту да жасай албай жатат.

Бир клетканын пайда болушу үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Бирок муну тереңирээк кароонун да кажети жок. Себеби эволюционисттер клетка этабына келгенге чейин эле туюкка камалышат. Себеби клетканын курулуш материалдарынын бири болгон белоктордун бир даанасынын да кокустан пайда болуу ыктымалдыгы математикалык жактан «0»гө барабар.

Мунун эң негизги себептеринин бири, бир белок пайда болушу үчүн башка белоктор да болушу керек; бул бир белоктун кокустан пайда болуу ыктымалдыгын толук жокко чыгарат. Ошондуктан ушул илимий чындыктын өзү эле эволюционисттердин кокустук түшүнүгүн эң башынан жок кылууга жетиштүү болот. Бул өтө маанилүү бир жагдай болгону үчүн кыскача токтоло кетели,

1. Ферменттерсиз белок синтезделе албайт жана ферменттердин өзү да белок.
2. Бир даана белок синтезделиши үчүн 100гө жакын белок кызмат кылышы керек. Ошондуктан белок пайда болушу үчүн башка белоктор керек болот.
3. Белокторду синтездеген ферменттерди ДНК өндүрөт. ДНК болмоюнча белок синтезделе албайт. Ошондуктан белок пайда болушу үчүн ДНК да керек.
4. Белокту синтездөө процессинде клеткадагы бүт органеллдер маанилүү кызматтарды аткарышат. Б.а. белок пайда болушу үчүн толук кандуу жана бүт тетиктери иштеген бир клетка бүт органеллдери менен бирге бар болушу керек.

Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоо каражаты болуп саналат. Эсептөөлөр боюнча, адамдын ДНКсындагы маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500 беттен турган 900 томдук бир китепкананы түзөт.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК бир канча атайын белоктордун (ферменттердин) жардамы менен гана жуптала алат. Бирок бул ферменттер да ДНКдагы маалыматтардын негизинде гана синтезделе алат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарат. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific*

*American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча моюнга алат:

*Түзүлүшү абдан комплекстүү болгон белоктордун жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустан пайда болушу – ыктымалдуулуктан өтө алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эмес деген жыйынтыкка барууга мажбур болууда.* *(Leslie E. Orgel, The Origin of Life on Earth, Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78)*

Эч күмөнсүз, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоонун жаратылганын кабыл алуу керек. Бул чындык жаратылууну (натыйжада Аллахты) жокко чыгарууну көздөгөн эволюция теориясын толугу менен четке кагат.

## Эволюциянын ойдон чыгарылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку, теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүүдөн келип чыкты.

Дарвин эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да апачык көрүнүп турат: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшүндө табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулар аман калат деген көз-карашка таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашай алат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга, айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизминин эч кандай эволюциялык күчү жок. Дарвин да бул чындыкты билчү жана «*Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу» китебинде *«Пайдалуу өзгөрүүлөр келип чыкмайынча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»* деп айтканга мажбур болгон. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, p. 189)*

## Ламарктын таасири

Анда, мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип келип чыкмак? Дарвин ошол учурдагы примитивдүү илим түшүнүгү менен бул суроого Ламаркка таянып жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган француз биолог Ламарктын ойу боюнча, «жаныбарлар денесинде келип чыккан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берип, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөрдүн натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болот» эле. Мисалы, Ламарктын ойу

боюнча, «жирафтар жейрендерден пайда болгон, бийик дарактардын жалбырактарын жегенге аракет кылып жатып, урпактан урпакка моюндары узарып кеткен».

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдарды келтирген. Мисалы, «*Түрлөрдүн келип чыгышы*» аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланган деп айткан. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, p. 184)*

Бирок Мендель ачкан жана 20-кылымда өнүккөн генетика илими менен тастыкталган тукум куучулук мыйзамдары «денеде келип чыккан өзгөрүүлөр урпактарга берилет» деген жомокту толук четке какты. Натыйжада табигый тандалуу «бирден бир» жана толугу менен натыйжасыз бир механизм болуп калды.

## Неодарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалдан чыгуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн (заманбап) синтетикалык теорияны» же болбосо кеңири тараган ысмы менен неодарвинизмди чыгарышты. Неодарвинизм табигый тандалууга «пайдалуу өзгөрүүнүн себеби» катары мутацияларды, б.а. жандыктардын гендеринде радиация сыяктуу тышкы факторлор же копиялоо катасы себептүү келип чыккан бузулууларды кошту. Бүгүнкү күндө илимий жактан жараксыз экенин билип туруп, дагы эле дарвинисттер неодарвинизм моделин жакташат. Бул теория жер жүзүндөгү миллиондогон жандык түрлөрү, ал жандыктардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», б.а. генетикалык бузуктуктарга таянган бир процесс натыйжасында келип чыккан дейт. Бирок теорияны чарасыз калтырган апачык бир илимий чындык бар: **мутациялар организмдерди алдыга жылдырбайт, тескерисинче дайыма организмдерге зыян берет.**

Мунун себеби өтө жөнөкөй: ДНКнын түзүлүшү өтө комплекстүү. Бул молекулага болгон ар кандай туш келди таасир ага зыян гана алып келет. Америкалык генетик Б.Г. Ранганатан муну мындайча түшүндүрөт:

*Мутациялар кичине, стохастикалык жана зыяндуу болот. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир бербейт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүүгө себеп боло албашын көрсөтөт. Ансыз деле өтө өзгөчө бир организмдеги бир туш келди өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатынын өзгөрүшү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдык менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, аны кыйратат. (B. G. Ranganathan, Origins?, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988)*

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келээри аныкталды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги белгилүү болду. (Адамдарда

мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – бул рак оорусу). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми болбосо, анда «эволюция» деп аталган ойдон чыгарылган процесс да эч качан болгон эмес.

## Фоссилдер: өткөөл (ортоңку) формалардын жыты да жок

Эволюция териясы жактаган сценарийдин эч болбогондугун көрсөткөн эң негизги далил болсо – бул, фоссилдер (вулкан атылганда же башка себептен жаныбар, канаттуу же өсүмдүктөрдүн сакталып калган калдыктары).

Эволюция териясы боюнча, бардык жандыктар бири-биринен келип чыккан. Мурда бар болгон бир организм түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Бул теория боюнча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга созулган узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын көздөй уланган.

Андай болсо бул узун өзгөрүү процессинде сансыз көп «өткөөл формалар» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн замандарда балык өзгөчөлүктөрү бар туруп, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-канаттуу жашаган болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек. Эволюционисттер өткөн доорлордо жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды **«өткөөл (ортоңку) формалар»** деп аташат.

Эгер чындап эле мындай жандыктар өткөн замандарда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай, миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын фоссилдери сөзсүз табылмак. Дарвин «*Түрлөрдүн келип чыгышы*» китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

*Эгер теорияm туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп өткөөл (ортоңку) формалардын түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери фоссил калдыктарынын арасынан гана табылышы мүмкүн. (Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, p. 179)*

Бирок бул сөздөрдү жазган Дарвин мындай ортоңку формалардын фоссилдеринин эч табылбаганын да билчү. Бул жагдайдын териясы үчүн чоң бир туюк (тупик) экенин түшүнгөн. Ошондуктан, *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинин «Териянын кыйынчылыктары» (Difficulties on Theory) аттуу бөлүмүндө мындай деп жазган:

*Эгер чындап эле түрлөр башка түрлөрдөн акырын өнүгүү менен келип чыккан болсо,* ***эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл формаларды жолуктурбай жатабыз? Эмне үчүн табият бир хаос абалында эмес, толугу менен белгиленген жана орду ордунда? Сансыз ортоңку өткөөл форма болушу керек эле, бирок эмне үчүн жер бетинин сансыз көп катмарында көмүлгү абалда таппай жатабыз... Эмне үчүн ар бир геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар мындай звенолорго толо эмес?*** *(Charles Darwin, The Origin of Species, p. 172, 280).*

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабынан кемчиликтүү жандык фоссилдерин издешкени менен, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табылган жок. Казууларда жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер, эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойнуна алат:

*Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкты көрөбүз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз. (Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, 87, 1976, p. 133)*

Башкача айтканда, фоссилдер бардык жандуу түрлөрүнүн ортосунда эч кандай өткөөл форма жок экенин, баарынын кемчиликсиз бойдон пайда болгонун көрсөтүүдө. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы келет. Тагыраак айтканда, бул – бүт жандыктардын жаратылганын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрү башка бир түрдөн («атасынан») эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда келип чыккан болсо, анда ал түр жаратылган болот. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

*Жаратылуу жана эволюция – жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же бүтүндөй толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, келип чыккан болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук бойдон пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудуреттүү бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек. (Douglas J. Futuyma, Science on Trial, New York: Pantheon Books, 1983. p. 197)*

Фоссилдер болсо организмдердин жер бетинде кемчиликсиз жана толук бойдон пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, «түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, Жаратылуу.

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп адамдын пайда болушу жөнүндө сөз кылышат. Дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамдар маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан дешет. 4-5 миллион жыл мурда башталган деп болжонгон бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын «алгачкы маймыл сымал атасын» «түштүк маймылы» маанисине келген *«австралопитек»* деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Цукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө гана тиешелүү экенин жана адамдарга эч окшошпошун көрсөткөн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, p. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, 258, p. 389)*

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Алардын айтуусу боюнча, хомо сериясындагы жандыктар *австралопитектерден* көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «*Хомо сапиенске* баруучу чынжыр – иш жүзүндө жок» деп бул чындыкты кабыл алат. *(J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, December 1992)*

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп тизип, бул түрлөрдүн биринчисин кийинкисинин атасындай көрсөтүшөт. Чындыгында болсо, палеонтологдордун акыркы табылгалары *австралопитек, хомо хабилис* жана *хомо эректустун* дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү. *(Alan Walker, Science, 207, 1980, p. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, New York: J. B. Lipincott Co., 1970, p. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, p. 272)*

Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашап, *хомо сапиенс неандерталец* жана *хомо сапиенс сапиенс* (азыркы адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан. *(Time, November 1996)*

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стивен Джей Гулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул туюкту (тупикти) мындайча баяндайт:

*Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү геминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын биринин экинчисинен келип чыкпагандыгы анык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөйт. (S. J. Gould, Natural History, 85, 1976, p. 30)*

Кыскасы, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактап калууга аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана. Бул теманы көп жылдар бою изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жүргүзгөн Англиянын эң атактуу жана белгилүү илимпоздорунун бири Лорд Солли Цукерман, эволюционист болгонуна карабастан, «маймыл сымал жандыктардан адамга чейин уланууч чыныгы бир санжыра дарагы жок» деген жыйынтыкка барган.

Цукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчүн (шкаласын)» даярдаган. Илимий деп кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарын көздөй бир тизме түзгөн. Цукермандын бул таблицасы боюнча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Цукермандын ойу боюнча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» турат! Цукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

*Объективдүү чындыктын чегинен чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдар бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн. (Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, p. 19)*

«Адамдын эволюциясы» жомогу теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын табылган кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай чечмелешинен гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Эволюция теориясы жашоо (жандыктар) кокустан пайда болгон дейт. Ошондуктан бул акылга сыйбас көз-караш боюнча, жансыз жана аң-сезими жок атомдор чогулуп алгач

клетканы пайда кылып, анан ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды пайда кылышкан. Эми ойлоп көрөлү: организмдин негизги материалдары болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди топтосок бир атом жыйындысы келип чыгат. Бул жыйынды кандай гана процесстен өткөрүлбөсүн, бир дагы жандыкты пайда кыла албайт. Кааласаңыз, бул боюнча бир «эксперимент» жасап, эволюционисттер жактаган, бирок ачык айта албаган көз-карашты алардын атынан «дарвиндин формуласы» деп карап көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн чоң идиштердин ичине организмдин түзүлүшүндөгү фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай, кадимки шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болушун каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча аминокислота, каалашынча белок да кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн эң алдыңкы илимпоздорун коюшсун. Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай, триллиондогон жылдар бою идиштердин башында туруп күтүшсүн.

Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин пайда кыла алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да ала алышпайт.

Кыскасы, аң-сезими жок атомдор чогулуп клетканы пайда кыла албайт. Анан дагы бир чечим алып, бир клетканы экиге бөлүп, анан катары менен башка чечимдерди алып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өзүнүн клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп менен изилдеген профессорлорду пайда кыла алышпайт. Затка Улуу Аллахтын жаратуусу менен гана жан кирет.

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо акылга такыр сыйбайт. Эволюция айткан көз-караштар жөнүндө бир азга эле ойлонуу, жогорудагы мисалдан көрүнүп тургандай, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч түшүндүрө албаган дагы бир нерсе болсо – бул көз менен кулактын өтө жогорку сапаты.

Көз темасына өтүүдөн мурда «кантип көрөбүз?» деген суроого кыскача жооп берели. Бир телодон келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылып,

мээнин арт жагындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылымдын технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык тунук сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган тунуктук жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай тунук, даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, анан колуңуздагы китепти бир карап салыштырып көрүңүз. Экөөнүн арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты жагынан чоң айырманы байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү сүрөттөлүштү гана көрсөтөт, көзүңүз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрсөтөт.

Көп жылдар бою он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштүн сапаты, тунуктугу төмөндөйт.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана тунук сүрөттөлүштү пайда кылуучу механизмди кокусунан пайда болгон дейт. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулуп, бул сүрөттөлүштү пайда кылуучу каражатты (телевизорду) пайда кылды десе сиз кандай ойго келесиз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, анда көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы анык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакаторунун жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процесси сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырт болот. Анткен менен, мээде эң тунук үндөрдү угабыз. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткан болот.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бою ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары – бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок ушунча технологияларга, ал технологияда иштеген миңдеген инженер жана адистерге карабастан, кулактай тунук жана сапаттуу бир үндү ала алышкан жок. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шуулдоо (шум) пайда болот же музыкалык борборду иштеткенде, музыка баштала электе эле бир шуулдоону угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан тунук жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шуулдоону пайда кылбайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул нерсе адамзат жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулактагы сапатка жете алган жок. Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, мындан тышкары, абдан маанилүү дагы бир чындык бар.

## Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринен бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтарды таба аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге да муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээнин ичиндеги бир канча см3дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголонушу керек.

## Материалисттик ишеним (дин)

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий ачылыштарга толук карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү көз-карашы илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан болбогонун көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Мунун себеби эмнеде?..

Мунун себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо бирден-бир материалисттик көз-караш катары жакташат.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

*Биздин материализмге болгон бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөнү материалисттик түшүрдүрүүгө мажбурлаган нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөнү материалисттик түшүндүрө турган изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Теңир менен байланыштуу бир түшүндүрмөнүн пайда болушуна жол бере албайбыз. (Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 January 1997, p. 28)*

Бул сөздөр дарвинизмдин материалисттик философияны тутунуу үчүн сакталып турган бир догма экенин апачык көрсөтөт. Бул догма «заттан башка эч нерсе жок» деп эсептейт. Ошондуктан жансыз, аң-сезими жок зат жашоону пайда кылган деп ишенет. Миллиондогон түрдүү жандык түрлөрүн; мисалы, канаттууларды, балыктарды, жирафтарды, кабыландарды, курт-кумурскаларды, дарактарды, гүлдөрдү, киттерди жана адамдарды заттын өзүнүн ичиндеги факторлордун, б.а. жааган жамгырдын, чагылгандын натыйжасында жансыз заттан пайда болгон деп эсептейт. Бирок бул көз-караш акылга да,

илимге да туура келбейт. Бирок дарвинисттер Аллахтын бар экенин кабыл албоо үчүн бул акылга жана илимге туура келбеген көз-караашты, караңгылык менен жакташууда.

Жашоонун келип чыгышын материалисттик бир стереотип менен карабаган адамдар болсо чындыкты көрүшөт: бүт жандыктар өтө кудуреттүү, илими, акылы чексиз бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бүт ааламды жоктон жаратkan, эч кемчиликсиз кылып тартипке салган жана бүт жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң күчтүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала стереотипсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, акылы менен логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын чындыктан өтө алыс бир түшүнүк экенин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсок, булардын аралашмасынан убакыттын өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Фрэнк Синатра, Чарлтон Хестон сыяктуу искусство инсандары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишет. Болгондо да, мындай акылга сыйбас пикирге илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар ишенишүүдө. Ошол себептен, эволюция теориясын «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» деп атоо туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын адаштырган, акыл жана логика менен ойлонушуна жол бербей, көздөрүнүн алдына бир парда сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүшүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул байыркы египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан алда канча кооптуу жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында мындай акылсыздыкка Аллах Куранда ишарат кылган. Аллах кээ бир адамдардын аң-сезиминин жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Эч күмөнсүз, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө тосмолор бар. Жана алар чоң азапка кабылышат. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**…Жүрөктөрү бар, бирок аны менен андап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар**

**сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар. (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах Хижр Сүрөсүндө болсо мындай адамдардын кереметтерди (мужиза) көрсө да, ишенбей турганын төмөнкүчө кабар берет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачып, ал жерден жогору көтөрүлүшсө да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып коюлду, балким бизди сыйкырлап коюшту окшойт» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турганчалык таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын эч ыктымалсыз сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жаратканына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда атеисттик философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын сыйкыр жолу менен адамдарга таасир берээрин Аз. Муса (ас) менен фараондун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге кабар берет. Аз. Муса (ас) фараонго акыйкат динди айтып бергенде, фараон Аз. Мусага (ас) өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз. Муса (ас) сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «чеберчилигиңерди» көрсөткүлө дейт. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келишти. (Араф Сүрөсү, 116)**

Көрүнүп тургандай, фараондун сыйкырчылары көз бойомочулуктар аркылуу –Аз. Муса (ас) менен ага ишенгендерден тышкары- бүт адамдарды сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаганына каршы Аз. Муса (ас) көрсөткөн далил алардын бул сыйкырын, аятта айтылгандай, «жутуп салган», б.а. жок кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) алардын бардык ойлоп тапкан нерселерин жутуп жатканын көрүштү. Ошентип**

**чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аяттарда да айтылгандай, андан мурда адамдарды сыйкырлап алдаган бул кишилер кылгандарынын бир көз бойомочулук экени белгилүү болгон соң, эл алдында уят болушкан. Азыркы күндө да сыйкыр жолу менен илимди жамынып өтө тантык көз-караштарга ишенип, аларды жактоого өмүрүн арнагандар, эгер бул ишин токтотушпаса, чындыктар толук белгилүү болгондо жана «сыйкыр бузулганда» уят болушат. Болжол менен 60 жашына чейин эволюцияны жактап, атеист бир философ болгон, бирок андан соң чындыктарды көргөн Малькольм Маггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте түшө турган кейпи жөнүндө мындай дейт:

***Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим.*** *Келечек урпактар мынчалык негизсиз жана белгисиз бир гипотезанын кантип кабыл алынганына таң калышат. (Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, p.43)*

Бул күндөр алыс эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» кудай (жаратуучу) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын түшүнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенине таң калышууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай илимибиз жок. Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү, өкүмдар жана даанышмансың.»**

**(Бакара Сүрөсү, 32)**

**Сиз кимсиз жана бул дүйнөдөгү жашооңуздун максаты эмне? Сизди ким пайда кылды, кемчиликсиз, келбеттүү денеңизди ким жаратты? Бүт адамдарды жана бүт ааламды ким жараткан? Алардын баарын эмне максат менен жараткан жана сизден эмнени каалайт? Көп адамдар бул суроолор жөнүндө жакшылап ойлонбостон өмүрүн өткөрүшөт. Ойлорун бул суроолор эмес, кечинде жей турган тамагы, валюталардын курстары, сүйгөн кыз же жигити, келечек жөнүндөгү тынчсыздануулары жана ушул сыяктуу нерселер ээлейт. Бирок ойлорун алагды кылган бул нерселердин баары бир канча он жылдан соң, адамга өлүм келгенде, эч маанисиз болуп калат. Адамдын өлүмдөн соң, түбөлүктүү өмүр сүрө турган мекени, жогорудагы суроолордун негизинде, өмүрүн кантип өткөргөнүнөн көз-каранды болот.**

**Бул суроолордун эң туура жоопторун берген жападан жалгыз булак болсо – бул, адамдарды жана бүт ааламды жараткан, баарыбыздын Раббибиз, Аллах түшүргөн китеп Курани Керим жана Пайгамбарыбыздын (сав) хадистери. Колуңуздагы бул китеп адамдарды ойлонуудан качкан кээ бир суроолор жөнүндө ойлонууга чакырып, Куранда берилген жоопторду баяндайт. Жана, ар бир инсан бул суроолордун адамдарга орчундуудай сезилген бүт нерселерден алда канча олуттуу экендигин билиши зарыл.**

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ

**Харун Яхья деген атты колдонгон Аднан Октар 1956-жылы Түркиянын Анкара шаарында төрөлгөн. 1980-жылдардан бери ыймандык, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектерди жазган. Мындан тышкары, автордун эволюционисттердин көз бойомочулуктарын, көз-караштарынын жараксыздыгын жана дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон тымызын байланыштарын ачып көрсөткөн өтө маанилүү эмгектери бар.**

**Автордун бүт эмгектериндеги негизги максат – бул Куранды дүйнөгө жеткирүү, жана натыйжада адамдарды Аллахтын бар экени, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыймандык темалар жөнүндө ойлонууга чакыруу жана атеисттик системалардын чирик пайдубалдарын жана туура эмес иш-аракеттерин көз алдыга тартуулоо. Автордун бүгүнкү күнгө чейин 73 тилге которулган 300дөн ашуун эмгеги дүйнө жүзүндө өтө көп окурмандар тарабынан окулууда.**

**Харун Яхья эмгектер жыйнагы, Аллахтын уруксаты менен, 21-кылымда дүйнө жүзүндөгү бүт адамдардын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик менен тынчтыкка, чынчылдык менен адилеттүүлүккө, сулуулук менен бактылуулукка жетишине бир себепчи болот.**